Токтош Абдиева

# МИНОРДУК НОТАЛАР

МИНОРДУК НОТАЛАР
Токтош Абдиева

84Ки7
А-13

Токтош Абдиева

# МИНОРДУК НОТАЛАР

*Ой толгоолор, аңгеме-эсселер, ырлар*

ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА им. В. И. ЛЕНИНА
№ 269362

«Бийиктик»
Бишкек – 2006

УДК 82/821
БКК 84 Ки 7-4
А – 13

Абдиева Токтош.
А–13 Минордук ноталар: Ой-толгоолор, аңгеме-эсселер, ырлар. – Б.: «Бийиктик», 2006. – 186 б.

ISBN 9967-13-195-0

Жазуучу Т.Абдиева буга чейин эле элибизге «Жээк», «Үчүнчү муун», «Алай күндөлүгү», «Кырчын курак» сыяктуу аңгеме, повесттери менен белгилүү. Окурмандарга сунушталып жаткан бул китебинде адамга өзгөчө таасир этүүчү поэзиянын тили менен көркөм чагылдырылган философиялык ой толгоолору, аңгеме-эсселери, ырлары тартууланды.

А 470230000-06

ISBN 9967-13-195-0

УДК 82/821
ББК 84 Ки 7-4

© Абдиева Т., 2006.

## ЖАНДҮЙНӨ КАЙРЫКТАРЫ

*Белгилүү жазуучу кызыбыз Токтош Абдиева бул сапар чыгармачылык дараметинин жаңы кырларын ачып, окурмандары менен жаңыча маанайда кездешип отурат.*

*«Тирүүлүк» аталган аңгеме-эсселер топтому турмуштук тажрыйбасынын бийиктигинен туруп, өзү көрүп-байкаган көрүнүштөрдөн улам пайда болгон ички маанайларын лирикалык ачкыч аркылуу образдуу чагылдырганы жана окурмандарын да кошо ойлонууга,. сырдашууга чакырганы автордун ийгилигинин айкын күбөсү.*


*Автор өзүнөн мурда деле көп айтылып, жазылып келаткан түбөлүктүү темалар – жамандык-жакшылык, ак ниеттүүлүк-караниеттик, өмүр-өлүм, күн-түн сыяктуу эзелтен тиктешип, тирешип келаткан антиподдор тууралуу ой толгоп, бирок аларды өздүк ойлоо элегинен өткөрүп, өзүнчө боёктор менен байытып, графикалык стилде бүгүнкү күндүн көйгөйү менен сапырыштырып чагылдыргандыгы азыркы окурмандардын да маанайына төп келип, аларды жаңыча ойлонууга, пастыктан жогору көтөрүлүүгө чакырык салат. Эң негизгиси – автор көп нерсени комуского калтырып, философиялык ой топтомдорун окурмандардын өзүнө калтырганы нукура чеберчиликтин белгиси.*

*Ал эми «Минордук ноталар» ыр топтомдору да жогоруда аталган маанайларды сезимге, акылга өзгөчө таасир этүүчү поэзиянын кудурети менен чагылдырган. Бу сапар Токтош Абдиева акын айым катары чыгып, салттуу ыр формасы менен профессионал поэзиянын көркөм каражаттарын синтездештирип, окурмандары менен ачык-айкын сырдаша алат.*

*Анда эмесе, эмки сөздү окурманга жолдойлу!*

***САНАРБЕК КАРЫМШАКОВ***
***Филология илимдеринин кандидаты, профессор.***

# АҢГЕМЕ-ЭССЕЛЕР, ЫРЛАР



## ТИРҮҮЛҮК

Тирүүлүк – ээси белгисиз эзелки араба. Өмүр – ал арабадагыларды жылт эте кумардантып, каш кагымда кайкып өтчү ыйык нур. Акактана үлбүрөгөн ыйык нур арабадагыларды умсундура жылытып-жылытпай, салаалана закымдайт. Миңдеп доорлор алмашат. Арабага улам жаңы түшкөндөр өздөрүн анын ээси сезет. Арабага баары бир. Жыкжыйма адамдарды ичине батырат да сырын эч кимге айтпай, оолжуй-чоолжуй кылдырттап жыла берет. Адамдардын бөөт-чөөт, тайгак жолдордо жүрөгүн дөңгөлөктөрдүн астына төшөгөнү, сазга батканы, тулкуларын күн жеп же баштарын кар тозондоруна тоскону түйшөлтпөйт. Ашмалтайланып бүткөн. Кете берет, каалаганындай калдырттап. Адам арабаны жакшы жүрсүн деп айланкөчөк ата майлап-сүттөйт. Башмалдак урат. Башмалдак уруп атып, өмүр нурунун маңдайында балкыган учурун байкабай өткөрүп жиберет. Бели сыздап, баш көтөрсө энчисине ың-жыңсыз уюлгуган чаң гана тийгенсип, ал сурдана туңгуюктап, үздүктүрө матайт. Адамдын үрөйү учат. Ооба, «жашоом эми баштадды» деген тыянакка келгенде, өмүр аны жалдыратып туруп эле кашайтат. Араба заматта дөңгөлөктөрүн ажайып чимирилте күндүн жамалында, аванын тутумунда, агын сууга үзөңгүлөш зуулдап кете берет... Аттиң... Ага кайра толчулар бар...

Жаңы адам арабаны өзү тарткысы, тейлегиси келет. Дүмүрөндөп, каамыт жасайт. Каамытын мойнуна ниймейип-чиймейип атып, өзү кийгизет. Урунуп-беринет. Жолдун түзүн тандайт. Айдынды көздөп, тизгинин ошол жакка бурам деп, жиниксе да араба өзүнүн

салттуу изинен чыкпайт. Карч-курч эте мелтейгени мелтейген, эзгени эзген. Кээде майга жуурулгандай жыпылдайт. Адам акыры жеңдим деп дердейе, демдене түшөт. Гүл турмуш көпкө созулбайт. Дөңгөлөк жыпылдап баратып эле жыланды бутка оройт. Жылан чоңбу, кичинеби кандай болсо да муздак, сүрдүү. Баш сөөктү каалашындай уялайт. Адам ичиркене солкулдайт. Мурда өзүн канагаттандырбаган жылуулуктун баасы ушул тапта өлчөөсүз бийиктеп, көз тунартат. Бармагын тиштейт. Каамыт алкымын кыса демиктирип, ок жыгачтар кабыргаларын капшыра кан кустурат. Бирок Адам тостойгон каректерин горизонттук сызыкка кадап, өжөрдөнө кыйкандап жыла берет. Анткени али тирүү... Ит жандуу... Жыла берет...

***14.11.1996.***

## БАЛАЛЫК

Бала чагымда кышкысын жалтыраган көк музду самачумун. Кар көпкө жаабай калганда көк муз кайкып, көздөн уччу. Үйүбүздөн алыс эмес өстөндүн кечүүсүндө муз пайда болуп, ага бутум тийгенде өзүмдү бактылуу сезчүмүн. Асмандагы куш да, шуулдаган шамал да мага жетпей калчу. Зуулдап, дуулдап учуп баратканымда аппак кар мага суктанганынан ого бетер жылдыздана жымыңдачу. – Муз бол! Сен да муз бол! – дечүмүн кубанычым койнума батпай. Ах-х, ырахат эле!

Айрым учурда муз үстүнөн чокоюмдун таманы тешилип, чылгоом кылайчу. Бутумдун ысык илеби кайтелек чылгоом муз эрите тоңо калып, жыртыкка шынаадай кептелип калчу. Бутум суукту тоготпой балкылдай ысычу. Ах-х, керемет эле!

Суй жыгылганымда үйгө кирип, чокоюмду ирегеге калтырып, коломтону беттей отурганымда буттарым оттун табынан ого бетер чоктой кызарып денеме батпай ойдолочумун. Ах-х, балалык ай!

Азыр көк муздан четтей басып, кара жерге жакын болуп бараткан учурум...

***24.04.2001.***

# САНАК ЖЕТКИС АДАМДАРДЫН ЖҮРӨГҮ

Жашоону ким жеңил десе, ал адамдын өзү жеңил. Сүйүүнү ким жеңил десе, анын өзү жеңил. Өлүмдү ким жеңил десе, ал адамдын айтканы туура. Анткени өлүм бардык кесепеттерден куткарат. Өлөөр замат тандайы катып, тамчы суу издеп жиникпейт. Балдары үчүн башын кылычка тоспойт. Бирөөнүн кемсинткенине ичинен түтөп сыздап, сызгырылбайт. Өмүр! Өмүр! Өмүр! – деп өмөчөктөп боздобойт.

«Ушул чөлкөмдө бабаларыбыз жашаган экен», – дейт урпактары. Урпактары бабаларынын жүрөктөрүнө отүктөрүнүн такасын батыра чыкыйынан өнгөн гүлдү үзүп алышат да, шамал менен нөшөрдөн жышылган сомодой ташка таазим эте түбүнө коюшат.

Бул дүйнөнү кереметтентиш үчүн топуракка, топурактан Жерге айланабыз. Жер бизге чейин эле санак жеткис адамдардын жүрөгүнөн түптөлгөн. Ар бир пендении жүрөгү Жердин күрөө тамыры. «Кайда?», «Кайда?» – деп түмөндөгөн адамдар издей берчү мелтейген чындыктын түбүнө акыры жетээрибиз бышык. Чындыкка таарынууга сенин да, менин да акым жок.

*12.10.2000.*

# «МЕНДИН» ҮЧ ТҮРҮ

– Мен! Мен! Мен! – деген киши асманды карап, асмандап кыйкырып атып, күбүргө түшөт экен.

– Мен! Мен! Мен! – деген киши асманды карап, асмандап кыйкырып атып, мурадына жетет экен.

– Мен! Мен! Мен! – деген киши асманды карап, асмандап кыйкырып атып, коомду мүлжүйт экен.

*10.10.1991.*

## ТЕҢИРДИН КАЗЫНАСЫ

Теңир адам менен Жерди тутумдаштырып бир мезгилде жаратса керек. Себеби бирисиз биринин күнү жок. Жерсиз адамды элестетүү мүмкүн эмес. Демек, адам төбөсү булут жиресе да, таманы жер басарын унутууга акысы жок. Жер берген насипти да чөйрөсү менен бирге татуусу абзел. Анткени экөө тең Теңирдин казынасы.

*05.01.1995.*

## АЗГЫРЫКЧЫЛАРДЫН МЫЙЗАМЫ

Куранда: «Ким болочок өмүргө үрөн сепсе, биз анын тукумун көбөйтөбүз, а ким күнүмдүк өмүргө үрөн сепсе, – биз аны жайына коёбуз, бирок ал акыркы, узак жашоого акысы жок, келечектен үлүш бөлүнбөйт», – деп айтылат. Демек, жашоо маңызын ким кандай чечмелейт? Ким кандай үрөн себет? «Күндүк өмүрүң болсо, түштүгүңө жорго мин» – азгырыкчылардын мыйзамы, бир боорум! Азгырыкчылардын үрөнүн сеппей, болочокту ойло. Түбөлүктүүлүктү ойлоп сепкен ар бир тоголок дан урпактардын көзүн тойгузат. Өзүңдүн да көзүң тойгонун байкабай калба. Тойгонуңду жүрөгүң менен сез. Жүрөгүң сени тазалыкка таазим эттирип, түбөлүктүү жолго салат. Түбөлүктүү жол ыйык жана анын наркын эч нерсе менен өлчөөгө болбойт.

*06.01.1995.*

## УНУТПА

Адамдын өмүрү деңиз толкунундай. Толкун деңиздин жүрөк толтоосунан пайда болот да, шапатасы авага бүркүлө баба толкундарынын изин кубалайт. Из кубалоо – бабаларынын баркына, даңкына дем байлоо. Дем байлоо менен буркан-шаркан түшө бууракандайт, өксүйт, боздойт, тартылат, текеберденет, өжөрдөнөт. Өжөрдөнгөн сайын күчүнө ишенип, ченемсиз бийиктик-

ти беттей көжөлөнүп келатып, чөйчөктөй жээкке кантип согулганын билбей калат. Аттиң десең, жүрөктү опкоолжута, каректи дирилдетип, деңиз бетин тоо кылган эмелеки алп толкун кана? Аттиң, бири кем дүйнө... Бирок толкундун салты ушул. Күкүктөнө өжөрлөнүп, из кубалаганына каниет.

Аалам адамы менен, деңиз толкуну менен өлбөс да татаал, жөнөкөй. Жаралган нерсенин эч качан жоголбосун унутпа.

***06.01.1995.***

## ТҮНКҮ БОРООН

Дүйнөнүн сулуулугу каректен жүрөккө өтөт. Жүрөк каалаганын тандайт. Шаардыктарга чөйрө тар. Ошондуктан дүрдүйүм кооздуктагы кылкылдаган мейкиндикке сугула албасам да, өзгөчө кеч күздө бирөө чакырып аткандай балконго бат-бат чыгам. Бет аарчыдай короодогу бак-дарактарга суктанам. Дарактардын ичинен илмейген бир түп кайыңды өзүмө жакын тутам. Кайың сопөйгөн кызгылт сары жалбырактарын бүрүштүрө акыркы демин тартып аткансыйт. Ошентсе да көзгө сүйкүм, татына.

Бир түнү кабат-кабат үйлөрдөн буюккансып, жиндене бороон улуду. Үйдүн чатырын жапкан темирлер мыгынан суурулчудай далпылдап, терезенин айнектери корккондой кылдырттап атты. Кооптонуп жатып, уктап калыптырмын. Эртең менен балконго чыксам ачкачылык каптагандай бак-дарактардын сөңгөктөрү бозоро тыртайып, короо томсорот. Жетим жалбырактар бирин бири жечүдөй уюлгуп, жерде жатат. Кызгылт сары жалбырактуу кайың да жылаңач. Жүрөгүм сыздай түштү. Батыш жактагы балконго чыктым. Көчө боюндагы теректер тоңуп калгансып зыңкыят. Жылжыган сыдырым бетке уруп, коюн-кончумду тинте чыйрыктырды. Балкондон тышка чыкканча малтай басып кыш келет...

***08.11.1996.***

## АБА ЫРАЙЫ ЖАНА АДАМ

Аба ырайы кем-карчсыз толукшуган ачык асман алдында адам агынан жарыла боорукер жана кайрымдуу болот.

Катуу суукта чыйрыгып же өзгөчө ысыктан камыккан адам көп иштерин эртеңкиге, андан дагы эртеңкиге калтыра берет.

Мелүүн температура жыйынтыктуу иштөөгө көмөктөшөт.

Үлпүлдөгөн жумшак жел адамдын жандүйнөсүн козутуп, оюн-шоокко тартат.

Буурулданган боз салкын кош көңүлдүүлүккө багыттайт.

Шаңкайган ачык Күн, тунук асман астында адамда шык жаралып, чечкиндүүлүк менен иштейт. Чечилбей жаткан иштерин чечет.

Ың-жыңсыз түнөрө бүркөлгөн күн кооптонууну пайда кылат.

Жамгырдуу күн сүйүү сезимдерин ойготот. Кары, жаш дебей жакындарына болгон таарынычын унутат. Аларды көргүсү келип, кусаланат.

Адамдын коркок же жүрөктүү экенин күндүн күркүрөшүнөн, чагылгандын жаркылдашынан, тунжураган тынчтыктан билсе болот.

Биз, адамдар, аба ырайына жараша өзгөрүп тураарыбызды билүүгө тийишпиз. Бекеринен бабаларыбыз: «Асманыбыз ачык болсун», – деп, тилебегендир.

*30.04.2001.*

## МАЙДА ООКАТ

Эшикте туман. Туман менен ТЭЦтин оргуган кара түтүнү коюндашып кеткендей төбөдөн ныгыра басып, түнөрө бозоруп, оор. Анысы аздык кылгансып, билинбеген сыдырымы өпкөдөн өтөт. Мекенимдин кайсы бир бөлүгүндө, мүмкүн, күн чайыттай ачыктыр. Мүмкүн, айрым жерлерде кар лапылдата жаап аткандыр. Ким билет? Ким билет менен өмүрлөр учат. Учуп бараткан

өмүргө сайда турасыңбы, гүл бакчада жүрөсүңбү, баары бир беттегенинен жазбай уча берет. Менин үй кайтарган күндөрүм көп. Бүгүн да Сыдык менен Айжамалдын саат канчада келээрин билбей камалып отурам. Мындай учурда ден соолукту оору жегендей эле убакытты майда оокат жейт. Жасабай коюу мүмкүн эмес. Бардыгы керек. «Керек...» «Керек», – деп жанды мүлжүмөй. Кээде керектин шилисин тараганымда майда оокат түгүл өзүмө өзүмдүн керегим жок сыяктанат. Оюмду жыйынтыктап тобо келтирем. Жашоомо ыраазы болом.

Деги майда оокат деген эмне? Бүгүн эртең мененки чайдан кийин жалгыз калган соң майлыктарды, идиш-аяктарды, астана тактайларды жуудум. Жыгач буюмдардын чаңын сүрттүм. Артыкбаш бут кийимдерди тазалап, коробкаларга салдым. Өгүнчөрөөк бычып койгон көйнөгүмдү колго алдым. Кайра тикким келбей, ден соолуктарын сурамакка Зинакан эжеме, Райымбек абама, Орозганга телефон чалдым. Орозган састымоолоп атыптыр. Эжем дурусмун деди. Райымбек абам орозо кармаптыр. Алар менен сүйлөшүп бүткөн соң кыйла жумушту бүткөрүп койгонсуп, эч нерсеге табитим тартпай диванга жатып калдым. Мурда бир мүнөткө бош отурчу эмес элем. Кийинки күндөрү илең-салаңдыкка достоштум. Бирок убакытты маарап өткөргөнүмө ичим ачышты. Туруп көйнөктү кайра колума алдым. Кечке ушуну менен кармашам го, кыязы, түнү менен тигип бүтөм деп ойлодум. Аздан соң көйнөктү кайра таштап, ушуну жаздым. Жазгандан эмне пайда? Майда оокат деген ушул. Убакытты билинбей жеп коёт. Бардыгынан күчтүү. Адам төрөлгөндөн көзү өткөнчө майда оокаттын кулу болоору бышык.

*11.01.1997.*

## ЭРИШ-АРКАК БИР ИНСАН

Жер бетинде жарыкчылыктай акыйкат улуулук жок. Жарыкчылык кимсиң деп иргебейт. Менменсине кырданбайт. Тегинди тескебейт. Алдабайт. Кутун ак жарыла жандуу, жансызга бирдей чачат. Төрт мезгил жана анын кубулуштары жарыкчылыктын балдары

сымал. Кубулуштардын бири – жамгыр, албууттап төгөт, ичиркенте шыбыргактайт, аягы үзүлбөөчүдөй нөшөрлөйт, жылуу-жумшак себелейт. Удургуган кара булуттан сөгүлүп, жарыкчылыкта оюн салганына каниеттенет. Кандай маанайда болсо да жамгырдын мөлтүр, таза тамчысы адамдын сезимин ойготот. Толкутат. Элеп-желептентет. Чөгөрөт. Мемиретет. Апкаарытат. Алгоолошуунун негизинде Жер бетинде зор күч аталган адам жамгырдын шыбыртын тыңшай жеке кызыкчылыгынын тизгинин тартат. Асман бетин жиреген чагылган заматта түбөлүктүү уюгун тапкандай жамгыр да жоошуйт.

Адам менен жамгыр жарыкчылыкта өмүр кечиргенине тобо деп каниет кылып, теребелге суктары таркай электе экөө тең лып эте жерге сиңет. Бири жерден кайра обого көтөрүлөт. Бири кайра төрөлөт. Жарыкчылыктын бул энелиги кыямат кайымда да өз мыйзамын кебелбей сактайт. Себеби адам менен жамгыр жарыкчылыктын күрөө тамыры. Жарыкчылык менен жаратылыш эриш-аркак бир инсан.

*21.06.1998.*

## ЭКИ ӨМҮРДҮН БИРИН ТАНДА

Адамдын өмүрү учу-кыйырына көз жетпеген деңиздей чалкып, өрүштүү. Өрүштүн эки өңүрү бар. Биринчиси, жанды кайракка жонубай, калктын казынасынан устаттык менен пайдалануу. Экинчиси, деңиздин толкуну менен кармашып, кендир арканга колуңду жошолонто кемеде сүзүү.

Казынаны майкандагандар күнөстөн күнөс тандап, тушарына киши теңебей асманга кол сермейт. Максаты – адамдардан өзгөчөлөнүп туруш. Жерди таштуу, чаң деп жактырбайт. Деңизде сүзгөндөргө ичи тарып, алардын тирмийген түйшүгүн иттики деп табалайт. Жер шарына үстөмдүк кылууну эңсейт. «Душмандарынан» өч алгысы келет. Душманы курчап турган чөйрөсү. Деңиз ал үчүн түкүрүккө айланат. «Көрөгөч», «күчтүү». Арааны шамалдай аркырап, эч нерсеге алымсынбайт.

Өзүнөн чыккан түркөйлүгү аны сүйрөп жүргүсү келбей, сасыган балчыкка ыргытып таштайт. Балчык андан жийиркенсе да, жоготууну көздоп, ың-жыңсыз жутат.

Кемеде бараткандар жерди эңсейт. Анткени жер киндиги экенине көзү жетет. Жандуу, жансыздардын бардыгын өзүнө жакын тутат. Карганын канатынын бир талы көзүнө ыйык көрүнөт. Максаты – өлбөстүк! Көздөгөнү – адамдар үчүн алтын аяк жасоо! Тилегени – мезгилден озуу. Өмүр кирпигинин арасынан ойт берип, чекесине чертип кылтыңдайт. Кудайдын кулу экенин сезет. Өткөнүн тастыктап, келечектеги ордун иликтейт. Колундагы кендир аркан уламдан-улам алаканын жошолонто түйүлүп, өгөйлөгөндөй туюлат. Арканды колдон чыгарбоого тырышат. Ушул тапта деңиздин түндөй түнөргөн түбүн карагысы келбейт. Бирок акыл-эси деңиздин түбүнөн да терең жана жарык экенине ишенет. Бутуна ороло калган жакуттардын жибин үзүп, кайрадан эркин сүзөт. Деңиз эненин сүтүнө тоюп, бешикте жаткан наристедей магдыратат. Кете берет багытынан жазбай, сергилең, чыйрак. Кете берет... Алтын аяк колуна тийчү учур жакын калганын сезет. Кете берет бейиш жолунда... Эки өмүрдүн бирин танда, пендем.

***06.04.1999.***

## ТАГДЫРЫМА ТААРЫНБАЙМ

Жашоо улуу тоого жагылып, жарыгы Жер шарын чулгаган Улуу От. Ал оттун жалындашына ар бир пенде үлүшүн кошот. Тирүүлүктө басчу узак жана чакан жол адамдардын жаккан отунун жалынына же чоңкичинелигине жараша жарыктанат. Жолдор түркүн. Ай нурундай чалкыган кенен жол. Деңиз бетиндей сырдуу, жымырак жол. Жүлгөлөнгөн кууш, чие жол. Токойлуу капчыгайдай ыңырттанган үзүк-үзүк жол. Албетте, адамдар отун табууну көксөйт. Отун издеп жүрүп, зоодон кулайт. Сууга чөгөт. Күбүргө түшөт. Жырткычтарга жем болот. Бири кайыңдын муз тиштеген өзөгүн, бири тамыры менен жулунган четинди, бири арчанын күнгө какшыган эзелки дүмүрүн табат. Куурай терип,

саман чогулткандар, камыш менен чөп жулгандар канча. Биринин отуну тутантаар замат жалынын асманга бүркүп кубандырса, бириники көзүн шоролонто быкшыйт. Дагы бирөөнүкү өчпөй-күйбөй уйпалайт. Зор оттун кирпигине илинбеген чиркейдин канатындай шамчалар боюн көтөралбай дирилдейт...

Мен да жанбүлөгө түшүп, отун издедим. Колума карагайдын тоңу чыгалек чөркөсү урунду. Чөркөнүн заты сүйүнткөнү менен көсөөлөнө бышылдап, улуу отко жалгашалбады. Багытым буурулдана буюккандыктан куму эшилген жол бастым. Кумга жешилген бутумдун териси эски чарыктай самсаалады. Ошентсе да тагдырыма таарынбадым. Анткени Теңирим куру калтырбай чөркөнү карматты. Кулу экениме толук ишенип, ыраазы болдум.

*23.04.2000.*

## ТЫШКЫ ОКШОШТУКТАР

Көңүлүм эч нерсеге чаппай эзилип отурам. Башым бош итаяктай кагжырайт. Ичинде ашы жок итаяктын итке да кереги жок. Алтынга алмашкыс сааттар ыйлап өтүүдө. Ушул тапта кимдир бирөөгө убакыт жетпей жаналакетке түшүп, маанилүү бир иштин кулуна айланып, бир күндү бир мүнөттөй сезип, далбастап аткандыр. Кимдир бирөөлөр сөөгүн сүйрөй албай каржайып, «көлөкөдө» жаткандыр. Каржайып жатып, өзүн бактылуу, убайымсыз сезээр. Себеби ал түйшүксүз түбөлүктүү сапарын күтөт. Даяр!

Кагжыраган башыма: «Алтын издеген адам менен билим издеген адамдын айырмасы барбы?» – деген ой кылт этти. Тышынан караганда экөөнүн окшоштугу, талдай караганда айырмасы бар, – дедим жыйынтык чыгара. Окшоштугу экөө тең тытынат. Бири – билим жолунда ач көз. Бири – алтын жолунда ач көз. Экөө тең көшөргөн мээнеткеч. Бирок мүдөөлөрүнүн тунуктугу ар башка. Бири алтын менен ааламды мыкчыгысы келет. Бири билимдин күчү менен тарых барагына бир тамга жазгысы келет. «Мен бир тамга жазсам менден

кийинкилер да бир тамга кошсо адам баласынын изи суубайт», – деп өжөрдөнөт. Алтын издеген адам: «Мен-ден башканын баары жер сыйпалап, карайлап калса, мен аларды башка тээп турсам» – деп карабеттенет.

Ошентип, экөө тең ачка-ток болуп, жарышка түшкөндөй кете берет. Алтынга колу жеткен адам ма-рыдым деп манчыркаары менен окко учат. Аты-жөнүн эч ким билбейт, ың-жыңсыз өчөт. Каракчы экен де-шет. Каракчыны атканды далысынан дагы бирөө күтүп турат.  Каракушу жарылганда бетинен кетип, топурак сугунат. Миң сандаган адамдарды каракчыга айланды-рып, башын жуткан баягы эле бир тоголок алтын. Кан-дай өкүнүчтүү. Жерге бүркүлгөн мээлер улам кийинки каракчынын таманында тапталат.

«Жашыңда берсин мээнетти, карыганда берсин дөө-лоттү» дегендей билимдин жолу ыйык, таза, татаал жана март. Билимдин бийлигиндеги түркүн ачылыштар адам баласына кызмат өтөйт. Түмөндөгөн адамдар билимдүүнү колдоп, коргоп анын жолуна түшөт. Түмөндөгөн урпак-тар билимдүүлөрдөн азыктанат, үлгү алат. Ал үлгүдөн андан да мыкты үлгү жаралат. Адамдардагы тышкы окшоштуктар жөнөкөй гана челкабык.

*15.06.2000.*

## АКЧА АДАМДЫ СОРОБУ ЖЕ...

Албетте, акча адамды сорот. Соргондо да баш-аягы-на карабайт. Аябайт. Аяса аты өчүп калбайбы. Кареги акчага кардыккан адам жанынын жанчылганын, тебе-ленип-тепселгенин этибарга албайт. Кыраңдан чыккан түлкүдөй кыландаган тыйындын артынан түшүп, томо-лонуп-жумаланат. Боор эти үзүлчүдөй  томолонуп жат-канында бирөө машинесин үстүнөн айдап өтөт. Бирөө курч такасын мээсине ныгыра басат. Адам жансоогала-ганды унутуп коёт. Анткени жанына эч нерсе сатып алалбайт. Жүз грамм алтын берчи, ордуна жанымды берейин, – десе ким макул болот? Эч ким! Жинди экен дешет. Жалгыз калат.  Жалгыздык жаман. Ошондук-тан адам кандай ыкма менен болсо да акча таап, эл



ИССЫК-... ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА ИМ. В. И. ЛЕНИНА
№ 269362

катарына кошулгусу келет. Акча кыландап өңгүл-дөңгүл жолго түшөт да, темир тикендүү чытырман токойго жылт коёт. Адам артынан аңкилдек атат. Акча мурдунун учунда, токойдун чстинде эле тургансыйт. Токойго тартына колун сойлотот, манжаларынын учу акчага тийгенсийт. Көзү тунарып, денеси балкыйт. Токойго кантип киргенин сезбей калат. Темир тикендер өчү бардай сайгылап, денесин жошолонтот. Ошентсе да жанталашып, кыландаган акчанын кызыгына батат. Акча аны аягандай, аздектегендей алаканына салат да, сазга ыргытат. Саз өз милдетин эселенте аткарып килкилдейт.

*02.08.2000.*

## НЕ САКТАЙТ

Жарыкчылыкта бабалар жаратып, бабаларга калтырган таберик сүйүү тектүү. Тектүүлүгүнө Тоо, Асман, Деңиз, Жер миңдеген кылымдар көз ирмебей күбө өттү. Себеби таберик сүйүүнүн күчү, керемети ушул төртөөнү да сактайт. Азыктандырат. Бекеринен элдик баатырларды, даанышман аалымдарды Тоодой бийик, Деңиздей терең, Жердей чыдамдуу, Асмандай көөнөргүс деп айтышпагандыр. «Төрт жагыбыз төп» – деп да эмгектери синген ушул төртөөнү аташыптыр ата-тегибиз. Ата чыкпаган тоону, ата кечпеген деңизди, ата баспаган жерди, ата көрбөгөн асманды бала көрөөрүнө ишенет кыргыз. Анткени миңдеген кылым кийинки окуяларга да, бабалар жараткан таберик сүйүүнүн өлбостүгүнө да ылайым төртөө күбө болот.

Тоону томкоруп, Деңизди көңтөрүп, Асманды карап түкүрүп, Жер тозоңун чыгарам деген пенделер да болгон, дагы эле бар. Андайларды көөдөнү сокур дешет калкыбыз. Көөдөнү сокурлардын жүрөктөрүндө сүйүү жок. Болсо да тексиз жана тамырсыз.

Таберик сүйүү бизди кыяматкайымдан, жок болуудан сактайт.

*23.03.2001.*

## БАР БЕЛЕҢ...

Ойлорду мен жетелебейм, алар мени жетелейт. Жетелегенде да тайсалдабай жетелейт. Супарасына оронгондой туткуну болуп калам. Заматта бейиштин мөмөсүнөн татып, перилер арасында бийлейм. Жердин эсепсиз кан тамыры бар экенин сезем. Ал кан тамырлар тирүүлүктү жаратып, тирүүлүк өлбөстүктүн үрөнүн сээп турат. Ааламдын кенендигине, кооздугуна суктанам. Асыл таштар жердин шору же шакели сыяктанып, оюнчуктарга окшойт. Ошол оюнчуктарды энчилеш үчүн өмүрүбүздү курмандыкка чалганыбызга таң калам. Өзгөчө асыл, баалуу аталган таштар да адамга бир чымчым жашоо бералбайт. Карегинди учкундантып туруп, жаныңды заматта сууруп алат. Бар белең, жок белең өзүн да билбей каласың. Ырасында бар белең?.. Анан эмне болду?.. Жок белең?..

Таш мисирейе жалтылдап, экинчи бирөөнүн карегине тынчтык бербейт. Бар белең?..

Ойлорго жетеленбей таш болуп калуудан кудай сактасын. Таш болуу тирүүлүктөн кол үзүү.

*06.05.2001.*

## ЭМНЕ КӨРДҮМ, ЭМНЕГЕ ЖЕТТИМ

Мен деле бардык энелердин токсон толгонткон түйшүгүн, жоопкерчилигин, кайгы-кубанычын башымдан өткөрдүм. Байлыкка туйтунуп, мартаба күтүүнү максат этпедим. Мүмкүн бул аңкоолугум же акыл-эс туюмумдагы кемчиликтир. Анын үстүнө Коммунисттик партиянын: «Иштерман, жөнөкөй адам бардыгынан бийик» — деген сыяктуу тарбиясы эне сүтү менен мээме сиңгени айгине. Айтор, коомду байытууну биринчи планга койчубуз да, жүгүн көтөрчүбүз. Биз идеал тутуп, ишенген жетекчилер коомду ачкенедей соруп атканын мен сыяктуу миллиондор туйбаптыр. Туйбагандыктан чындыкты кали тизгиндеп турганын көрбөдүк. Ошондуктан замандаштарым сыяктуу эле чындык үчүн иштеп, бирок чындыкка жакындабаганымды өтө кеч түшүндүм.

Жеттим деген чындыгымдын сексен пайызы жалган болуп чыкты. Анда мени танбаган эрбейген чындыгымды айтайын. Бул дүйнөгө жаралганым чындык. Эне болгонум чындык. Турмуштун азап-тозогун тартканым чындык. «Чындык менен жашайм», – деп иштегеним чындык. Байлыкка жамынып, барк күтүүгө кызыкпаганым чындык. Дүйнө таанууда чала сабат экеним чындык. Мүнөзүм жумшак экени чындык. Атажуртумду сүйгөнүм чындык. Али да көргөнүмдөн көрөлегим көп экени чындык.

Ооба, ушул чындыктар калды менде. Чындыктарым бул болгон соң жеткендерим кайсы?.. Байкуш экеним жалганбы? Бул да чындык.

Ошентип, эмне көрдүм, эмнеге жеттим? – деген суроо башыма келгенде алаканымды жайып, отуруп калдым.

*07.05.2001.*

## КИМ КҮНӨӨЛҮҮ?

Быйыл кыш жылуу-жумшак түшкөнү менен жаз кыялын кылтыңдата күн сайын кескин өзгөрүп, катаал башталды. Бул башталыш жокчулуктун чырагына май тамызып, адамдарды оору-сыркоо өзгөчө тооруду. Сасыктумоодон жапа чекпеген жан калбады. Эски оорусу барлар белинен таш бастырып койгондой ийрелеңдеп, денесин илең-салаң сүйрөдү. Ошондо да гөр дүйнөдөн көздөрү өтүп, колдоруна тийгенин: «Балдарыма» – деп алып калууга жандалбастайт. Эртеңин кыял менен өлчөгөн, чөйрөсүн али тааный элек баёо кыздар сойку атка конду. Алар жарыкчылыктагы көргөн-билгендери, үйрөнгөндөрү ошол эле сыяктанып, «эл» деп сүйлөгөн шумпайлар түбүнө жылтыр-пылтырларды себелеп койгон орго көздөрүн таңгандай көмөлөнүшүүдө. Астына койгон максаттары – көз кычыштыра кийинип, телегейи тегиз солкулдап басуу. Аттиң жаштык, жаштыктын оңтоюнан опурталы көп. Замандын негизги бутагы өңдөнгөн «эркиндиктин» бул жугуштуу оорулары жаштарга тез эле ооздук салды. «Эркин» кыздардын эриндери эпилдеп «гүл турмуштарын» жомоктош-

кону менен каректери кайдыгер жана өлүмтүк. Жүздөрүн жансактоонун чалкандары аёосуз чаккан. Кардарлары керек дешсе, өз денелерине өздөрү түкүрөт.

Жигиттерчи? Жигиттер да эркиндикти «көтөралбай» ач карышкырдай туталанып, тиштиге үңүрөндөшөт. «Мокок бычак кол кесет» демекчи, ызырынчаак, өзүмчүл. Акыл кошконго муштумун кезейт. Атажуртун сүйүп, элин урматтоо алар үчүн кызыксыз. Күн тийген жердин жараны. Ажына жашоонун мындай от алгысы Ош базарынын чөлкөмү сыяктанат. Ушундай жагдайда пайда болуп, жарык дүйнөгө келген наристелер майып болбогондо, кантет? Энеси: «Эмне кылсаңар өзүңөр билгиле, албайм! Кереги жок!» – деп «ийри жыландарын» таштап кетет. Айрымдары наристенин башын чакадагы муздак сууга салып тумчуктурат экен деп уктум. Уктум да, корктум. Тек гана каңшаар болсо экен дедим. Ким күнөөлүү? Белгисиз... Чаңтополоң... Жокчулук... Ичкилик... Баңгилик... Сойкулук... Калем колдон түшөт. Нени жазасын?.. Көз караңгылайт...

*15.03.1997.*

## МЕН СҮЙГӨН ЖАМГЫР

Күн чыга шыбырттап мен сүйгөн жылуу, жумшак жамгыр жаады. Шашкеден өтө жамгырды сыбызгыган сыдырым коштоду. Кечээ эле ысылап аткан шаардыктар колдо барын кийинди. Кийингендери бакыттарын ошол чөлкөмдөн тапчудай базарды көздөй агылышат. Агылгандардын арасында мен да болом. Агылып баратып, кайгы-касиретибизди ортого сала коёбуз. Акыркы күндөрү карапайым калк мамлекет башчыларынан күдөрүн үзүп, тербип-тентибөөнүн гана амалын издеп калышты. Бүгүн да үч бөтөн эски тааныштардай жанаша басып, кужураша түштүк.

– Гүлү жаңыдан түйүлгөн жемиштерди быйыл да үшүк албаса экен, – деди жаныбыздагы жетимишти чапчыган, кооноргон кийимчен карыя тынчсызданып. Мындай кийимдер союз гүлдөп турганда мода болчу. Жарашыктуу, бышык дечүбүз. Көз тайгылткан ал ки-

йимдер күндөн онуп, тып эткен тамчыны чыпкадай өткөрүп, ээлерине окшоп тозду.

– Капырай, гүл түйөлек го, – деди кытай бөздөрүнө чулганган аял.

– Көрөлексизби? – Карыя аялды алая карады, – алма, өрүктөрдүн боткокчолору жарылбадыбы. Былтыркыдай мөндүрдөн кудай сактасын. Өткөн жылы дачабыздагы беш түп алмабыздан ооз тийбедик. Неберелерим алма сураганда үйдөн чыга каччумун. Итабар кымбаттабадыбы. Чама чак.

– Ээ куруюн, тирлик гөргө түртөт го, байкабаптырмын, – аял мойнуна таш байлап койгондой дүмүрөңдөп жүргөнүнө кейиди. – Ишенесизби, баш көтөрүп чөйрөнү кароого чолоо жок. Кулагым укпаган, көзүм көрбөгөн сыяктуумун. Санаамда жалаң акча. Кантип табам, кайдан табам, кантип жеткирем. Ушул.

– Базар баасы кескин жогорулады, – деди артыбызда келаткан киши өкүнөөрүн же кубанаарын билбегендей ыргылжың. – Сатып алыш да, сатыш да кыйын.

– Өкүнгөн сайын өкүнүч арбыйт. Сатылелек ава калды, – деди карыя, – ава сатылса, бизге окшогондор ошол замат шейит кетет. Анткени бийликтегилерден артпайт.

– Сакалыңа карап сүйлөң, – деди арткы киши. – Ээн ооздордун залакасы элге тиет.

– Аваны саткыла! – деп талап коюп атыптырмынбы, – деди карыя. Ансыз деле чириген автоунаалардан чыккан оорулуу жыттар биздики. Жүзүң жездене, жөтөлгө тумчугуп баратасың. Өпкөң соо эмес. Жакында мен сарыктан өлүп кала жаздадым. Базарда бит арзан экен. Аш жокто ал да тамак, – ууртунан жылмайды, – ырмайса-чырмайса да жаштар аман болсун, – олуттуу боло түштү. – Өссүн. Экөөбүз ушул кейпибизден ажырайалбайбыз.

– Койчу, сен! – Арткы киши кыжырдана колун шилтей бизден озду. – Ава сатылса дейт. Кара муну! – Сөгүнүп баратты.

– Курусунчу, – деди аял, – кээде томолонуп кетсем дейм. Беш балам бар. Жетилелек. Көмалбай кууршабы деп ошолорду аяйм. Жеке кызыкчылыгым жок. Эптеп тыйын топтосом кете берет элем.

– Базарга жеттик, – дедим аялдын мага да тиешелүү сыяктанган сөздөрүн уккум келбей.

– Түзүк, – деди карыя муңайым, – эсен жүргүлө.

Каалоо, тилектерибизди айтып коштошкон соң энчиден куру калчудай өз-өз тиричилигибизди беттедик. Базар шакардай кайнайт. Сыдырым жалп өчкөн шамдай дайынсыз житип, жамгыр жеңишке жеткендей жылуу, жумшак дыбырай берди. Бирок мурдакыдай каалгый басып, андан ырахат алууга чолоом жок эле. Денем мелүүн тарта жылуулугу тамчыларга кошулуп, жерге сиңип атканcыды. Жаз жаанчыл болот дешкен...

*06.04.1999.*

## ЧАРЧОО

Жакырчылык жаадай ийилип, курчап келет. Үйдө отуруп, үшүмөй. Үйдө отуруп, курсак ачмай. Үйдө отуруп, жоктор жиниктиргенде мурдун чүлүк жеген төөдөй буркулдамай. Суу жок. Газ каңтарылган. Газга төлөнчү торт миллион түгүл кырк миллионду жеке соруп, кабагым-кашым дебей дөөлөттүү баскан «элдик уулдар» манчыркайт. Алар башчынын оң, сол чөнтөгү. Карапайымдар унга жетсем нан жасайт элем деп шилекейин жута томсорот.

«Шериктеш мамлекеттердин ичинен менин идеяларым күчтүү, ишим илгери» кыязында жаркылдап сүйлөйт башчыбыз. Эл болгондуктан көкөлөп, бийикте турганын түшүнгүсү келбейт. Биринчибиз деген сөздү үзүлүп-түшүп сайрайт. Өзгөчө жакшы көрөт. «Аялдар жылы!», «Карыялар жылы!», «Элет жылы!», «Ден соолук жылы!» – дешип, бүт өмүрдү талап кылуучу орчундуу иштердин бардыгын дүңк эткен чакырыктардын ичине биринчи болуп тыга салып, биринчи болуп «бүткөрүп» санаалаштарын орден, медалдар менен сыйлап таштады. Америка, Швейцария, Япония, Кытай, Австралия мамлекеттерине теңтайлашабыз деп окторулушту. Кудай, арбак алдында убада беришти. Айтор, убаданын жыйынтыгын күтүүдөн эсепсиз чарчадык. Адам ишмалтайы чыккан жел сөздү уга берүүдөн да, ага ынангандан да, кубаттоодон да чарчайт экен. Чарчоо – бул ишенимдин талкаланышы. Айрыкча президентке бол-

гон ишеним талкаланса, чарчоонун чагылганы ар бир адамга тиет. Бүгүн карапайым калктын эбегейсиз чарчаган учуру.

***16.04.1999.***

## БОЗ ТУМАН

Кечээ кыялды делбирттете жаз келген. Бүгүн таң эртеңден боз түшүп, кыштын үнөмдөлүп калган кары ичиркенте жаап атыр. Жаратылыш да адамдардын пейлине жараша өзгөрөт экен го. Быйылкы кар эмдиги жылга калбай жаап бүтүш керек окшобойбу. Керектер өчпөй-күйбөй үлпүлдөп, жандүйнөнү жейт тура. Керектер тытмалаганда чөйрөм да, үмүтүм да карга айланат. Бул ирет кар мени үшүтүш үчүн жаап аткансыды. Чыйрыга балконго чыктым. Короодон чатырын башына жагалдана тоскон жаш кыз өтүп баратыптыр. Басканы шайдоот. Жука пальтосунун арткы жакасын саал жогору көтөргөн. Бутунда бийик такалуу туфли. Бош колу менен узунураак саамайларын кайра-кайра сылагылап, өзүн өзү жактырып, көңүлдүү. Көңүлдүү эле болсун. Кардын чыкыроонуна карабай жүзүндөгү жылуулук тарабаптыр. Сыягы, бул эле биз жашаган беш кабат үйдөн, акыркы подъезддеги чачтарачтан чыкса керек. Чачы бет сулуулугуна коошпой комсоо жасалган. Союздун убагында бул чачтарач нан, туз, таттуу тамак-аш саткан дүкөн эле. Дүкөндүн эшиги тынымсыз ачылып-жабылып, адамдар андан керектүүлөрүн алып турчу. Колдон-колго өтүп, акыры чачтарачка айланганда кызматкерлери: «Сиздер үчүн сулуулук тартуулайбыз! Бизге келиңиздер?!» – деп коңгуроолорубузду шыңгырата баракчаларын таратып кеткен. Ошондон бери андан сулуу болуп, суйкайып чыккандарды көрө элекмин. Бир ирет «Фатимага» мен да кирдим. Кыздары семичке чагып, телевизор тиктеп отурушуптур. Жабыла карап калышты.

– Чач тегиздейсиңерби? – дедим.

– Ооба, мен тегиздейин, – бирөөсү ордунан илбериңки турду. Көрсөткөн креслосуна отурдум. Ал күнү көңүлүм саал көтөрүңкү болчу.

– Кандай моделде жасайын? – деди кыз. Өзүмө жедеп жат болгон жөнөкөй форманы айттым. Кыз жымыңдай кайчы, тарагын колуна алды. Жеңил кыймылдап, ишине дасыккандай көрүнгөнү менен чачты көркөм жасабасын туйдум. Себеби эстетикалык табити анча эместигин турпатынан сездим. Сездим да, сезбегендей отура бердим. Кыркма чач өсүп кетсе, сойгоктой сойголонуп жүдөтөт эмеспи. Жүдөп калгам. «Конкурска катышып аттым беле» – дедим оюмда. Анткени кыздын жылмайышы, кыймылы жакты. Тегиздеп бүттү. Ырахматымды айтып, акчасын берип, шляпамды кийип тышка чыктым. Мен акыркысы да, биринчиси да сымал кеткенимче чачтарачка эч ким башпакпады. Сыягы, аялдар өздөрүн сулуулоону унутушса керек. Көртиричиликке сулуулуктун кереги не? Үйгө келип, шляпамды чечсем чачым пыяздын өнүп келаткан сабактарындай туш келди тикирейип, күткөнүмдөн да куник көрүндүм. Кебетеме өзүмдүн күлкүм келди. Бая чачтарач кыздын ары-бери тарап атканын күзгүдөн көрүп туруп эле көңүл болбогом. Кыялым чабыттап, алыс жактарда болчу. «Жуусам оңолоор», – деп, жуудум. «Тиш беле өсөөр, кыска кыркканы жакшы болуптур, дагы эки-үч айлап чачтарачка барбайм», – деп, өзүмдү ынандырдым. Кежиге чачтарымдан отоо чөптөрдөй уурданып, кесилбей калгандары бар экен. Айжамалды: «Кесип бер», – десем кесип атып: – Канча сом алды? – дейт. Бир кило эт дедим. Экөөбүз тең күлдүк. Не кылмак элек? Ал күнү көңүлүм көтөрүңкү болчу дебедимби. Деги президентибизге окшоп, жаркылдап күлгөнгө караганда, саргайып отурган күндөрүм арбын. Себеби чечилбөөчүдөй проблемалар үрөйдү учурат. Туш-тарапты боз туман басат. Тумандын арасында отуруп, эмне үчүн чөгөөрүмдү далилдей албайм. Санаам эмне үчүн кайра өзүмдү тебелейт? Белгисиз. Эмне үчүн ыйлагым келет? Белгисиз. Эмне үчүн өмүрдөн аша кечем? Белгисиз. Айтор, белгисиздик менен жашап, белгисиз багытта темселеп, белгисиз өмүр өтөөдөн артык кордук жок го. Боз туман белгисиздиктин түтүнүбү? Үшкүрүгүбү? Белгисиз!

*15.03.1999.*

# ИТ КЕЧПЕГЕН ТУРМУШ

Шаар ичин кайсы убакта, кандай кырдаалда араласаң да ит кечпеген көчө турмушуна аралашасың. Көчө турмуштун башкы каармандарынын бири – кайырчылар. Кайырчылар жакадан алып жабышпайт. Болгону, этегиңе оролуша маңдайыңа жыландай октоло калып, алакандарын созо «дуба» окушат. Тооруй карашса каректеринен жанкечтилик туюлуп, турпаттары өгөй. Көпчүлүгү башка жактан ооп келгендер. Өп-чап жашоо өткөрүп, таманың жериңди басып турганына топук кыла, аларды аяп, берээриңдин тартыштыгына ичиң тызылдай өтүп кетсең, желкеңден муштумун кезейт. Тестиер балдары автобус, троллейбустарда тыгылышкандардын буттарын тебелей жойлоп, чөнтөктөрүн тазалайт. Колтуктан озондой куран окуйт. Дене дүрүлдөйт. Деги, алар курандын маанисин түкшөмөлдөйбү? Жок! Курандын дили, тили түгүл эне тилдерин барктай элек чыт курсактар. Каректери муздак жылтырап, жүздөрүнөн балалыктын баёолугу байкалбайт. Кексе. Бирок алар бир сом кайыр берген аялдын баласынын колундагы балмуздактан кымбатын сатып жейт. Себеби самсаалак күрмөлөрүнүн жапайы чөнтөктөрүндө али саналбаган баалуу кагаздары бар.

Ит кечпеген көчө турмушунун дагы бир бутагы уландардын какырына, түкүрүнө, олуна, каткыра, кыжаалаттана сөгүнүшү. Тим эле кабаарый кычырашат. Кайда жүргөндөрүнө, кайсы чөйрөгө аралашкандарына маани беришпейт. Бир сорум тамекиге, жүз грамм самопалга, стакан семичкеге колу жетпегендерине сөгүнүшөт. «Бийкеч» саткан «эттүү» ысык самса менен мантыны балчылдата чайнап атып да сөгүнүшөт. Кыйгылданган пиво жутуп, күлүмчү жыттана чаң баскан тыртайган шири чабактын канат-куйругун кычырата соруп атып да сөгүнүшөт. Чөнтөгү толтура же бөксө болсо да сөгүнүшөт. Оромпай тээп ойноп аткан тентектер да аларды туурап, бири-биринин энесин шатырата сөгөт. Балким, алардын аталары да сөгүнөөр... Эх, ит кечпеген куу турмуш, эртең булардан кандай адамдар чыгаар экен, а?..

*19.03.1999.*

## КЫСЫМЧЫЛАР

Тытыла жүдөдүк. Эркиндик чиновниктердин – кысымчылардын бетин калкалаган үлпүнчөккө айланды. «Каныңарды төкпөй алган эркиндикти кыңк этпей барктагыла! Силер үчүн күндөп-түндөп азап чегип атабыз», – дешип, төбөдөн төөматек алышат. Кайсы азабын айтышат? Ашкере тойгондорун айтышат го. Дабандан дабан ашып, белин мертинтип, эл үчүн кумга башын тыгып, күрөө тамырлары кыйылып аткансып дооматтанышат. Кыскасы, эркиндиктин кол тийбестиги элди алдоонун эң жөнөкөй ыкмасына айланды. Элди жалкоо аташып, мазактаган кысымчылардын төрт жагы кыбыла. Төргө босого аркылуу кирип-чыгып атышканын, босогонун кереметтүү күчүн туюшпайт.

Үй суук... Тыш суук... Чиновниктердин кабагы суук... Союздун убагында газ түгөнөт, электр өчөт, нан тартыш, эртең кантесиң деген санаа болоору түшкө кирчү эмес. Булар жарык дүйнөгө келгенибизде ыйгарылган энчилүү аттарыбыздай эле. Адамдар узак жашоону эңсечү. Азыр өзүнө өлүм тилегендер арбыды. Өмүрлөрүн кыйып да атышат. Ток этээрин айтканда он кишиге көз каранды болгончо, бир кишиге көз каранды болгон артык. Таптакыр көз карандысыз жашайм деп ойлобо. Андай болушу мүмкүн эмес. Анткени табигый нерсенин баары бири-бирине байланыштуу өсүпөнүгөт. Жер – Күнсүз, Ай – жылдыздарсыз, суу – булутсуз жашоо кечире алабы? Жок! Чиновниктердин: «Кой үстүнө торгой жумурткалатабыз» – дегени ачка ымыркайдын оозуна упчу салгандай ыкма. Алардын жөө жомоктору бийликтен кеткенинде гана аяктайт.

*25.11.1999.*

## КАНТСЕ ДА КҮЛКҮ ЖАКШЫ

Кошунабыз Василий Данилович тогуз жылдан бери: «Ашыкпагыла, тажрыйба топтоп атышат, оңолот» – деп өкмөттү аздектөчү. Бүгүн өкмөттөн көңүлү сууп, кендири кесилип, заматта чүнчүй түшүптүр. «Токсон мени

томолотобу же мен токсонду томолотомбу», – деп чөбөрөсүнө эрмек болуп бизди күлдүрчү, апа үчөөбүз короодон жолуктук.

– Жетимиш жашка жеткенче элегей экемин, – деди зээни кейип. Жогоркуларга чаң жугузбай жүрүп, өзүм чаңга көмүлүптүрмүн. Байбичем ноокастап ооруканага жатты. Пенсия жарытпайт. Дарылар кымбат. Тиричиликке зарыл ушул сыяктуу маселелерди жылдап чечалбаган соң өкмөттүн ишмердүүлүгү кайсы? Тойдум алардын убадасына!

– Бала чагым. Совет өкмөтү жаңы орноп, жер тамдар көзүбүзгө укмуш көрүнүп, отурукташканыбызда айрым аялдар тамга кирген боюнча астанасын тазалабай коюп: «Кийизимди жер жутту! Конушту жакшы тандабаптырсыңар!» – деп, бүт айылды күнөөлөшкөн. Биз да өкмөт үчүн жер жуткан кийиз болуп калдык, – деди апа.

– Ошондойбу? – Василий Данилович чекесин тырыштыра жылмайгансыды.

– Оңолчу учур алыс эмес. Байбичеңиз эки-үч күндөн кийин үйүңүзгө келет, – дедим кошунамдын көңүлүн көтөрмөккө.

– Анда кийизибизди жер жутпасын. Чогойнодой чоюлуп жашай берели, – Василий Данилович аргасыз каткырды.

«Ачка отурганча айранга талкан чалып ич» дегендей, калп болсо да күлгөн жакшы экен. Күлкү кандай болсо да көңүлдү көтөрүп коёт.

*26.11.1999.*

## ЖАҢЫ ЖЫЛДЫН БИРИНЧИ КҮНҮ

Эңсеп күткөн жаңы кылымдын жаңы жылы босогону аттаганда деле бели сынып калгансыган жокчулук очорулуп төрүбүздөн жылбады. Каш кагымда миң ирет кубулган эки жүздүүнүн күнү тууп, алдамчылардын «бизнеси» жүрүп, ууру уурулуктун чылбырына чырмашып, ачка ачкачылык менен күрөшүп кала берди. Үйүбүзгө жакын бытпыракай базарга илең-салаң бараттым.

Ашыкканда не, алуучусунан сатуучусу көп алакандай жердеги базардын ит жыгылышы бир көзүн аса, бир көзүн баса карап, жыртыңдап тургандыр. Базарга кире бериштеги тепшидей күркөнүн тегерегин кесиптештерин жолотпой бир кемпир ээлеген. Кемпир жаш келин алаканына салган он тыйындыктан үчтү силкине таштап жиберди.

– Тыйындарыңыз чачылды, – деди сатып алган нанын баштыгына салып аткан аял кемпирге ээк кага, чогултуп берейин дегендей жерге эңкейе карап.

– Чачып албадым, атайын таштадым! Тыйын санай берип, акылым адашты. Сомдон бербейсиңерби ыя? – Аялды опузалай бакылдады кемпир, өзүңөрдүн чөнтөгүңөр акчага, баштыгыңар тамак-ашка толтура!

Аял айтканына өкүнгөндөй кайпалактай түшүп, басып кетти.

– Кара, зордукчулдугун, мен тытылган бир тыйынды желимдеп алам, – деди картошка сатып отурган аял. – Анткени жантерим менен табам. Бул жалдырап, күркөнүн жанына сайыла калат да, курсагын кампыйтат.

– Ушундайлар арбыды, – деди булочка саткан келин. Кайсы жакка бурулсак, алдыбыздан чыгат.

– Колдон жулушат, – деди дагы бирөө. Бир эсе боор толготот, бир эсе жинди келтирет.

Кайырчы кемпир эч нерсе укпагандай күркөнүн түбүнө жүүртө басты да тыйындарын чөнтөгүнөн сууруп чыгып, санай баштады. Базардын экинчи четин ээлеген кайырчынын кулакчынында да он тыйындыктар жатыптыр. Батташкан буурул чачы терисине жабышканы менен көзү кирбиндей күлүңдөп, бети тамылжыйт.

– Дагы жуттуңбу, кайсар? – деди маңдайындагы туздалган бадыраң саткан аял. Самопал уудан жасалса да, силердин ашказаныңар тешилбейт.

– Биздин ашказан болоттон, – деди кайырчы кирилдей, – темир шиш менен көзөсөң көзөлбөйт.

– О кудай ургур бүкшүгөн, тилиңе тибиртке чыкпайт. Айдарымды булгабай башка жакка кадалчы, – аял жипкире чүйрүңдөдү.– Таза авадан дем алуу кыйындап баратат, тобо...

– Бир бадыраң берсең каалаган жериңе коном, – деди кайырчы карегин жылтырата.

– Э бейит, ке ал! – Аял бармактай бадыраңды теңдей кесип, чоюла колун созгон кайырчыга карматты. – Экинчи сураба! Баш-аягы бир кило бадыраңымды жалмадың. Оякка отур! – Арт жагын жаңсады.

Ооба, караламан калктын кайырчылардан айырмасы аздай. Эртеңкини болжоо кыйын. Жүрөк тымызын сыздайт. Ошентип күткөн 2000-жылдын биринчи күнү деле жүзүн үйүрүп, ушинтип башталды.

*14.01.2000.*

## ҮШҮГӨН ЖҮРӨКТӨР ЖАНА КАМГАК

Жепирейген пенденин жепирендеген баласы бар (бойлорун айтпадым, ойлорун айттым). Жепирейген пенде көзгө басаар жалгыз кадр сыяктуу бир райондон экинчисине өтүп, республикабыздын көпчүлүк райондоруна аким болду. Жегичи кетти, ыймандуусу келээр – деп, эл байкуш күтөт экен. Түтөт экен. Күткөн, түткөн менен жепирейген акимдин иши эмне, жаактары тынбай кепшегени кепшеген. Борбордо жашап, толлуу райондорду телефон аркылуу башкарат. Ал үчүн жуманын алты күнү майрам. Байлык бапырап, үйүнө кирип турат. «Кудай берип турган соң», – деп, жепирейе желпинип, кызуу, наздуу жүрөт. Жепирендеген уулу да окуу жайын бүталбай атып, четтин машинесин минип, четтин арагын ичип, четтин тамекисин тартып дегендей мартаба күттү. «Ойноткон» кызы гана четтики эмес. Айылдан. Көзүн ботонукундай жайнатып, жетилелек чагында жепирекейдин кол жоолугуна айланды. Четтин конфетин жеп, четтин ичкилигин ичип, четтин машинесине отурганына кубанып жүрүп, төрөт үйлөрүн кыдырды. Жепирекей аны «балээден» кутулуп, «сасыган» жайлардан чыкканда четтин арагын жуткуруп, жатагына таштайт. Кыздын: «Жакында үйлөнөбүз, – деп какшаганынан бери үч жыл өттү. Жепирендин атасы уулунун «жигитчилигин» беш манжасындай билет.

Уулу үйлөнөөрүн айтса: «Азырынча шарт жок. Кишенге түшпөй ойной тур. Үч кабат үйүбүз бүтсүн. Мал, дан сатчу базарыбыз бүтсүн. Чалкалаган чайканабыз ишке кирсин. Үчүнчү дипломуңду алып берейин. Бизге жарашкан мощный кыздардан танда», – дейт. Ооба, бүтсүн... Танда... Бүтсүн... болуп келатыр. Байкуш кыз кызыл куурайдай катып баратыр. Жепирең болсо үстүн күндө жаңыртат. Себеби бүгүн алган кийимине эртең курсагы батпай калат.

Жепиреңдин атасы дин менен салтты өзгөчө ыйык туткан киши. Зайыбын кыш, күздө суукка урунуп, жаз, жайда күнгө күйөт деп үйүнөн чыгарбай «үлпүлдөтө» багат. Өзү «мал табыш үчүн» батышка жөнөгөндө, «чылк алтын издеп» чыгышка чапкан уулу экөө бир «мейманканадагы» бир эшикти сүзүп калган учурлары болгонун жепирейген аким досторуна мактаныч катары айтыптыр. Жепирең акимдин күндө бири түптөлгөн май базар, бал базарлары качан курулуп бүтөөрү белгисиз. Ушул сыяктуу жыбырап көбөйүп бараткан белгисиздиктер Атажуртубуздун булуң-бурчтарын калтырбай, тамыр жайып баратканы жүрөк үшүтөт. Үшүгөн жүрөктөр карапайым калктыкы. Калк камгактай жеңил. Камгактар илмийген кабыргаларын миң чеңгелдүү шамалдын былчырата кармаарынан сактана, жел кайда үйлөсө, ошол жакка томолонушат. Багыттарын билишпесе да жаналакетке түшө томолонушат. Баш-аяктарын жыйноого чамалары жетпей томолоно беришет. Томолоно беришет...

***08.04.2000.***

## ӨЗГӨЧӨ КОРКУНУЧ

Максим Горький паркындагы: «Ф.Куловду коргойбуз», – деген пикетчилерге барып, көңүлүм сынып кайттым. «Ишенген кожом сен болсоң» дегендей, пикетчилерге баарлашкан соң башкы каармандын тагдырына ичим ачышты. Төштөрүн керген күйөрмандардын ооздорунан орунсуз кептер ыргып, сөз жебей жакжандашты.

– Кан төгөбүз! – дешти күпүлдөшүп.

– Бардыгыңыздар ата-эне, айрымдарыңыздар чоң ата, чоң эне экенсиздер. Кан төгүү жаман жышаан. Калайык калкты тегиз ойлогон абзел, – дедим.

– Сен тескери сүйлөбө! Калк деген биз! – Бир аксакал арыктын кырында отурган экен ордунан тура калып, күпүлдөдү. – Айтканыбыздан кайтпайбыз. Сөзсүз кан төгүш керек! Акаевдин баласын кокуйлатып, кайда жүрсө ошол жактан табабыз. Анын жаны алаканыбызда!

– Бийлик бизге келгенде чачыңды тарай албай саксайып, жансоогалайсың. Ошондо сүйлөшөбүз сени менен!» – Туура жактан дагы бир байбиче олунду.

– Көп балалуумун, – деди кашына осмо койгон толук зайып. – Кыйынсынбагыла, шаарыңар чоң катындын көтүндөй эле экен. (Айтканын так келтирдим.) Былгып жатат. Келгенден бери узун-туурасынан басып көрбөдүмбү. Бекер отурган жокмун. Ичи да, тышы да чоң катындын көтүндөй!

– Ийе, сөзүң оозуңдан ыргып, сүрүбүздөн корктуңбу?!

– Кошул бизге, болбосо...

Пикетчилер биринин сөзүн бири жулуп, ойду-тоону сүйлөп атты. Арак же пиво жутушканбы, айтор, ээлигишет. Күн ачуу, ысык тийип аткан. Саясаттын оошкыйышын семичкедей чакчудай дагдаңдашат.

– «Өзүмчүл жетекчилер талкалайт экен го коомду», – алардан терс бурулуп түтөп келаттым.

– Ой, атың, фамилияң ким ыя?! – деди бир жигит узай бергенимде артымдан корсулдап. Укпагандай кете бердим. Кайрылып жооп бергенге дитим чаппады.

Ф.Куловду «коргоочулардан» 20–30 метрдей төмөнүрөөк бир далай милиционерлер жолдун жээгиндеги көк майсаңга топ-топ болуп бөлүнө отуруп, карта ойноп атышыптыр. Чукул жолдо ГАИ, МАИ деген жазуулары бар чоң-кичине автоунаалар турат.

Мүлдө коогалаңдардын өзгөчө коркунучтуусу мансап үчүн күрөш тура.

*20.04.2000.*

# ЧЫЧКАН ДООРУ

Картайган адамдардын тиричилиги гөр чычкандардын жашоосу сыяктанып, өзгөчө бир беткей, тажатма болуп калат экен. Шаардык карылардын көргөн-баккандары тамак-аш сатылчу дүкөндөр, ар кандай базарлар. Чөп башылап алган азык-түлүктөрүн, гөр-жерлерин үйүнө келген соң белгилүү орундарына кынаптай жайгаштырат. Зеригүүнү унутат. Кенедей короосуна же балконуна кирип-чыгып, балдарын, неберелерин күтөт. Айыл жериндеги карылар малга байланат. Огородундагы бир тал чөптүн качан өскөнүн, кантип куураганын байкайт. Алыстагы небересин сагынып, жанындагысын какыс-кукус кылат. Бул тиричилик да гөр чычкандыкындай, күндө жаңы таң атканы менен ашмалтайы чыккан тиричилик кайталанат. Шаарда казан кармоо негизги ишке айланат. Байбичелүү чал да эптештирип тамак жасайт. Жасаган тамактарын ырахаттана же чогүп отуруп ичет. Чөккөн учурлары арбын. Анткени коомдун бардык башаламандыктары картайган адамдарды биринчи тебелейт. Өгөйлөгөндөй мамиле жасайт. Иштен да, сөздөн да четтетет. Айрымда үй-бүлө мүчөлөрү да картты унутат. Унутулгандыктан балдарынын керексиз кийимдерин кийип, балдары жактырбаган тамактарды ичип, кыңк этпей тилсиз жашайт. Тил батымсыз түрткүнчүк кылып коёт деп ойлойт. Күнөөсү картайгандыгында. Ушул сыяктуу жана ар кандай басмырлоолордон карыларды гөр чычкандыкындай тиричилик гана арачалайт.

Биз жашаган 39-квартиралуу беш кабат үйдө да чычкан доору башталды. Мындан 28 жыл мурда жаңыдан бүткөн ушул үйдүн астанасын аттап, конуш алгандар иштеп ишке, сүйлөп сөзгө тойбогон, эл-журтка төбөсү көрүнгөн, жаштар үлгү туткан каармандардан болчу. Экиден, үчтөн балдары бар эле. Ата-энесинин алаканында балдар кечке бала бакчанын жаагын айрып, андан соң жайкысын түнкү саат он, он бирлерге чейин короонун тозоңун чыгарышчу. Кийин балдар бойго жеткенде корообуз суу сээп шыпыргандай мыдырады. Четинен жогорку билимге ээ болушуп, өздөрүнчө үйжай күтүп, туш-тушка кетишти. Азыр неберелердин

үндөрү короодон кез-кезде гана жаңырат. Неберелер чоң ата, чоң энелерине ата-энелеринин тиричилиги жылышпаганда же шаар ичинен тышкаркы жумуштарга кетишкенде гана келишет.

– Квартирабызды саталы деп чечтик, – деди мандайлаш коңшубуз Ада Петровна ыйламсырай. Албетте, мындай турак жайга эми жетпейбиз.

– Эмне себептен сатасыңар? – Жакшы коңшубуздун кетээрине ичим ачышты.

– Уул-келинибиз кудабыз менен жашайт эмеспи. Неберебиз биринчи классты бүттү. Кудабыздын үч бөлмө – хрущовка квартирасына батышпай калды. Төрт бөлмөнүн экоону ээлеп, биз менен чогуу жашоону каалашпайт. Ошондуктан бул квартираны сатууга туура келди. Биздей илимдин кандидаттары, докторлору түгүл академиктер үчүн жашоо кыйындады. Айла жок.

– Заман талабы адамды өз калыбына салат тура, – дедим Ада Петровнаны ичимден аяй, заман оңолоор...

– Ким билет качан оңолоорун, – деди коңшум мукактана. Сатаарыбыз менен жыйнаганыбызды кошумчалап балдарга үч, өзүбүзгө эки бөлмө алабыз. Китептерибизден башка дүнүйөбүз жок. Болгондо өсүп-өнмөк белек... Карыдык дегендей...

Муун-жүүнүм бошоп, оозума сөз кирбеди. Ада Петровна бая жерге коё салган олчойгон сумкасын ышына колуна алды. Базардан келатыптыр. Мен базарга бараткам. Жол мизинде баарлаштык.

Ошентип, адамда чычкан доору башталган соң андан балдары да четтеп, чогуу жашагысы келбей калат экен.

Бар болсун баарыбыздын балдарыбыз!

*17.05.2000.*

## БИР ЧАЛ, ЭКИ КЕМПИР

Тербиткен үй оокатынан тажаганымда балконго чыгып, шаардын чарпаясын карайм. Жайкысын бак-дарактар жалбырактана дүгдүйүп, бешинчи кабаттан караган мага жердеги кыймылды жашырып тургансыйт.

Ошондуктан көз жеткен чөлкөмдүн баары жашылдана иримденип, сырдуу туюлат. Беш кабаттан жогорку үйлөр булут минчүдөй заңкаят да, бытыраган эски үйлөр бири-бирине колтук улаш күнөстөп жаткан ташбакаларды элестетет. Кирип-чыгып, кумурскадай тынбаган үй ээлери кандай тиричилик өткөрүп атканын өздөрүнөн башка ким билет. Айтор, ар ким алына жараша чимирилет. Мен да чимирилем. Бирок менин чимиригим башкача, олосолуу. Бүгүн да жандүйнөм жанчылып, балконго чыктым. Мезгилдин болот чеңгелин көөдөнүмдөн алып ыргытып, бешинчи кабатта эмес, жер шарынын беш алкагынын төрүндө жашамакчы болдум. Сол тараптагы тогуз кабат үйлөрдүн тогузунчу кабатындагы квартиралардын терезелери менен балкондору да темир торлор менен тосулуп калыптыр. Демек, ууруулардын түндүктөн түшүп атканын ушундан билсе болот. Жер шарынын беш алкагы эсимден чыгып, чөгө түштүм. Чоксом да кайрылып үйгө кирбей тура бердим. Мурда балкондордун кир жайган жипчелеринде жаңы модадагы кийимдер биринен бири өтүп, жайкала жайылып турчу. Азыр бозоргон, саргарган чүпөрөк-чапырактар, орто заар кийим-кечелер жайылат. Эскирген жууркан-төшөктөр менен бөлбүрөгөн жаздыктар балкондордун кыр жыгачтарын ээлейт. Анткени көк жытын чыгарып турбаса ага оронгон байкуш адамдар ого бетер чүнчүбөйбү. Жок дегенде Күн шимирген төшөнчүлөрдүн күнүн жыттап жатканы абзел. Күн кан тамырлардын токтоп калышынан сактайт. Күндүз Күн астында жүргөнүбүз менен андан ырахат алууну унутабыз. Бардык максатыбыз кечки курсактын камы. Шыйракка бирөө чапкылап аткандай дикилдейбиз. Күндү кароого, эртеңкини ойлоого чама чак. Сомдон барк, жетекчиден нарк кетип турган учур.

Кайсы бир алкактан түшө калгансып карегиме эки кемпир, бир чал урунду. Алар атайын ушулар үчүн жер кезип келгенсип, таштандылар салынган темир челектерди беттеди. Бул жерде жайы-кышы дебей, беш челек турат. Чал эркектик кылып, баштык, баштык алтын тапчудай ортоңку челекке колун биринчи салды. Эки кемпир кылчактагандай саал турушуп, бирден че-

лекти ээледи. Көөдөндөрүн челекке батыра тырмалан-дап, тытып атышты. Тандап, талдап атышты. Мурда челектерди таранчылар тытчу. Азыр алар адамдардын кетишин күтүп, чыркылдап айлана учат. Кудай берди болуп бир кемпирдин колуна чыптамасы менен көйнөк урунуптур. Байлар гана барктаган аземи дүкөнгө кир-гендей наздана эки жолдошун күзгү кылып, шалпай-ган денесине шөлшөйгөн көйнөктү ченеп, кобуранып атты. Эмне деп кобуранганы угулбады. Айтор, көйнөк жакты окшойт, этек-жеңин чойгулап, кынаптап бүктөп баштыгына салды. Чыптаманы курбусуна карматты. Курбусу чыптаманы терекке чапкылай күбүп-кагып кий-ди да, кайра чечпеди. Абышка кемпирлерге жылмая карап, куттук айткансыды. Үчөө калган эки челектин тымтыракайын чыгара тинтишти да кужураша жолдо-руна түшүштү. Челектерди тинтүү иңирге чейин созу-лат. Бири кетсе бири келет. Картошканын кабыгын да алышат. Мен да ушул эле челектерге таштанды төгөм.

– Чочкого же тоокко бересизби? – дедим бир ирет колумдагы чаканы ала коюп, ичиндегисин баштыгына көңтөргөн аялга ыңгайсыздана карап.

– Кайдагы чочко, кайсы тоок? Чарбам болсо бул челектерди тоорубайт элем. Терезeмдин түбүндө узун, туурасы эки кездей жерим бар. Мурда гүл экчүмүн. Эми картошка отургузайын десем үрөнүм жок, үрөн кылам.

– Кабыктар жарабайт го, – дедим арсарсый. Үйдөгү бир табак картошканы бергим келди.

– Жарайт, – деди аял, – ушул жетет. Нака картош-канын кереги жок, – оюмду билип аткансып сүйлөдү. Болгону кыртышын жогору каратып көмүш керек. Калың арчылыптыр. Өнгөн картошканын кабыгы мын-дан бетер жакшы.

Сырлары эскирип, жыртык-тешиги көбөйүп, ку-мурска жорголлогон балконубузда туруп, азыр ошол аял-ды эстедим. Байкуштун картошкасы өндү бекен? Өнсө жегенге жарагандыр...

*05.06.2000.*

# КЫТАЙ БАЗАР

Кечээ кыйратып соода жасачудай кытай базарын (турбаза) бардым. Базар өрттөнүп, соодагерлер кокуйлап атышканын теледен көрсөтүп, радиодон уктурган. «Жер кезип келген байкуштар жер тытып калган го», – деп ойлоп, боор толгогом. Бирок кабагым-кашым деген бири жок. Өткөн жазда барганымда контейнерлеринин үстүн экинчи кабат сыяктантып, тактай менен чатырчалап, самсаалата электр зымдарын өткөрүп атышкан. Өрт кайсы бирөөнүн чатырчасындагы электр зымы үзүлгөндөн чыгыптыр. Анчалык зыян тартышпаса керек. Эми чатырчаларын темирден жасатышып, ишенимтүү орун-очок алгандай баскан-тургандары жайдацдап, көрүнүштөрү октом, эркин. Түркөй эркиндиктин кандай болоору белгилүү го. Соодалап аткан кездемелеринин айрымдарынын оңу өчүп, эскилиги жетип, сапатсыз. Бизди ошол кездемелерге туштук деп билишкен өзөлөрү жерге-сууга тийгизбей мактайт.

– Эй, бика ке! Оногу якши, – деди зериккенинен мурдун чукуп отурган кара тырмак, майланышкан соодагер жерге балч түкүрө кыйгай өтүп бараткан эки кызды өзүнө чакырып. Чөнтөгүнө чактай кездеме караштырган кыздар байырлай калды. – Якши... Карац, карац, – деп атты соодагер ыцырт мыцылдап.

– Канакей жакшылары? Баары окшош го, – деди бабо кыздар.

– Оногу... Менге карац... Оногу... – Колун туш келди серпе мойнун кыржыцдата мылжыцдады соодагер. – Карац э... Карац... – Кандайдыр түшүнүксүз обонду мурдунан кинкилдете рулондордун артын көздөй басты. Кыздар бирин бири суроолуу карай кетенчиктеп кетин калышты. Жециилдене түштүм. Аттин, жокчулуктун жону качан жумшараар экен? Борсуган бөздөрдөн көз өттү го чиркин! Түбү калбырланган көнөчөктөй бырбыйып, ширидей катып баратабыз.

«Пулуц болсо кулуцмун», – деп, темир арабаларына жарым тонна, бир тонна жүктөрдү үйүп, кабыргасы сапала түртүп жүргөн балдарыбыз дүйнөнүн коозлугун базарлардан гана көрүшөт. Кытай базарынын соода-

герлери аларды сөөмөйүн кезей жумшайт. «Дикилде! – дейт – дикилдешет. «Ары туруң!» Колунун сырты менен түртөт. Ары турушат. «Соруң!» – дейт «касиеттүү» түбүн ыргыткылары келбей түтүнүнө чаката карматып. Сорушат. Айтор, аймагыбыздагы бардык окуу жайлары биригип балдарга кытай базарынын соодагерлеринчелик «билим» бералышпайт. Дагы канча жылдарды камтыр экен бул мык турмуш. Кытай соодагерлери кездемелерин «Оптом! Оптом!» саткандай, балдарыбыз да оптом, оптом сатыла береби. «Жалпы үйүбүздү» бүгүн бир сөөмөйдүн астынан миң сөөмөй кезеп туру го.

*13.06.2000.*

## КЕЛЕ ЖАТТЫМ БУЖУРӨП

Ызгаары бетинде ышкырган тонголок жолду чочулай тиктегендиктен, эки жакты кароого чактым жетпей чалыштай басып келаттым. Асфальты эчак жыртылган уңкул-чуңкул жолду ашказанына салып алгансыган кар таман тийген сайын деңиз жээгиндеги үлүлдөрдөй качырайт. Үлүлдөрдүн көпчүлүгү кумга батып аман калат. Кар калдайган тейинче жерге кирип кеталбайт. Из түшкөн сайын каттала качырап күчүнө кирет. Бирок күндүн кулу. Күн жылымык тартса шөлдүрөп, жашылдана түшөт. Кардын өзүнө дагы, мага да жашылданганы эмес, качыраган өктөмдүгү жагат. Ошентсе да бүгүн качыраган аппак карды сүйбөй кыртыштадым. Себеби таманымды илдирете кытыгылап, шылдыңдап аткансыды.

– Байкушум ай, – деди акыры мустайып жата берүүгө чыдамы жетпей. – Эшектей эширейип, жонуңдан жүк түшподү.

– Ишиң болбосун! – Думуга күңк эттим.

– Албетте, ишим жок, – кар ажардана акактанды, – эскертейин дедим, өтүгүндүн таманы самындын далкысындай жука тура. Найзадай азуум көтөрүп чаап тырпыратабы деп чочуп атам.

– Боорукердене калдыңбы?! Он жылдан бери өзүмө сырдана өтүгүм эми сенин майтайган азууңа көтөрүп

чапмакпы?! Кыялданбай эле кой! – Мыскылдай сүйлөп, чыйрак көрүнгүм келди.

– Нак сырдана учурунда чабат! – Кар сүзүлө кубулжуду, – чабылганында азуума аткылып, жамбашыңды көтөралбай каласың.

– Жаагың сынсын кыркылдак! – Салмактуу баштыктарым дал ортомду уюта сыздатып, токтоло калдым.

– Жаагым жазга чейин сынбайт, – деди жылмандаган кар, – билесиң жашоом эми гана башталды. Кыркылдак эмес, карчылдакмын! Жапжаңы, болумдуу өтүктөрдүн таманы жыпылдай төшөлүп, бетимден өбөт. Алар да, мен да ырахаттанам!

– Ырахат эмне экенин билесиңби? – Жактырбай бүлк эттим.

– Билбегендечи, – кар илгиртпей жооп берди, – көрүп турбайсыңбы, бул ирет төрөлөөр замат күчүмө кирдим. Тамандарды эски-жаңысына карата калчайм. Сеникиндей «сыйда» тамандар менден өлөрчө коркот.

– Эки жүздүүсүң, – үнүмдөн кыжаалаттанганым билинип турду, – кимдердин таманын жалаарың белгилүү.

– Менин жүзүмдү ылгаганча өтүгүңдү оңдотуп ал, – деди кар, – оңдотпосоң сөөгүң талкаланат.

– Кепшебе, – ачуум чекеме түйүлдү,– мезгилинден эрте келгенин аздык кылгансып, тилиң ачуу.

– Жаратылыш мыйзамында акчалуулар эмес ким күчтүү болсо ошол жеңет. Жайды жайлай, күздү күздөй жаткан өтүгүң он чакты күндүн ичинде оңдолот беле. Оңдолбойт болчу. Тыйының өтүккө жумшалса ачка каласың.

– Тантыраба! – Чычалай түшүп, жоошудум, – сен этектен тартпаганда үйгө эчак жетмекмин.

– Этегиңден эмес бутуңдан тарттым. Тантырабаганда кантем, букараларга боорум ооруйт. Эртең эле алаканыңарга дан болуп төгүлөм. Таарынба.

– Жылмандаган май көчүк, жумшара калдыңбы? – деп сураарымда оңкомдон сайылчудай сыйгалактап барып оңолдум. Жыгылып, баштыктарым колумдан ыргыса өлө-тала алган азык-түлүктөрүм карга талаш болуп чачылаарын ойлоп, чыйрала түштүм. Кар кылымдарды карытчудай көз тунарта каргып жатты. Келе

жаттым бүжүрөп... Өтүгүмдүн «сыйда» таманы артыма далпайган издерди калтырып атты. Келе жаттым бүжүрөп...

*30.11.2000.*

## КЫТАЙ ДҮКӨН

Өткөн апталардагы катуу сууктарда Совет көчөсү менен Жибекжолунун кесилишиндеги жаңы ачылган кытай дүкөнүнө киргеним эсимден кетпей калды. Эсимден кетпегени дүнүйөсүнүн көптүгүнөн, бааларынын арзандыгынан эмес, ит чыдагыс сууктугунан болду. Байкуш биздин уул-кыздарыбыз чачтарына чейин үшүп, көгөрүп-бозоруп отурушат. Алар дүкөндүн жүк ташуучусу, майда сатуучулары, эшиктин алдындагы көзөмөлчүлөрү болгондугу үчүн эриндери эпке келбей катыпсенип тургандарына кайыл. Чач, тырмактарына чейин тоңгон. Тоңсок мейли дешет. Кожоюндары көсөө ордуна пайдаланышса да ноюшпайт. Анткени тишке кыпчый тургандары бар. Укуктарын, үшүгөндөрүн, шишигендерин айтып, «ички тартипти» бузса кожоюн төбөгө чаап кууп чыгат. Анда кайда барат?.. Кубалангандан көрө ит өлгөн муздак дүкөндө бөйрөк, боорлорунан ажырашса да тыйын таап турса болду.

Күрмөлөрүнүн жакаларына оoздорунката коюшуп, тымызын жөткүрүшөт. Эзиле жөткүрүшөт...

Кожоюн көрбөсө экен жөткүргөндөрүн...

*09.02.2001.*

## КАҢДАЛГАН КАЗАНДАР

Мурда эшиктин коңгуроосу кагылса мейман келди деп дүрбөп, ачканча шашчубуз. Келгендерди жадырапжайнай тосуп, дасторкондогу дүр-дүйүм даамдардан сыза, чер жаза сүйлөшүп, кумардан чыкчубуз. Азыр коңгуроо кагылса көз алдыга кайырчылар тартылат. Жок дегенде күнүнө бирөө келет. Улгайганы, жашы,

балдары, келин-кыздары бар. Бири кийим, бири нан, бири акча сурайт. Эшикти ачкан соң куру койбойбуз. Бирок алар өтө көбөйдү. Шаар ичиндегилердин үчтөн бири кайырчылардай туюлат. Ошондуктан кээде тышка чыккым келбейт. Чоң казан тешик... Кичине казан тешик... Табак тешик... Кашык сынык... Тешилген казандарды канчалык каңдатса да ичине толтурулган ашы түбүнөн сызылып, белгисиз жакка куюла берет экен. Куюлуп бүткөнүн казанды ээлегендер капкагын ачканда көрүшөт да, алакандарын шак коюп: «Бар эле... Толтура эле... Казан эскириптир, жешилиптир...» – деп аңкайышат. Актанышат. «Тешигин кайра каңдатсак ботко кайнатабыз...» – деп сооротушат. Кандаттык дешет. Кайнатышат. Кайра куюлат. Каңдатышат... Казан жаман... Каңдоочу жаман... «Бар эле...» «Май эле...» – дешет. Кап дейбиз.

Казандан куюлгандар кайда сиңгенин аппай атышат. Табылаар бекен?..

*13.02.2001.*

## ӨЛГӨН АДАМ АЛТЫН АЯКТАН СУУ ИЧЕТ

Жашаган коомубуз оорукчал болгондуктан адамдар кабинетинде, базарда, аялдамада отуруп, болбосо урунуп-беринип жумуш издеп жүрүп же үйүндө чайналып жатып, бул дүйнөдөн тажагандай көчүп атышат. «Мээсине кан куюлуптур», «Жүрөгү үзүлүптүр», «Жумуш издеп жүрүп көчөдөн жан бериптир, шордуу» – деп кейип калабыз тирүүлөр. Кейип атып, керт башыбыз эртең эмне болоорун болжой албай тунжурайбыз. Каарылабыз. Коомдун кайдыгерлиги досубуздун таарынычындай, ата-энебиздин какыс-кукусундай, балдарыбыздын туйт этме кыялындай бир серпилип өтүп кетпейт. Кайдыгерлик кокүрөгүбүздү аткуурдай кысып, жүрөк кан тамырларына кирет да, бүткүл денебизди ууландырат. Ууланып бүткөндө ирегеде отурасыңбы, төрдө отурасыңбы баары бир. Кыскасы, алектенип-чалектенип жүрүп, коомго шек келтирбей кете беребиз.

Жакынкы жылдарда өкмөтүбүз ушул тейинде болсо, өлгөн адам алтын аяктан суу ичээрин далилдеп чыгат шекилдүү... «Чоң тойдо кыз жоголот» дегендей башаламандыкта эмнелер гана болбойт...

*07.03.2001.*

## КАКШАГАН ЗАМАН

Бүгүн эркектер мекемеде чогуу иштеген аялдарга эртеңки 8-мартын ызааттай гүл сунду. Чын дилдеринен сундубу же зарылчылыктан сундубу, аны өздөрү билээр. Айтор, гүл сатуучулар акчага марыды. Ал эми эркектердин чөнтөгүндө энелери, жубайлары, кыздары үчүн тыйын калбады. Өзгөчө жетекчилери аялзатынан болгон эркектердин шору катты. Алар Айдай сулуу, Акылкарачачтай акылдуу башчысына анын оң колу болгон Текчилбайдан, Эпчилбайдан калышпай француз духисин же барктуу, баалуу гүлдөрдөн бапырата алып, ийиле, жумула сунушу зарыл. Антпесе, «Акылкарачач» кара тизмеге илип, карайлатып коёт. Карайлагандан Кудай сактасын. Карайлатса үй-бүлөсү таш сугунат. Андан көрө көздөй жакындарынын белексиз калып, балдарынын нан чайнаганы бакыт! Какшыган заман бир тал гүлгө тең кылбады го!

*07.03.2001.*

## МЕН ӨЗГӨРДҮМБҮ ЖЕ БАШКАЛАРБЫ?

Тааныштарым жана жакын туткан адамдарым мурдакы жаркындыктарынан кайтып, келеберилеген кекселикке оошту. Каректери чукуй карап, ишенимсиз жылтырайт. Сөздөрү жөргөмүштүн торундай айлампалуу. Бирок алардан бет буруп кеталбайм. Анткени түбүбүз, кармаган түркүгүбүз бир. Алакандай жергебизден ай сайын болбосо да, жылына эки-үч ирет жолугушаарыбыз айгине. Жолугушкан сайын алар доллардын

кадыр-баркы жөнүндө сүйлөшүп, өздөрүнүн кадыр-баркын көтөрүшөт. Машиналарын жаңыртканын, кабаттап үй салгандарын, салмактуу чыгаандар менен танапташ экенин баса белгилешет. Бажактап атышып, мени суроолуу тиктешет. Үндөбөйм. Себеби чөнтөгүмдүн түбүндө тыйын-тыпыр эле бар. Ал да күнүмдүк тиричиликтин каражаты. Нургазыга окшоп («Ак кеме» тасмасындагы) деңизге сүзүп кетким келет...

Айтор, мен өзгөрдүмбү же башкаларбы?..

*20.04.2001.*

## АРУУ ТИЛЕК

Союздун мезгилинде башка майрамдар сыяктуу эле 1-Май майрамын тосууга бир ай мурда камданчубуз. Түнкү уйкудан кечип, балдарга жаңы кийим тикчүмүн. Мүмкүнчүлүк жетсе өзүбүздү да унутчу эмесмин. Үйдү актап, жууп-тазалап, астанасына чаң кондурбай мизилдетчүмүн. Майрамдап жүрүшкөн туугандар, санаалаштар келчү. Дасторкон тамак-ашка толо жайылып турчу. Балдарды борбордук аянтка ээрчитип чыгып, демонстрацияны көрсөтүп, андан соң паркка алып барып чарчаганча ойнотчубуз. Урунттуу жерлердин баарында оюн-шооктор уюштурулуп, шаар ичи түн бир оокумга чейин шаңга бөлөнчү. Жаш-кары дебей шатыра-шатман жүрчү.Бүгүнчү?..

Бүгүн балконго ашыга чыгып, эски журтта калгандай ээнсирей түштүм. Ээнсирөөнүн сагынычы он жылды басты. Ооба, короообузда кыбыраган жан жок. Теребел жымжырт. Мурдагыдай шаңкылдаган музыка, көңүлдүү ыр кайрыктары он жылдан беркидей эле доошсуз. Түркүн түстүү шарларды көтөрүп, топурандачу балдар баш көтөрбөй уктап аткан сыяктуу. Ыңырт тунжурактан чочугандай тез эле үйгө кирдим. Саатты карасам онго жыйырма мүнөт калыптыр. Мына сенин майрамың деп бирөө келекелегендей шалкая диванга отурдум. Биринчи май өз деңгээлинде турганда эртең мененки сегизден баштап, биз жашаган үйдүн тегерегиндеги көчөлөрдөн, короодон борбордук аянтты көздөй

адамдар кылкылдай чууруп, бут коёрго жер жетпечүдөй туюлчу. Саамдан соң ит үрдү. Майрам шаңы корооgo толо түшкөндөй балконго кайра чыктым. Чаар көйнөкчөн сары чач аял тайганын сойгоктото жетелеп жүрүптүр. Шаабайым сууй түштү. Тайган тумоологон адамдай кечке үйдөн чыкпагандыктан чымчык учса да арсылдап, аны беттей жулунуп атты. Үзүл-кезил кобурлар үйдүн арт жагындагы күркөлөрдөн эшитилди. Демейдегидей эле гөр тирликтин кубулуштары үтүрөйгөн күркөлөрдүн айланасына топтолгондой. Ондогон «күйөрмандары» ары-бери өткөндөргө далысын сала айлап жуулбаган желим стакандан «мүрөк суусун» кылк эттиришет. «Күйөрмандарга» үй-бүлөсүнүн нан кармай келээр деп саргара күткөнү тыйынга татыбайт. Чыдоонун бырын-чырыны чыгаарын, мекен үйүнүн бузуларын капарына илбей аркандалган торпоктой күркөнү айлана «иш бүтүрүп» жүрө беришет. Бирин бири тоноп, күндө күмүш таап аткандай күрпөңдөшөт. Ондогон тагдырлар күркөнүн тегерегинен талкаланат. Нечен чырдын күбөсү болгон күркөлөр жырмылыңдай күлүп, менменсине чермейишет.

Ооба, күркө турмуш күдүрөңдөп өтүп атат. Кайырчыларга күркөсү барлар телегейи тегиздей, бул дүйнөнүн эң бактылууларындай туюлат. Күркөгө келип, быкычыкы алгандар чириген байлардай сөөлөттүү көрүнөт. Аларга карап, алакандарын жаая эмшеңдейт. Чыныгы байлардын эширейген күркөгө жолобосун кайдан түшүнсүн, шордуулар. Кыскасы, союздун учурундагы майрамдардын даңкы, баркы союз менен кошо жоголуп, карапайымдарды базарлар менен күркөлөр тебелеп турган чак. Күн өткөн сайын күркөнү тегеренгендер кайырчыга, кайырчылар селсаяктарга, орто оокат кечиргендер жармачтарга айланып бараткан учур. Учурдан көкжиликтенип эптеп чыксак, көчөлөрүбүздө кайрадан майрам болоор деген аруу тилек гана сактап турат адамдарды.

***01. 05. 2001.***

# КАРА ШАМАЛ

Ыйман, ыйман деп өжөрлөнө сүйлөсөк да ыймандуу болалбадык. Ыйманыбыз жогунан заманга жараша ар ким тиешелүү шорун татаарын өпкө кага айтып, актанабыз. Актануу менен баласы атасынан, энеси кызынан кандай ыкмада болсо да пайда көрүүнү көздөйт. Соодалашат. Жашообузга «жаңы салт» катары кирген ушул сыяктуу коошпостуктардан улам: «Адамдар эмне үчүн карөзгөйлөнүп баратат?» – деген суроону берем өзүмө. «Ээ пенде, азгырыктын жемисиң» – дейт каргыл жаңырык. – Азгырылбай эле... – деп күңк-мыңк этем. Албетте, алаканга алтын толуусун ким көксөбөйт? Бирок карапайымдардын алаканына алтындын кырындысы да конбойт. Алтын да эки жүздүү эпчилдерге кулданат. Момундардын тырмак учундагы сокур тыйындын ээси көп. «Он сом ырымдасаң жолуңду ачам» – деп асылат «көзү ачык». «Өз жолун неге ачпайт?..» – деп ойлоп, аргасыздан жылмаям. «Душманың бутуңду бууп салыптыр», – дейт шакылыктаган «көзү ачык» бура бастырбай, – азыр эле темир чидердин ташын талкан чыгарам. Соодаңдан олжо чууруп, туш-тарабың кыбыла болот да калат. «Соодага шыгым жок», – дейм. «Эмнеге жок? Бар!» – дейт «көзү ачык» күйүп-быша. – Өзүңдөгү касиетти билбейт турбайсыңбы. Сокурбуз да, сокурбуз! Минтип отурсак... – Үрөйү учкандай үрпөңдөйт. Унчукпай тыйын карматам. Жаагы тып басылып, кирпигин туш-тушка кирбиңдете башкаларды бутага алат. Кутулганыма сүйүнүп, жеңилдене түшөм. Бирок эркиндигим көпкө созулбайт. «Нанга тыйын бер?!» – дейт кирилдеген аракеч маңдайыма сайылып. Муздай түшөм. Тигиндейрээктен тишинин кирин соргон бала кылчак-кылчак карайт. Көрмөксөн болом. Азыр баары эле көрмөксөн, билмексен болот. Таягын тарпый сүйрөгөн ачкүзөндөй кемпир алакан жаят. «Кап!» – дейм үшкүрүп, эмнеге үшкүргөнүмдү билбейм. Мүмкүн кемпирдин далысынан өзүмдү көрөөрмүн... Айтор, манжамда чүрүшкөн үлбүрөк көк тыйындарды бөлүштүралбай жандүйнөм жанчылат. «Үйдөн чыкпай эле койсомчу!»

– деп кейиим. Үйдөн деле эшик тындырбай жамырап келет кайырчылар. Үйгө батпай тышка чыгам... Тышка батпай үйгө кирем... Кайырчы менен «көзү ачыктар» талаанын кара шамалындай тытып тур. Үйгө батпай тышка чыгам... Тышка батпай үйгө кирем... Кара шамал коюн-кончту тинтет...

*25.01.2 002.*

## ЖЕЛБЕГЕН НАНДАР

Адамдын көз жашы тамбаган жер жоктур ов, чиркин! Ташка тамды. Сууга тамды. Тикенекке, гүлгө тамды. Жер катмары көз жашка нечен эшилип, нечен кургады. Адам күлүп атканында ый эмне экенин элестете албайт. Кем-карчсыз, түбөлүктүүдөй сезет өзүн. Бул дүйнөнүн тироочү болбостугун айгине сезсе да, бирөөгө үстөмдүк кылганын, акаарат айтканын, көңүлүн калтырганын койбойт. Качан гана өзү там сүзгөндө өзүн таш менен урганды аяп, алгач ирет адамды аёо туюму пайда болот. Кыйма-чийме жолдо тирлик да кыйма-чийме, агыл-төгүл өтөөрүн баамдайт. Эртелеп баамдаса кана, атаганат. Кеч болсо да баамдаганы жакшы. Баамдаган соң кудай алдында кумурскадай экенин сезип жашайт. Ошентип, адамдар дайыма жол мизинде жүрөт. Күндүзү күнгө, түнкүсүн түнгө эркинче карап, эркелей албай биринин ысыгынан, биринин муздагынан чочуйт. Чочулоо, арсарсуу бүт өмүрдү чулгайт.

Өмүр – сугалак. Жылдарды нандай жеп, жегенин билбей калат. Адам өзүн кечээ эле төрөлгөндөй сезет. Эсепке маңжалары кайта-кайта кайталанып, саналган соң гана: «Аттиң!» – деп бармагын тиштейт. Аз жашадым дейт. Адам эч качан көп жашадым дебейт. («Көп жашадым», – деп сыпайыкерчилик үчүн гана айтат.) Көп жашап, үмүтү ташка чабылганына ишенбейт. Өзүн жамандыктан алыстай сезет. Алыс сыяктанган жамандык мурдунуң учунда ойноп, алдынан тороп, артынан жарга түртүп турат.

Азыр эле базардан келатып, врачтар кошунабызды үйүнөн замбилге салып, көтөрүп чыкканын көрдүм. Эшиктин алдында «Тез жардам» машинеси турган. Кошунабыз ар кандай тагдырдагы жүздөгөн адамдар жаткан замбилде сулк жатат. Кызы кызара-татара балактап ыйлап алыптыр. Байкуш кыз демейде тамапы жер басканы менен асманда куюндап жүргөндөй адамдарды жөөлөй өтүп, өзгөчө «тың» эле. Эми бир ууч болуп чүрүшүп, «папалап» ыйлап атат. Папасы бул дүйнөнүн бардык азап-тозогунан кутулуп, тиги дүйнөнүн бейишине чыккандай мемирейт. Кызынын болоктоп ыйлаганы, врачтардын шашыла басканы, коңшулардын кейиштүү караганы ал үчүн маанисин эчак жоготкондой.

Коңшубуз кечээ эле кериле басып, тиричилигин жасап жүргөн. Колтугубуздагы дүкөндө тыйынын санап, нан алып аткан. Тыйыны эртеңки нанга да калганын, керек болсо жүз граммга жетээрин сатуучу кыздарга тамашалай айтып, аларды күлдүрүп, өзү да күлүп аткан. Эртең бүгүнкүсүнөн таттуу нан сатып жемек. Таттууну эч ким жаман көрбөс ов! Себеби жан таттуу эмеспи.

Ооба, кошунабыз бүгүнкү нанын жебей калды... Дагы канчалаган нандар желбей калды?.. Канчалаган көз жаштар төгүлдү?.. Көз жаштар чогуу бир жерге тамса андан мелмилдеген дарыялар пайда болмок.

Кантсе да бычак мизиндеги өмүр барктуу. Анткени кудайды эске салып, адам экениңди эскертип турат.

*21.01.2 003.*

# Көрөңгө сөздөр

## АТАНЫН КАЙРАТЫ УУЛУНА ДЕМ

Уулдуу болгондо уулуңдан мурда өзүңдү тарбияла.

Балдарыңды баштай албасаң бармын деп ойлобо.

Көрөңгөсүз ата дансыз семичкедей.

Жашоонун булуң-буйткасын талдай албаган ата уулуна кыргый.

Туягым күчтүү болсун десең, сайга баскандан талба.

Ачууң келгенде ата экениңди ойлосоң, чектен чыкпайсың.

Кемчилигиңди билгиң келсе, уулуңдан кара.

Уулуңду мактай берип, көзүңдү чукуп алба.

Мыкты ата балдарын баптап баш кылат, жаман ата сабап атып кас кылат.

Жалкоо атага караганда котур эшек пайдалуу.

Баланын баркын билбеген ата элин сүйүп жыргатпайт.

Башыңа иш түшүп, барар жериң жоктой кыйналганыңда жети атаңды эсиңе түшүр. Эгер алардын басып өткөн жолун билсең жолуңдун ачылганы.

Уулуң жаман чыкса, өмүрүңдүн кыскарганы.

Тарбия наркын билбеген ата жарга камалган букадай.

Ата чечкиндүү шердиги, мээнеткеч камкордугу жана көрөгөчтүгү менен ата.

Түркөй ата чээнден чыккан аюудай.

Балдарыңдын ички дүйнөсүн билбесең тарбияладым деп айтпа.

Кемчилигим жок деген атанын бутуна өз кепичи батпайт.

Жакшы ата болуш татаал, жакшы күйөө болуш оңой.

# МОЛДОНУН КУРСАГЫ АЧПАСА, СЕЛДЕСИН ОРОНБОЙТ

Кудайга ишеничти куйруксуз сүйлөгөндөр бузат.

Кудайды оозуң менен эмес, дилиң менен тааны.

«Көзүм ачык», – деп көбүрө сүйлөгөндөрдүн көөдөнү сокур.

Кудайга өзүн сыйлаган адам ишенет.

Кудайга ишенгениң – тазалыкты сүйгөнүң.

Оору кыстаганда күн саналат, көңүл сыздаганда өлүм чакырат.

Кудай кепил кылган оору бир өлтүрөт, ушактын уусу миң өлтүрөт.

Тырмактай оорунду тызылдай берип өөрчүтүп алба.

Ата-бабанын арбагын урматтоо – өзүн жамандыктан коргоо.

Кудай да пейилге жараша колдойт.

Соопчулук алаканга алтын салуу эмес, көңүл бөлүү.

Өзүн тааныган адам Кудайды тааныйт.

Чайкоочу Кудайга караганда пулга сыйынат.

Кыял бейиште жүргөнү менен бут тозокту басат.

Теңирден танбаса күчтүү оорунун да дарысы табылат.

Кудайдын миң билгенинин бирин билген адам бактылуу.

Кудай багыңды кыл көпүрөдөн да ачат.

Жардам күтүп кайрылгандардын мүдөөсүн аткарыш колуңдан келбесе кейибе, анткени алар үчүн кудайдан жакшылык тилесең жардам бергениң ошол.

Жүрөгүңдү төшөп, жакшылык жасаган адамың кайра сенден арам санаса Кудайдын каарына калгандардын бири экен деп түшүн.

Кудайга тил тийгизгениң – өзүңдү өзүң тебелегениң.

## КЕМПАЙГА АКЫЛ АЙТСАҢ, КОБУРАДЫ ДЕЙТ

Улуу адам улуу иш жасап атканын эч качан билбейт.

Атаандаштык адамды курчутат, атаандашың бар экенин туйбасаң сүт тейинче ирийсиң.

Жаштайыңдан «мен» дедирткен мениң болсо, улгайганча ордуңду табасың. «Мени» жок, же «менин» жашыргандарды (баалабагандарды) ач кыйкырыктар тебелейт.

Чыккынчы досуңа караганда Балтек болсо да итиң артык.

Эмнени жаман көрсөң, ал сенин жакаңа жармашып, этегиңе эрмешет. Мисалы, мен калпычылык менен алдамчылыкты жек көрөм, экөө тең алдымды торойт.

Тал чокуга ээлик этүүнү көксөгөн эргул элге «биригип», «ойдогу ушаланмалардан» (момундардан) шаты жасайт да максатына жеткен соң даакысын шыпырып таштап «Марсты багындырганын» бийиктегилерге саймедирейт. Ойдогуларга анын үнү угулбайт.

Жакшы жигиттер көп, бирок эли-журтуна жарыгын тийгизгендер аз.

Убакыттын өткөнүнө сүйүнбөстөн, кайрылбасын ойлоп ыйлаган жакшы.

Алган жарың чукак болсо, душманым жок деп ойлобо.

Тили жумшак өңдөнгөн дили сокурлар көңүлүңдү кайткыс оорудай сыздатып турат.

Жашоо новелласында тууганың төбөңдөн тебелеп, душманың колуңдан тарткан учурлар кездешет.

Колуңдан иш келбесе досторуң жээн, жээндериң карышкыр болот.

Падышалар таажылуу, таажысыз болуп экиге бөлүнөт. Таажылуусу жан багат, таажысызы эл багат.

Аким – ал ким?..

Саясатчылар арбын болсо, мамлекет жарды болот.

Элди алдап, этегиңди жабам деп ойлобо.

Адамдын акылы жаш өзгөчөлүгүнө өтмө катар бутактабаса кийинки муундарга үлгү болалбайт.

Дарыядан кечмелик издеп, душманга жем болгончо, агып кеткен жакшы.

Ушакчы өзүн чеченмин деп баалайт.

Начар адамдан сый көргөнчө, аалым адамдан токмок же.

Чокойчон адам өткөн болоор мезгилин көксөгөнү он.

Бийикке чыккан соң жердеги адамдардын төбөсүнө түкүрбө.

Келчү күн үмүт байлайт, кетчү күн өмүр уурдайт.

Досуңа айтпаган сырың болсо, досум бар деп мактанба.

– Мен! Мен! – деп, көкүрөгүңдү койгулай берсең жүрөгүңө доо кетет.

Дүйнөнү көзүң менен эмес, акылың менен таанысаң анын кереметтигине башыңды ийип, ар дайым ырахаттанып жашайсың.

Бүгүнкү начар турмушуң эртең көзүңдөн учат. Анткени жаштыгың ошол күндөрдүн учугун улаган күрөө тамыры.

Адам өмүр бою жакшылыкка жетем деп жашайт да, жакшылык артында калганын гөргө кирип баратканда туят.

Бүтпөгөн ой – бышпаган тамактай.

Тагдыр талпактай тебелесе да акылдуу адам улам бир бучкагынан которулот.

Үй-бүлөөдө майлыкчалык баркың болбосо жашадым деп ойлобо.

Эшектин тердиги болгончо, аргымактын чому бол.

Мээнетиңди балаңа караганда Жер жебейт.

Калптын да чындыгы, чындыктын да калпы бар.

Эрди-катын элүү жыл бирге жашашса да бирин бири таанбай өтүп кетиши мүмкүн.

Өзүңдү чынар тутуп, өзгөнү куурайсынтпа.

Ушакчы менен иштешсең күндө бир кашык уу ичесиң.

Жеке сырыңды айрым адамдарга караганда жаратылыш менен бөлүш. Жаратылыш сени эч качан алдабайт.

Артына кылчайбаган адам учурун сүйүп жарытпайт.

Бирөөнүн кемчилигин көргөндө өзүндү өлчөөр таразанын бар экенине кубан.

Дээрсизге достошсоң акылдын кереги жок.

Кулагыңа түшкөн сөз жүрөгүңө жетпесе кайсарлыгың.

Кечээ чайлашкан адамың бүгүн учуп кетсе таң калба, өмүр өзүңкү эмес экенин туюн.

Кайыр тилеген жигиттин денесин саткан кыздан айырмасы жок.

Курсагың тойгондо ачканы кемсинтпе, ачкачылык ар кимдин башында бар. Бири нанга, бири тузга жетпейт. Биринин акыл чөйчөгү бөксө. Өзүң эмнеден ачка экениңди гана аныкта.

Бул дүйнөдөн жарым эс боюнча өтөөрүңдү билгенден артык кордук жок.

Жандүйнөсү тар адамдын астына аш койсоң таш койгондой сезет.

Бир туугандардын арасын балдары алыстатат.

Кыйкырып айткан миң сөздөн, ийине чыгара айткан бир сөз артык.

Жашоодо жаңылык ачкансып жайдаңдаганың менен ата-бабалардын изин тытмалаган кумурскасың. Ачсыңбы, токсуңбу, байсыңбы, жардысыңбы, баары бир ошол изден кубаттанып, ошол изге чөгөсүң.

Азыркы түзүлүш адамдардын тиричилигине чек койду. Анткени жакшылыктын карааны алыстап, чартарап тикен сыяктанат. Тикенди курал менен эмес, жүрөгүң менен кесүүгө даяр бол.

Тамчы болуш оңой, булак болуш кыйын.

Мекениң үчүн чок кармасаң колуң күйгөнү менен жүрөгүң күйбөйт.

Көралбастар көзүн тигип, ушактар мөндүрдөй сабап, кардың ачып калчылдасаң да, үлпөттөн чолооң тийбей үлпүлдөсөң да сабырдуу бол.

Келиниң начар чыкса, уулумдан убай көрөм деп ойлобо.

Көзү сокурга жол ач, көөдөнү сокурдан кач.

Адам жашоо үчүн канчалык кумарланса, ошончолук иштейт.

Көп окуп, көптү үйрөнгөн сайын ким экениңди билесиң.

Бирөөгө жакшылык кылсаң ал адамдан кайра кайрымын күтпө, сага башка бирөө жакшылык кылат.

Өз башы менен эмес, бирөөнүн башы менен ойлогон жетекчилер көбөйгөндө эл ичи бөлүнүп-жарылып, турмуш начарлайт.

«Баркымды көтөрөм», – деп, мансаптууну издебе, байкуш болуп каласың.

Жашоого эмес, байлыкка кызыгып жашагандар бар.

Илимдин доктору болгону менен адамкерчиликтин кандидаты болалбаган даражалуулар кездешет.

Кечээ сага жамандык кылган адам бүгүн мандайыңда жалпылдаса акылына кириптир деп ойлобо. Ал шишесиз күйгөн чырактай. Өзүнө керексиз учурунда жалп өчүп, керектээринде күндүз да түнү балбылдайт.

Адам болуп төрөлүп, адам боюнча көзү өткөндөр өтө сейрек.

Тоонун чокусун тиктеп, жылаңач сүйлөгөндөн көрө жерге бир укум тал сай.

Бирөөнүн булгаары өтүгүнө көз артпай чокоюңду күтө билсең бүтүң өтүкчөндүкүнөн жылуу жүрөт.

Балдарың начар чыкса жүрөгүңдү, душманың көп чыкса башыңды оорутат.

Чоң кызматка жетүүгө эмес, чоң адам болууга аракеттен.

Кандай адам экениңди өз таразаңа салып көр.

Эки жүздүүнүн өтүгүнүн үстү майланганы менен тамины бүтөлбөйт.

Нарксыз адамдын наркы жок.

Небере – өз балаң, өзүңдүн балаң – бирөөнүн баласы.

«Душман көзүнө», – деп бир айлык ашыңды бир күндө ичип алба.

Душман бош жериңди издейт, тууган капчыгыңды тиктейт.

Кемпайга акыл айтсаң, кобурады дейт.

Дыйкан – жер менен, соодагер – бөз менен мактанат.

Бирөөдөн сый алсаң, кайыр бере жүр.

Курсагыңдын тойгону күнүмдүк, көңүлүңдүн тойгону кылымдык.

Сыйынды түшүнгөн адам ыйынды түшүнөт.

Көөпайдын көңүлүн көтөрмөккө астына бал койсоң, аягын керет.

Балам жакшы, чөйрөсү жаман деп безилдөөдөн мурда таш толтурулган куржунду мойнуңа ким артканын туй.

Бирөө сага ийне көзүндөй жакшылык кылса, өтөөсүн төөнүн көзүндөй кайтар.

Баландын кемчилигин жолдошуна түртө салып, жашырам дебе.

Досуңдун көңүлүн калтырсаң – өзүңө бычак урганың.

Бирөөгө жакшылык кылганың – өзүңдү сыйлаганың.

Элден окчун жашаган өкмөт өгөй атадай.

Коом – адамдын жүрөгү.

Эр жигиттин колу – жубайы, жаман чыкса кыскарат.

Куданы пайгамбардай күт, кудайдай сыйла. Эгер урматыңды түшүнбөй жаш үй-бүлөгө кол салса арыстан бол, жолборс бол, ал чычкан болот да калат.

Күйөө бала жакшы чыкса уул тапканың, начар чыкса айыкпас дартка чалдыкканың.

Жүрөк каалабаган иш ийгилик бербейт.

Кайрылып артыңа караганыңда баскан изиң көрүнсө, бул дүйнөдө жашаганың чын.

«Мен» дегендин баары эле жетекчи эмес, «а» дегендин баары эле акын эмес.

Бутуңду чөнөр тилээрин токойду аралай электе туюн.

Балаңа берген даамыңды доомат кылба, анткени өзүң ата-энеңдин наныйнан кутулган жоксуң.

Акыл байлыгын баалабагандан артык жардылык жок.

Оозунда сөзүн жок болсо да кулагыңды жаппа.

Өтүмдүү болом деп өпкөңдү чапкылаба, анын да жарылчу мезгили бар.

Төбөң булут кечкенде элден бийикмин деп кубанба, бардыгын элден алгансың.

Жашоонун жайлоосунда жатканда кыштоосу болоорун унутпа.

Досуң сага көзүн берсе, сен жүрөгүңдү бер.

Беттин сулуулугу белекке бере салган буюмдай, акылдын сулуулугу гүлазык.

Тиги дүйнөнүн бейишинен бул дүйнөнүн тозогу артык.

Ар бир ишти баштаарыңда адам экениңди унутпа.

Өзгөнүн кемчилигин издештиргенден көрө, өзүңдүн ички дүйнөңдү талда.

Суу жыгачка от тутантуу менен түркөйгө акыл кошуунун азабы бир.

Ажалдан эмес, эки жүздүүлөрдүн сылап-сыйпаганынан корк.

Жарык дүйнөнүн тозогунда бирин бири түшүнбөгөн эрди-катындар жашайт .

Баланды башынан сыласаң колуңду силксе, анын кандай экенин калыстардан сурабай эле кой.

Бир адамдын көңүлүн алам деп, миң адамдын жүрөгүн сыздатпа.

Баланы багыш ырахат, акыл кошуш азап.

Тууғандын начары тороп сүйлөйт.

Тапан – какшыкчыл, кыйды – өөнчүл.

Душмандын көралбастыгы курчутат, тууғандын коралбастыгы чүнчүтөт.

Өз дараметине ишенбеген адам даңктууларды досум деп сүйлөйт.

Өйдөсүнгөндөргө жонуңду салсаң: «Кызматы жогорулаган экен», – деп таманыңдын астына жата калат.

Акылсызга ыба карасаң, үзүгүнө чычат.

Сулуу ботко жеген күнү мөгдүрөп, бал жеген күнү магдыраба.

Ый ажалдын чырагына май тамызат.

Акмактан миң дилде карыз алгандан көрө, кудайдан жарты тыйын үмүт эткен жакшы.

Төөнүн өркөчү экөө болгону менен буйласынан тарткан жакка басат.

Тирүүндө он кишинин ажатын ачсаң, бейишке чыкканың ошол.

Ушул кенен жарык дүйнөдө гөрдүн ичинде жашагансыган адамдар да бар.

Көр оокатына чиренгендерге дасторкондош болгончо чөл кезген артык.

Жалгыздык үч кереге дубал сымал.

Кичүүлөргө улуулугуңду доомат кыла берсең, алар сени сасыктумоодой кабыл алат.

Жакындарыңдын арасында ак дилиңди тескери бургандар болсо, үч чөмүч өмүрүңдүн бир чөмүчү ташка тамат.

Колтугуна кирип алып, баркыңды кетирген сырдашыңдан чекеге аткан душман артык.

Мүчүлүшү арбын чыгарма–шыпырынды сымал.

Эгер сен жөнүндө таразасыз сөздөр айтылса, этегиңе жабышкан бир тал чөптөй көр.

Алдыңа аш койгондорду акыреттик досум дей бербе.

Байлык битирдикти, жардылык марттыкты талап кылат.

Уулуңдун алаканына ал аял алганча, кызыңдын алаканына ал күйөөгө чыккан соң отурасын.

Орду жок сөз – майсыз боткодой.

Элдин жүгүн таманыңды таш тилсе да көтөрсөң мүрөктүн суусун ичесиң.

Акындардын ичинен да абийирин бийик туткандар акын.

Казан-аягың аралашкан коңшуң даражалуу кызматка жеткенде эшигин тарс жапса, андан кутулганыңа сүйүн.

Акылдуусунуп жулунба, акмактыгыңды ашкерелеп аласың.

Бийлиги күчтүү жакка оой берген адам – атылган ок.

Жол жүргөндөгү жолдошуң – бүйрөлүк.

Кемчилигин сезбеген адамды ичи тардык жейт.

Өзүн мактаганга өнөк болбо.

Начар жетекчи байлоодогу иттей.

Даңкка жетем деп, даргага асылып калба.

Он адам бирге күлгөнү менен дооштору түркүн чыгат.

Дос издебе, өзүңдү өзүң таппайсың.

Кызматың колдон учса саламчы досторуң эшигинин жылчыгынан карайт.

Кызмат ордун бетке кармап сүйлөгөн адам суугa ыргытылган таш сымал.

Жанындагы адамдын ким экенин билбесең мактай башта.

Чыгармачыл иштин тозок экенин начар чыгарма жаратканда билесин.

Баланын жагымсыз жактарын эркелигине ыйгаруу айла түгөнгөндөгү ыкма.

Кызматташтар эрди-катын сыяктуу.

Анткор жана жасалма сыйдан корк.

Адамдын сөзүнө эмес көзүнө ынан.

Торгой тозокту сайрайт.

Түркөйгө теңелсең, короонду алабата басат.

Башына түн түшкөн адамга нуска айтканча ырдап бер.

Өмүрүндүн өткөнүн күзгүдөн эмес, эмгегиңден бил.

Төө тикенди: «Төрдү ээлеген төө жакшы көрөт», – деп, жакасына төөнөп алгандар бар.

Өзгөчө уяттуу учурун – балаң үчүн жер караганың.

Кылымдар жаңырган менен адамдар эски.

Досторуңдун ичинде касың, кастарыңдын ичинде досун бар.

Адамдын эң башкы касиети – боорукердик. Андан кол жууганда өзүн өзү жок кылат.

Чукак эр алпештеген сайын алаканыңа чычат.

Көп нерсеге көзүң жеткенде алардан эчак куружалак калган болосуң.

Үкү: «Бул жарыкчылыкта мен көрбөгөн укмуш калбады» – деп, чычкандын оозун ачырыптыр.

Тубаса түркөй академияны алты ирет бүтсө да тейпинде калат.

Мурунтугу үзүлгөн он баладан мурду бүтүн бир бала артык.

Ичине таш салынган капты алтын толтурдум деп жаныңды сабай кыйкырсаң да, үнүң ишенимдүү чыкпайт.

Дилинди түшүнбөгөн адам менен жүз жыл өмүр сүргөнчө түшүнгөн адам менен түш жарым жашаган артык.

Жакшылык кылган адамың сага жардамы тиер учурунда дүгдүйүп жер чукуса кейибе, анткени анын ашказаны гана иштейт.

Акылсызга насаат айтсаң, сөздүн маанисин эмес, бүтүшүн ойлойт.

Эртеңкини ойлогон бала эрте эсейет.

Ууну билбей жуткан адамдан жакшылыгыңды аяба.

Пайдасы элге тийбеген жетекчи биликсиз чырактай.

Чегип сүйлөгөн адам – чекеге чыккан чыйкан.

Балдарың баркыңды жаның жаннатка кеткенде билет.

Ар бир күн адамы менен улуу.

Баркыңды билбеске сырыңды айтпа.

Бирөөгө таарынардан мурда анын ким экенин ойло.

Атаандаштарың канчалык көп болсо ишиң ошончолук жакшырат.

Досуңдун ичи тарыса, жакыныңды жамандайт.

Жарыкчылыкта ким экениңди билгиң келсе, өзүңдү бийиктен издебе.

Жогорку бийлик акылдын чеги эмес.

Жаштыгыңдын өткөнүнө эмес, бекер кеткен мезгилдерине өкүн.

Чыгармачылыктагы адам жылдын төрт мезгили сыяктуу.

Чыныгы бир жигит чырылдаган миң жигитке татыйт.

Досуң – кас, касың – дос болгондо бул дүйнөдө кыйчалыштар арбын экенин, төбөң обого тийгени менен бир чымчым топурак экениңди түшүнөсүң.

Жамандык желкеңден басса, жакшылык кулагыңдан тартат.

Жан кейиткен жагымсыздыктан сергектик гана арачалайт.

Кызматташтар канчалык кыйдыланса да, бир казанда кайнайт.

Жашоо жарыкчылыктын жакшылыктарына күбө болуу үчүн керек.

Чыгаан уулдарды чыт курсактар тебелеп турганда заман оңолбойт.

Бир атанын балдары бир чамгаракты кармай албаса, замандын тардыгы.

Президентти калк эмес, президент калкты таануууга тийиш.

## ЧЫНЫГЫ БААТЫР – ӨМҮР КОЛУНДА ТУРГАН АДАМ

«Туулмак бар, өлмөк бар», – дешет. Туулуу менен өлүүнүн ортосуна өмүр чак келбейт, анткени экөө бир дүйнө.

Жашоо үчүн күрөшкөндү билбесең жашадым деп ойлобо.

Өмүр – утууга мүмкүнчүлүк бербеген чексиздик.

Күлкү күнүмдүк, ый түбөлүк, себеби өмүр ый менен башталып, ый менен бүтөт.

Өмүр өксүгү – бош кеткен күндөр.

Өмүрдү ашкере ичкен суу да кыскартат.

Өмүр – аккан суу. Сага ыйгарылган тамчысын күмүштөй созуп, тамшана деңизге кош.

Таманыңды таш тилип турганда санааңды санга бөлбөй гүлгө бөл, өмүр аздектеген адамды жактырат.

Кийинки муундарга керек экениңди сезсең, өмүрүң үч эсеге узарат.

Ажал чекеге черткен сайын жашоо кызыктырат.

Дартты дарыдан мурда кайрат жеңет.

Жашооң – күнүмдүк, өмүрүң – түбөлүк.

Өмүр кербен сымал. Узак жолго бирөө жүгүн бир төөгө жүктөп аттанса, бирөө жүз төөгө жүктөп аттанат.

Ден соолугунан ажыраган адам – өмүрдүн көлөкөсү.

Өмүрдү жыргатуу куш жууркаңга оронуп жатуу эмес, өзүнө өзүн кул кылуу.

Өмүр шамал менен киндиктеш, өңкөндөтө кубалап отуруп бир көбөткө ыргытып таштайт.

Өмүр чайга салган канттай кашыктын учунда эрип, кармалбай калат да ал үчүн чайдын тамчысын калтырбай ууртаганыңды, тамшанганыңды, ырахаттанганыңды билбей каласың.

## АРАКЕЧТИН ТЕҢИРИ – ИЧИМДИК

Аракечтен жеме уксаң өзүнө таарын, себеби анын жандүйнөсүнө өзүң киргенсиң.

Ичкичке жүз нуска айтканча жүз грамм арак берсең, алкоосуна татыйсың.

Аракеч менен танапташ болгончо ит менен табакташ бол.

Арак сени ичпесин, сен аракты ич.

Аракечтин убадасы иттин үргөнүндөй.

Аракеч менен кечирген турмуштан ич өткөк оорусу артык.

Ичкиликтен жаралган наристенин таңдайына эмчек сүтү татыбайт.

Аракеч бактысын бөтөлкөдөн издейт.

## КАРЫ АДАМ – УЛУУ ЧЕП

Карынын нускоосу үй-бүлөдөн баштап, бүтүндөй айылды чачыратпай бир максатты көздөтүп, ынтымактын тутумунда кармаган урагыс, көөнөргүс улуу чеп.

Өмүр алыстай баштаганда өчүүнү ойлобой жаңы иштерди колго алып, Теңир али да жылуу карап тургандын туй.

Карылык адамга бирде наристедей сүйкүмдүүлүктү, бирде ырылдаган өзүмчүлдүктү, бирде аракечтин кулкунун, бирде бабалардын сөөлөтүн берип сынайт. Бардык учурда устат экениңди унутпоого тийишсиң. Унутсаң башыңдагы дөөлөттү түркөйлүк сыйра чабат.

Карылык эти жок сөөктөй сүйкүмсүз да, түрткүнчүк.

Карылык – зеригүүнүн аялдамасы.

Карынын жүзү – тарыхтын бети.

Артыңдан келаткан жаш адамга бош аягыңды сунба.

Жашың өйдөлөгөн сайын акылыңды бак, антпесең бат алжып, тез карыйсың.

Карылык тамыры терең кеткен дарактай. Көчөттөрү улам бир жерден таш жарып, өсө берет.

Жашоонун канча калганын оору билет.

Карылыгыңды жаштарга доомат кылба, анткени алардын жүгү сеникинен оор.

Карылык менен ашыктык оорусу бирдей.

Көптү билген кары да кээде өспүрүм сыяктуу.

Карыганда сөөлөт күтөм десең жаштыгыңды бекер өткөрбө.

Карылык сүт үстүндөгү каймактай калдайып көрүнгөнү менен морт. Орунсуз тамашага, кылыгый көз карашка, орой мамилеге туруштук бералбайт.

## АЯЛ – ЖЕР ШАРЫНЫН ЖҮЛҮНҮ

Аялзаты арыктын кырында чырылдаса, коомдун чөгүп бараткасы.

Курбуларынан кол жууган аялдын эри мажес.

Аялдын кекирейгени эрин чүнчүтөт.

Эркектин кекирейгени элин жүдөтөт.

Аял жаштыгы таштап баратканын эринин кирпигинен байкайт.

Жаман аял жамбаштап жатып алып, жанымды багып атам дейт.

Бардык энелердин кубанычы, кайгысы, арманы бир. Анткени алар жүлүнүн сыздатып, жарык дүйнөгө алып келген наристесинин адам же наадан болоорун билбейт.

Баланы эне төрөйт, боорун жерге тартып, жаратылыш торолтот.

Эне – баланын кудайы! Кудайын тааныбаган бала кутурган итке окшош.

Тогөрөктүн төрт бурчун бириктирип, ааламды ажарына чыгара турган аялдан башка күч жок.

Сулуу аял көз тойгузат, акылдуу аял мээ толтурат.

Эринин алаканынан турмуштун жагымдуу илебин сезип жашаган аял бактылуу.

Аялды он эркектин экөө гана сыйлайт, сегизи артыкмын деп ойлойт.

Мезгил бир карытса, жаман эр эки карытат.

Бул дүйнөдөгү эң бактылуулар баласы бейчеки чыкпаган энелер.

Аялдын изгилигин эри түшүнбөсө, бечара зайыптын өмүрү зынданда отургандай өтөт.

Аял кучагы гүлгө толуп турса да өзүн тикенде отургандай сезет, себеби дүйнөнүн тынчтыгын самайт.

Жеңил аялдын күлкүсү күчтүү.

Аял эрин мактай берсе, эринин качырдан артыкчылыгы жок.

Эринин буту менен баскан аял эдирендесе да бечел.

Кызың менен сырдаш болсоң жаш курагың колдон учпайт.

Сулуу аялдар менен маектешкенде сулуусуң деп айтуудан тартынба, алар да сенин жакшы жактарыңды көрөт.

Ашкере ачууң келсе да күйөөңө балит сөз айтпа, айтсаң сени сыйлоосу начарлайт.

Көпчүлүк менен турганыңда жалтырак-жултурактарга жулуна карап, ачкөздүгүңдү далилдебе.

Жүзүңдүн серттигин ички дүйнөңдүн тазалыгы менен жуу.

Жубайлуу болгонуңа кубанба, эртелик кылат. Чыныгы адам тапканыңды билгенде гана кубан. Ал кубаныч түбөлүктүү.

Эри ичкич аял тирүү жүрүп эле бул дүйнөнүн эле эмес, тиги дүйнөнүн да тозогун көрөт.

Эриңдин көзүнүн башкага түшкөнү – сенден жүрөгүн бөлгөнү. Аны ооздуктаймын деп кор болбо. Сенин чекеңди аны элестетип туруп сылайт.

Эрден багы ачылбаган аял эшекке токулуп калган аргымакээрдей.

Уулуң мажес чыкса, эриңдин жаш чагы деп бил.

Баланды мактай берип, көзүңдү чукуп алба.

Эне үчүн баладан көңүл калгандан артык кордук жок.

Уулуң улпак жедирген, кызың кымыран ичирген учурлар болот.

Эне: «Кызым жаңылбасын», – деп, анын изин тиктейт, кызы жазгырмакка токойго кирет.

Аял – аялга кас, анткени биринен бири сулуу.

Келиниңдин жамандыгы – уулуңдун кемчилиги.

Кызың күйүмдүү чыкса, кулачың узарат.

Аял – аял болуу бактысы ыйгарылгандыгы үчүн бактылуу.

Ички дүйнөң тазарбаса, эндик сүйкөнүп ажарыңа чыкпайсың.

Аялдын бузулганы үнүнөн, эркектин бузулганы көзүнөн билинет.

## СҮЙҮҮ – ӨМҮРДҮН ТОЛУКТООЧУ

«Сүйүү жок», – деп безилдеген адам өзү эч качан сүйө билбеген жан.

Жашың улгайганда керексизмин деп коомдон четтебе, анткени коомго болгон сүйүүң жаңы гана башталат.

Жаш кезде жүрөк сүйүүдөн ооруса, картайганда сөздөн ооруйт.

Жүрөгүңдөн сүйүү өчпөсө, өмүрүң узарат.

Көз кубанткан сулуунун баары жүрөккө батпайт.

Сүйүүнүн оорусу чок болуп куйкаласа да сүйкүмдүү. Карылыктын оорусу ат көтөргүс барк берсе да сүйкүмсүз.

Калп сүйүүнүн каймагы болгончо, чыныгы сүйүүнүн Мажнуну бол.

Сүйүүсүз адам – бейит.

Сүйүүгө байыс бербеген адам ооруга да байыс бербейт.

Сүйүүнү бирөөнүн жүрөгүнөн эмес, өзүңдөн изде.

Сүйүүнү түшүнбөгөн жаш адам төшөктү эңсейт.

Каалооңду канагаттандыргандын баарын сүйдүм дебе, бул дүйнөдөн сүйүүнүн эмне экенин билбей өтүп кетесиң.

Жеңил ойлуулардын сүйүүсү бөздүн жибиндей.

Чыныгы сүйүү менен делебенин ажырымын билбесең, аңгектен башың чыкпайт.

Сүйүү сокурдугу менен барктуу.

## КЫЗ ТАРБИЯЛАШ – КЫЛЫМДЫК ЖУМУШ

Кыз төркүнүнө кызматы менен сүйкүмдүү.

Кыз көпсө, энесине каяша айтат, уул көпсө, кошуналарын уктатпайт.

Кызың жаман чыкса, кыйбас досуң кетет.

Эже-сиңдилүү кыз бактылуу.

Эгер кызың сени алдай баштаса, анын эчак эле кыйды кылтакка түшкөнү.

Кыз жалкоосу чарбачылыкка мажирөө болгону менен ышкылык жаатын каш кагымда устакандайт.

Кылтыгый кызга караганда былтыгый кыз дурус.

Мээси далбыр кыздын жүрөгү калбыр.

Кызың жеңил чыкса, тыям деп өмүрүңдү кыскартпа. Ээлигип турган чагында сага таш ыргыткандан тартынбайт.

Күндөн бүткөн нур кыз, жигитти мажбурлап сүйдүргөнчө жүрөгүңдү чокко ыргыт. Күйөт да өзүңдү баалаган мыкты адамдын колуна тиет.

Ууз кыз баркыңды билбеске сүйөөрүңдү айтпа, ал сага сен ойлогондой бакыт алып келбейт.

## АЧ КӨЗДҮК – АЙЫКПАС ДАРТ

Ач көз ыштаныңдын алаасын да кесип алат.

Беш сомдук белек берип, он сомуңду алмайынча айланчыктаган досуңду бар экен деп ойлобо.

Соодагер жандүйнөсүн да сатып жибергенин көзү өтөөрдө түшүнөт.

Казаның кайнаган менен пейилиң тар болсо карчытың чыкпайт.

Май кармаганда да бармагыңды оозуңа жеткирбе.

Байлыгына чиренип, баатырларча сүйлөгөндөрдүн көчүгү бош.

Уурдап байлык күткөнүң – бул дүйнөдөн туяксыз өткөнүң.

Ашказаныңды толтуруудан мурда мээңди толтур. Ошондо ичкениң аш болот.

Таз жоруга караганда сокур чычкандын тиричилиги жакшы.

Жандүйнөсү жарды адам байлыкка жетсе да жарды жашайт.

Акчаны ээрчиген адам отко түшкөн көпөлөктөй. Акча ээрчиген адам Теңирдин сүйгөн кулу.

Кайрымын сурап жасаган жакшылык таш менен ургандай.

Акчага кул болгондор тирүүлүктүн баркын билбейт.

Жер сени алдабайт, сен жерди алдайсың.

Ач көзгө этегиңди кесип алса да таарынба, анткени ал өзүнүн кийимин чокко жашырат.

Саран май кармаса да уу ичет.

Чөнтөгүндө бир тыйын калбаса да жок дебе, жок деген сайын өзөгүң карарат.

Ач көз бир сомун миң кылам деп жулунуп атып, адам экенин унутуп коёт.

Чөнтөгү толтура киши эңкейгенден эринет, жүрөгү таза киши какайганданеригет.

Коом кордоп турган чакта май жуткан менен аш болбойт.

Ач көздүк аяк толтурган менен карын толтурбайт.

Ыймандуулук деп чекеге жазып алган үлгү териден ары өтпөйт.

Курсагыңдын тойгону күнүмдүк, көңүлүңдүн тойгону кылымдык.

Сүткорго башыңдын ооруганын айтпа.

Бироонун алаканындагы тыйынга көз артпай чөнтөгүңдүн жыртыгын жама.

Уурдап ичкен эмес, сурап ичкен аш болот.

Бироону алдадым деп кубанба, сени алдоочулар базарда канча киши болсо – ошончо.

# Баамдар

## КӨБӨЙСӨ ЭКЕН

Мүнүшкөр бүркүттү, эл эрди таптайт. Бүркүттүн тубаса асылдыгына табы жарашса, кыраан чыгаары шексиз. Атам айтчу: «Бүркүттүн кыраандыгын байкоо татаал эмес. Анткени кыраан бүркүттүн канат-куйругу сынып, кайнаган кызгылт көзүнөн буу көтөрүлгөнсүп турат. Андай шерлерди бир далай бүркүттөр акмалап жүрүп, жандарын багат», – деп. Бирок атам айткандай, шер бүркүттөр сейрек окшобойбу. Тоодо туулуп, тоодо чоңойгонум менен аларды байкабаптырмын. Ошентсе да, азыркы учурда: «Кыраан бүркүттөй жигиттер көбөйсө экен», – деп, тилейм.

*07.01.1995.*

## КЫЗГАНЫЧТЫН ҮЧ ТҮРҮ

Жубайлар ортосундагы кызганычтын жеңили, тереңи жана түркөйү бар.

Жеңил кызганыч тамырсыз. Жубайлар бирин бири маңдайларына конгон көпөлөктөн да кызганышат. Түтөшөт. Бирок эстерин бат жыят. Кызганып кызганычтын, таарынып таарынычтын аягына чыгышпайт. Чыныгы сүйүүнүн жоктугуна наалып, кер-мурун унутушат. Кечиришет. Бирин бири жетелеп, өмүр сүрө беришет.

Терең кызганычтагы жубайлар чоң сүйүүнү башынан кечиргендер. Булар өздөрүнүн эмес, бири-биринин жүрөгүндө жашайт. Көздөрү өткөнчө жаны гана баш

кошкондой бири-бирине суктанышат. Урматташат. Бирин бири кыйшык көздөрдөн, айыңчылардын сөздөрүнөн, ажалдын арбашынан кызганат. Бирин бири коргоп, отко түшүүгө, сууга чөгүүгө даяр. Сүйүү үчүн жашашат.

Түркой кызганыч – шектенүүнүн кулу. Бири-бирине ишенимсиз. Азап-тозоктуу. Кызганычка майда-чоң, жагымдуу да жагымсыз жагдайлар шыкак берип, бирин бири мазактайт. Алар сүйүү үчүн эмес, куру намыс үчүн жашашат. Бирин бири жасалма сыйлап, жасалма сүйөт.

*04.03. 2001.*

## ЖАШ ЖӨНҮНДӨ

50 жаш – саздактагы гүл. Сазга өскөн гүлдү «айий, жакшы экен» – дегени менен эч кимдин үзүп алгысы келбейт.

60 жаш – орүш. Өзүм үчүн жашасамбы деген курак.

70 жаш – эрмен. Эрменди эчкиден башка мал сүйбөгөндөй эле кемпир менен чал бири-бирине гана жолок болчу учур.

80 жаш – өстөндөгү муз. Өстөндүн музу жаздын алгачкы илебинде эле эрип жок болот. Бул жаштагы карыялар да саат санап, жылмаңдаган ажалды күтөт.

*13.10.1991.*

## ЖАШОО АЛФАВИТТЕРИ

Адам жашоо үчүн күрөшсө, жашоо адамды жок кылуу үчүн жекеме-жеке күрөшкө чакыргансыйт. Адам жашоого бетме-бет чыгып, аны багындырууну көксөйт. Жер тытып, эгин эгет. Көз кумарын кандыра көйкөлө бышкан маалында эгинин кырсык чалып, мөндүр тал-

калап же сел басса Адам дан ордуна топо мыкчыйт. Топо мыкчып атып, ак-караны талдап, ким күнөөлүү экенин далилдегиси келет. Талдап далилдегенче жүрөгү кабынан ыргыйт. Демек, адам жашоо алфавитин таанып бүтөлегинде эле жел үйлөгөн чырактай жалп өчөт. Жол төтө жана кыска. Кыска жолду узартуу үчүн бүгүнкү ишти эртеңкиге калтырба, боорум?!

*17. 01.2000.*

## АТТИН̡

Энем кийим-кече тигип атканында учугунун учун кайра-кайра чыйратып, ийнесин шыкаалай жарык кубалачу. Ак нерсенин бетине тосчу. Ошентсе да учугу ийненин көзүнөн тескери кетчү. Кармаган кайчысы колунан ыргып, кесип аткан кездемеси жерге жылбышчу. Тигүүчү машинесининин ийнеси менен ит жыгылыш болчу. Азыр мен да ошентем, энем эсиме түшөт.

Түз жолдон мүдүрүлүп, кыймылы кашаң, олдоксон тартып, колунан жарытылуу иш чыкпай атканын айтчу. Балдарына жүк болуудан чочуурун туюндурчу. Бекерчилик белден басат деп жамбаштай жатканды жактырчу эмес. Азыр мен да ошондой ахывалдамын.

Үйдөн алыска чыккысы келбегенин, мейман күткөндү жактырганы менен меймандга барганга табити тартпаганын айтчу. Азыр мен да ошентем. Энем тык эсиме түшөт.

Улгайганда карылыктын илдеттеринен тышкары да көңүл оорусу болоорун кеч түшүндүм. Аш тапканга жарап, эсейген соң ар кимибиз өз арабабызды тарттык. Өз тиричилигибиз үчүн күрөштүк. Өз үй-бүлөбүздү сактадык. Атам өткөн соң энемдин чарбасын ойдогудай жүргүзүп, көз карандысыз жашап атканына кубандык. Бирок аттиң өз учурунда көңүл оорусун таба билип, дабагер болгонубузда энем байкуш жүзгө чыкмак тура. Аттиң!

*08.12.2000.*

# АЯЛ – МУНАРЫК

1. Эркектин мыктысы мажирөө аялын билги, кут, чырак атап алаканына салат. Аялдын жөнсүздүгү билинбей даңкталып, жаш өзгөчөлүгүнө жараша ыймандуу келин, керилген катын, манаттай байбиче аталат.

2. Эркектин жаманы акылгөй, кеменгер перизаадanын оң жамбашына от жагып, сол жамбашына соку күүшөйт. Эриңмин деп эрикkенде чөгөлөтөт. Перинин ай чырайы супара, нурдуу көзү кудук болот. Күйкөдөй келин, ыңырчактай катын, чылпактаган кемпир аталат.

3. Эркектин орточосу оргу-баргы эр болот. Бирде маңдайын, бирде далысын көрсөтөт. Маңдайын көргөндө жылыган жүрөк далысын көргөндө сыздайт. Зайыбы акыл консо: «Аялдын чачы узун, акылы кыска», – деп, зиркилдейт же корс-корс күлөт. Корс күлгөнү жайгарганы, зиркилдегени доодүробө деп зекигени. Ызакор келин, чырдуу катын, апенди байбиче аталат. Ошентип, зекилип, жайгарылып, нардай бардыгын көтөрүп, эне экенине дем байлап, балдарына керек экенине ырaазы болуп, жашап келет. Аял – мунарык.

*27.03.2001*

# КУРАККА КАРАБАЙТ

Сүйүү куракка карабайт. Эгер кырчын чагында башынан кечирбес жестимиш жаштан өткөндө деле жүлүнүн зыркырата жүрөгүн сууруп алып, Мажнун кылып коюшу ыктымал. Карыянын чоң сүйүүнүн курмандыгы болуп аткaны эч качан акыл-эсибизге жуушпайт. Үй-бүлөсү кулк-мүнөзүнүн кескин өзгөргөнүн таң кала кеп кылып, алжып калды дешет. Алжып калыптыр дейбиз. Ошентип байкуш карт Мажнун «алжып» жүрүп, калган өмүрүн тозокто өткөрөт.

Сүйүү да өз учурунда барктуу жана асыл тура.

*30. 04.2001.*

# ЖАҢЫ МҮНӨЗ

1964-жылы энем алтымыш жашта экен. «Экен» дегеним ал убакта элет жеринде эч ким жаш тоголоктоп, той өткөрчү эмес. Жашын эсептөө менин деле оюма келбептир. Бирок энем курагынан жаш көрүнчү, кайраттуу болчу. Ошол жылы жогорку билимдүү аталып, диплом алгам. Диплом алганча эле Кыргызстандагы эң алыскы, артта калган райондордун өнүгөлек кыштактарындагы мектептерге барууну дегдегем. Айтор, романтикага бай элем. Романтиканын начар жагы адамдардын баарын жогору баалап, көкөлөтөсүң. Ишенесиң. Керек десе, малың түгүл жаныңды аябайсың. Өзүңдү бардыгынан пас тутасың. Мен да ошондой элем. Энем ушул кемчилигимди жакшы билсе керек.

– Алаңгазарсың. Даалдабай этиет, тыкан жүр. Эртең ачка калаарыңды бүгүн ойло. Достун да досу бар. Кут алаканыңа асмандан түшпөйт. Сарамжал күт, – деп көп айтчу. Энем айткандай «досторум» үчүн ачка калган күндөрүм болду. «Пул жок», – деп жобурашса эртеңки нанымды берчүмүн. Алар керектүүлөрүн сатып алышчу. Акырындап аларга болгон ишеничим талкаланды. Энем мага айткан насааттарды азыр балдарыма айтам.

– Жакынсынгандардын баарына ишенбегиле, – деймин. Төтөн азыркы мезгилде, – деп, кошумчалап коём. Сыягы, бул кошумчам менен өзүмдү да, балдарымды да сооротконум го. Замандын ар кандай сөлөкөттөгү шайтандары, оору-сыркоо, көралбастыктар сыяктуу тектештер бир каарманга айланды. Аларды жеңүү мүмкүн эмес. Жеңилүүнүн гана жолунда болгондуктан чыныгы бечаралар материалдык жардам сураса эч нерсе бералбайм. Анткени өзүмдө жок. Жоктун сараңымын. Бул башым менен кошо жатчу жокчулуктан пайда болгон жаңы мүнөзүм.

***23.03.1999.***

## ЖЕРИП ТУРСА

Аялзатындагы ажаандыкты, ачкөздүктү, куйтулукту эринин ойношчулдугу безине сая дүрт эттирет.

Эрине алдангандыгын билгенде ажаандыгы кутургандай күчөйт. Ок жеген арстандай чамынат. Кимге болсо да тиш салгандан тартынбайт. Өзгө түгүл өз балдарын көзүнө илбей, акылын жоготот. Мындай сокур, дүлөй учуруна туш келсең (эжең, сиңдиң, досун болсо да) өтө этият мамиле жаса. Антпесең көңүлүн кайт болуп, кол үзүп кетесиң. Кеңешиңди «бороондон» кийин (эгер каалаauthor) бер.

Ачкөздүгү эри турпаты жагымдуу же сулуу, жарашыктуу кийинген аялга кареги урунганда кармайт. Балдары ачка отурса да базардан базарды кыдырып, үстү-башын үлпүлдөтөт. Чырайына жарашаар жарашпасына карабай кепчачтарды сатып алып, кашын Айдайдыкындай, көзүн Күндөйдүкүндөй, эрдин Эркиндикиндей боёйт.

Куйтулугу деле өз башынан ашпайт. Аялзатынын бардыгы анын күйөөсүнө жагалданып аткандай сезет. Эрине аял аттуулардын бардыгын ириңдеген жарадай көрсөтүүгө далбастайт. Өзүнүн кол тийгис тазалыгын, байымдуулугун жобурайт. Жобуру башына муш болоорун эч качан туйбайт же туйгусу келбейт.

Эри сүйүүдө жерип турса жакасына жармашуунун зарылдыгы не?..

## КЫЗДАР, СИЛЕР ТЕҢИРДИН ГҮЛҮСҮҢӨР

Кыздар, эч качан өзүңөрдүн ким экениңерди унутпагыла. Эгер унутсаңар айсыз караңгы түнгө окшоп, коркунучтуу жана жагымсыз болуп каласыңар. Бирөөлөр жүзүңөргө жаба түкүрсө, бирөөлөр балтырыңарды бычырата басат.

Жүрөк сырыңарды жакынсынгандардын баарына ача бербегиле. Себеби өзүңөрдү өзүңөр ушактагандай ахывалга туштугасыңар. Сыр чубаган экөөнүн бирөө жаныңардан жарым кадам узаган соң талпагыңарды ташка жаят.

Сүйүү отуна өрттөнүп, жүрөгүңөр сыздап турса да силерди баалабаган эркектерге: – Сени сүйөм, – деп эч качан айтпагыла. Силерди аягы суюктай жеңил кабыл алышат. Айрымдары пайдаланып калууга ыңгайланышса, айрымдары сөөмөйлөрү менен көрсөтө мыскылдап күлүшөт. Алар жөн гана эркек аттуулар. Силердин кол тийгис ыйык сезимиңерди булгоочулар.

Силердеги адеп жана ар-намыс ата-энеңерди сыйлагандан байкалат. Ата-энеңерди урматтап, алардын наркын сактасанар кийин күйөөңдү да, анын ата-эне, жерге-жээгин да күтө билген, кадыр-баркка ээлик эткен мыкты зайыптардан болосуңар.

Эгер силерди эркексингендер: – Сулуусуң, – деп «алтын» шилекейлерин чачырата колуңардан тартса ээрчип кете бербегиле. Силерди сүйгөн адам силердин артыкчылыгыңарды арбаган сөздөрү менен эмес, аруу мамилеси, менен билдирет. Астыңарга чөйчөк-чөйчөк ичимдик койбостон, жыпар жыттуу гүл сунат. Ошентип, кол жеткис бийик экениңерди түшүнөсүңөр.

Эгер силер күйөөгө чыкканда кайын ата, кайын энеңердин өмүр бою жыйып-терген мүлктөрүнө ээлик этүүнү көздөп, «эшиктен кирип, төр меники» десеңер эч качан үйдүн куту, ишеничи боло албайсыңар. Жакаңарга керкашка, найесеп, аяк толтурбас деген сыяктуу аныктамалар жабышып, жуусаң да, куусаң да кетпейт. Ошондуктан кайын ата, кайын энеңерге ар дайым сыйлуу меймандарыңардай мамиле жасоону жаш кезиңерден үйрөнгүлө. Учуру келгенде алар да силерди ханышадай урматтайт. Карегиндей сактайт.

Окуудагы же иштеги жалкоолуктарыңарды же каталыктарыңарды үй-бүлөңөргө же башкаларга шылтоолоп, жалакор болбогула. Жалакор болсоңор бул дүйнөдөн сокур жана сыйсыз өтөсүңөр.

Сүйгөн жарга болгон жылуулук сулуулук менен гана чектелет деп кабатырланбагыла. Дилдин тазалыгынан

өткөн жылуулук жок. Ошондуктан чеки жүрүш-туруштардан, керектүүдөй туюлган жаман адаттардан өзүңөрдү коргой билгиле.

Эгер жан багуунун каражаты дене сатуу деп түшүнсөңөр келечекте эне болом деп эч качан ойлобогула. «Кыңыр иш кырк жылдан кийин билинет» дегендей өткөндү көргөзчү күзгү балдарыңа кырчын курагында ким болгонуңду айгинелеп коёт. Күзгү ар бир адамдын көзү жана кулагы.

Ата-бабаларыбыз айтып келгендей, кыз балада намыс болбосо, малдуу эркектердин кол жоолугуна айланат да, үйү менен кабактын айырмасын билбей калат. Кыз үчүн мындан артык кордук жок.

Силердин бактыңар силер менен кошо төрөлөт. Ошондуктан бактыңарды башка бирөөлөрдөн эмес өзүңөрдөн издөөгө тийишсиңер. Күйөөгө чыгып, күйөөнүн аркасы менен багым ачылат деген ойдон качкыла. Аялдын жубайынын мойнунда душманы сымал отурушу акылга сыйбаган көрүнүш. Өмүрлүк деп кол кармашкан түгөйүңөрдү силер да бактылуу кылууга тийишсиңер.

Кыздар, силер Теңирдин гүлүсүңөр! Ар бир күндү, ар бир таңды алдыңарга максат коюп, таза тосууга куштарлангыла. Анткени Теңирим силерди бардык жакшылыктардын күбөсү болсун үчүн жараткан.

*11.02.2000.*

## САТКАНЫНА КУБАНЫП

Ыкы-чыкы сатып, үйлөрүнүн түптөрүндө, жемирейген кетик жолдордун жээгинде, залкайган дүкөндөрдүн тегерегинде, кайнаган базарларда тиштигип отургандар ыкы-чыкыларына кошуп, ден соолуктарын сатып жатышат. Саткандарына кубанып, сатып жатышат. Сатып алуучулардын да ден соолуктары чөнтөктөрүнүн түбүнөн түшүп калууда...

## БЕЛГИСИЗДИКТЕР

Кимди ким төө басты кылып атканы белгисиз. Адамдар: «Заман», – дейт. Заман: «Адамдар», – дейт. Албетте, адамдар заманды жаратаары бышык. Бирок адамдардын тагдырын: «Дөөшаамын», – деп, заманды кокустан мыкчый калган шылуундар «чечип» атат. Шылуундар Кудайды качан тааныйт – белгисиз. Мисирейген белгисиздиктер жанды жейт.

## КИМ КӨРӨТ...

Бүгүн: «Газ жок, ун болсо, нан жасайт элем», – деп, өзүн өзү сооротсондор көбөйдү. «Элим», – деп жорголоп, «мандай терлери» менен өздөрү үчүн кабат-кабат үй салып, чарчадык деп май соруп, олпокто эс алып отурган «айкөлдөрдүн» алдынан сыз өтпөгөн соң, балчыкка тизесинен батып турган элди ким көрөт?..

## КАЙЧЫ ТИЛЕКТЕР

Эшеги жок таанышым: «Карылык биротоло тушай электе Суусамырдагы туугандарыма барып, жүзүмдү көрсөтүп, жүздөрүн көрүп, учурашсам кана атаганат», – деп тилек кылат. Түшүндө Суусамырда жүргөнүн, туугандары тоонун башына чыгып кетип, жеталбаганын кейип-кепчип айтат. Четтин көз тайгылткан машинелерин минген таанышым, «мощный самолёттор» менен бай мамлекеттерге учуп атканын тамшана божурап, баркы, даңкы барда эл-журтка ээлик этүүнү тилек кылат.

## ТААП КАЛ

Байдын март сүйлөгөн мактанычын баш чайкабай угуп кой. Анткени эски чырагын берип коюшу мүмкүн. Ага деле байлык жамгыр менен кошо жааган эмес. Бай-

лыктын ар кандай уңгусу бар. Чырактын укумдай билиги түгөнөлекте уңгу булактын башатын таап кал.

## БАШКА БАКЫТ ЖОК

«Тоо менен киндиктеш, көл менен жүрөктөшмүн» деген «чыгаан» атуулдарыбыз ата-энелерин: «Кааласам силерди карылардын жалпы үйүнө өткөрүп жиберем», – деп «тамашалайт» экен. Себеби эне багыш, ата асыраш бизнес бербеген кайрымсыз оор жумуш тура. Демек, карапайымдар да калкпыз деп, жиндерине тие берсек, ити чөп жегендер Кыргызстанды бир сандык (табак дегенге оозум барбайт) алтынга сатып жиберишет. Ачка болсок да жерибиз сатылбасын. Өз жеринин топурагын жегенден башка бакыт жок.

*19.11.1999*

## ЖАЛГЫЗ ДАРЫ

Карылык капчыгына салган адам да эски буюм сымал. Күн өткөн сайын чөйрөсүнөн, үй-бүлөсүнөн четке сүрүлө берет. Мисалы, кечээ төрдү көрктөндүргөн туш кийиздин ордун бүгүн килем ээлейт. Туш кийиз каптал дубалга илинет. Ал орду да туруктуу эмес. Жаңы модадагы эмеректер ирегеге, ирегеден сыртка чыгарылат. Кары да өзүнөн өзү о дүйнөнү эңсейт. Жабыркаган жандүйнөсүнүн жалгыз гана дарысы бар. Ал – ажал!

## КАРЕГИҢ КАКАНАКТАЙТ

Уйкуга, шаан-шөкөткө, шалаакылыкка тойбой ышынып жүргөнүңдө таш төбөңө таамай тиет. Башың жарылчудай чатырап, аба жетпей демиң кыстыгат. Эсиңди жыйсаң – туш-тарабың уюган чаң. Артыңа кылчайып, изиңди издейсиң. Алдыңды тиктейсиң. Эки та-

рабың тең тунгуюк. Артындан из, алдыңдан жол таппай карегиң каканактайт. Жашоонун жалмаңдаган жасоолу шак эле мойнуңа минет.

## МҮРӨКТҮН СУУСУ

Кудай канча жашоо берсе, ошончо жыл жашайм деп жаканы кармап, тооп кылабыз. Бирок чындык алкымдан алганда карегибиз мурда жийиркеничтүү көрүнгөн балчыктан өтүп, ал мүрөктүн суусу сыяктанат. Мурда жанына басып барбаганыбызга өкүнгөн менен кеч болуп калат.

## ЧӨГҮП КАЛЫШ ЗАМАТТА

Өмүр жаш курагында гана гүл кучактатып, улгайганда бықшыган кара түтүнүн чулгап, бутуңду тейтейтип, көзүңдү жыртайтып, ийниңден басат экен. Бүжүрөп, эңиштеп, чөгөлөп, чөгүп калыш заматта.

## ЭРТЕЛЕП КАМДАН

Отуз жашка чыкканча убакыт өтө эле кашаң өтүп аткансыйт. Анткени улан, секелек куракта эңсегенге мезгил жеткирчүдөй сыяктанат. Бирок жетпейсиң, жылдар көзгө илинбей чимирилип өтөт. Сунган колуң эч нерсеге урунбай, айлампанын ичинде айланкөчөк атасың. Чайкалган мээге эч нерсе түшпөйт. Демек, карылыкты татыктуу тосууга эртелеп камдан, жаш адам. Жаштык жар сүйүү менен эле чектелбейт.

## СҮЙКҮМДҮҮ ЖОЛДОр

Жаштар карыларды өзгөчө жар сүйүү жаатынан түшүнүгү жоктой кабылдашат. Турмуштан карылардын алаары жоктой, берээри түгөнгөндөй сезишет. Ушун-

дан улам өздөрүн карылардан окчун тутушат. Карылар болсо, жаштардын кумурска түгүл мандайларындагы тоону көрбөгөн жеңил-желпиликтерине кейишет. Эки муун тең бир эле доордо бир дарактын тамырынан өңгөнүн, ортолорундагы эсеп ченеми жылдардын тактыгы үчүн гана зарыл экенин унутуп коюшат. Муундан муунга өтчү жолдор адамдардын кетирген каталыктары менен татаал да сүйкүмдүү тура.

## ТААРЫНБАДЫМ

Жерди бутум менен эмес, төбөм менен баскан учурларым болду, бирок тагдырыма таарынбадым.

*08.01.1999*

## ҮЧ ЖАМАНДЫК

Ата-бабалар какшап өткөн жана какшап аткан адамкерчилик менен ыйманды адамдардагы булганыч үч нерсе тебелеп-тепсейт.

1. Киши өлтүрмөй.
2. Аял зордуктоо.
3. Уурулук.

Ушул үчөөнүн тукуму үзүлгөндө кой үстүнө торгой жумурткалап, адамдар алтын аяктан суу ичет.

*17. 01.2000.*

## КАНТКЕНДЕ ЖАКШЫ АЯЛ БОЛОСУҢ?

Жакшы аял болуш үчүн, биринчиден, күйөөгө чыккандан кийин эмес, күйөөгө чыкканга чейин ойлоп, даярдык көр. Күйөөгө чыккандан кийинки учкай аракетиң ойдогудай ийгилик жаратпайт.

Жүрүш-турушуңду, кыял-жоругуңду сын көз менен кароону адатка айландыр. Эгер өзүңдү сындай билбесең, өз башыңдагы тоодой кемчилигиңди эмес, жубайыңдын томуктай кемчилигин көрөсүң да ага уйгактай жабышасың. Орунсуз опузолоодон ортоңордон чатак чыгат. Ушундан улам сүйүүнүн эмес, эрегишүүнүн зоболосу көтөрүлөт. Эрегишүү жакшы натыйжа бербейт.

Чөйрөңдөгү адамдарды тааный бил. Өзгөчө жакын курбуңдун ички туюмун көз жаздымда калтырба. Эгер курбуң жеңил ойлуу, ишенимсиз болсо, келечектеги үй-бүлөсүн бактылуу кыла албасын түшүн. Курбуңдагы тескери сапаттарды өзүңө сиңирбей, анын дагы оңолушуна көмөктөш. Эгер кеңешиңди укпаса, кол үзгөндөн тартынба. Кол үзбөсөң, канчалык сактансаң да, анын таасирине чөмүлөсүң.

Жакшы аял болуу өзгөчө сезимталдыкты, байымдуулукту талап кылат. Сезимтал, сергек аял күйүмдүү жана жапакечтиги менен эрге да, элге да жагат. Жагымсыздыктан, карөзгөйлүктөн качат. Жагымсыздык менен карөзгөйлүк шарап ичип, чылым чегүүдөн башталат. Албетте, туулган күндөр, майрамдар, салтанаттуу учурлар шарапсыз өтпөйт. Ар бир жагдайдын ордун, чегин, өлчөмүн туй. Өзүңдү адепсиздиктин, ачкөздүктүн торунан корго. Чылым деле ичкилик сымал кыял-жоругуңду, ал турмак тышкы келбетиңди кескин бузат. Ошондуктан тамеки чегээриңде, шарап ичээриңде майып төрөлгөн бечара балдардын элесин, ага энеси берген тагдырды көз отуңа алып кел. Бүгүнкү «жыргалың» кечиктирбей жыйынтыгын берээрин, эртең сенин наристең да майып төрөлөрүн, кандай эне, кандай аял болооруңду элестет.

Билимдүү болууга умтул. Окуган китептериң, уккан музыкаларың, көргөн картиналарың жандүйнөңдү байытат. Жандүйнөсү бай аял акылга жетик келип, сүйүүгө туруктуулугу менен бааланат. Өзүн да сүйдүрө билет. Коомдогу жана үй-бүлөдөгү ордун бекем сактайт. Периштедей сулуу жана кол жеткис бийиктей сезилет.

Энеңдин жана чоң энеңдин үй шыпырып, картошка аарчыганынан өйдө майда дебей үйрөн. Мындан сенин тазалыгың жана тамак-ашты кылдат жасаарың байкалат.

Ар бир ишти жоопкерчилик менен дыкат бүтүрүүгө канык. Жууган кирлериң ачык асмандай өңүнө чыксын. Ал сенин тазалыкты сүйөөрүңдү далилдейт.

Кайрымдуу жана кечиримдүү бол. Кечире билбеген аял сүйкүмсүз болот. Жубайынын көңүлүн муздатат. Көңүл муздоо үй-бүлөнүн бузулушуна алып келет. Сен эч нерсе менен коргоно албайсың,.

***80.04.2000.***

## КҮН СЕНИН ЭНЧИҢДЕ

Эртең менен Күн чыгып келатканын көргөнүңдө мени бакыт чулгап келатат деп тооп кыл. Себеби Күндүн бүгүнкү нуруна киринбей калгандар канча. КҮН БҮГҮН СЕНИН ЭНЧИҢДЕ, БАКЫТ УШУЛ!

***17.01. 2000.***

# Минордук ноталар

## ЭСКИ АРАБА

Кечээ эле момпосуй менен
оюндан башканы ойлобогон,
Асмандагы Айды алып бер деп
ата-энемдин жанын койбогон,
Чалпоо-чатак кыз элем!
Бүгүн буттарым жерге тийип-тийбей
кош куржунду мойнума илип,
Ийрилип келем турмуштун ийигине.
Түн бир оокумунда жазып бүтүп,
Эртеси басмага өткөрчү
очерк менен маекти
жана да кеп-кеңешти.
Куш уйкуну салам да
таң азандан үмүт байлап,
Мен да барып толуктайм
азык-түлүктөр менен
көр-жерлер сатылчу арзан
дүкөндөрдүн тышындагы
ат чабымдай кезекти.
Күн төбөдөн өтүп, таңдай катат,
Убакыт жүлүнгө сайып, кирпиктен тартат.
Кезек ташбакадай былкылдайт,
Адамдар чарчагандан күңкүлдөйт.
Жетпейт экем бүгүн деп,
безем кайра редакцияга.
«Кайда жүрдүң?» – дейт редактор,
Кайра куруунун шарапаты да
жылмаят аста.
Жооп берип жатканымда жалтактай,

Санаам учат кечки тамакка.
«Бүгүн чүчпара жаса», – деген күйөөм,
Аны даярдаганга кантип үлгүрөм?
Кудай ай, май түгөндү беле, бар беле?
Эттен бир кесимдей калды эле.
Ун да жоктур кашайып...»
«Ээнбаштанып көптүңөр,
Эсебиңер бир күнү чыгаар,
Кыйын экен кол астындагылар коркпосо!»
Редактор эски адатына түшө,
Үстөлүн муштап булкулдайт.
Зорго жибитем кечирим сурап,
Бүтүргөн иштеримди алдына коё
кежигемди тырмап.
Акыры кабылдамадан үшкүрө чыгып,
Айлык акынын кезегине турам.
Жылдырганда кассир «касиеттүү» кагазды,
Шашыла колумду сунам.
Коз алдыма тартылат ар бир балам,
«Италиянын жынсысы!»
«Жапандардын көйнөгү!»
«Англиянын пальтосу!»
Бул алардын көмүскө жаткан тилеги.
Баса, өзүмдүн да кийингим келет
айымдардай сүлкүлдөп.
Кылтыйган кызыкчылыгымды
калтырып кийинкиге.
Көңүлүмдү сооротом
таңсыгым жок деп кийимге.
«А кудай ур, аяшты унутуп коюптурмун,
Эртең чыкмак элүүгө!»
Манжаларым титиреп, капчыгыма түшөлекте,
«Бөлүнгөн дүйнөнү кайрадан бөлүштүрүп»
Кайра тактайм.
Кантсем да жетпейт айлыгым!
Карегим тунарып, Жер айланкөчөк атат.
Калчылдата башымды
күрөө тамырларым солкулдайт.
Соолгурдуку,
Деги биздин фабрикалар не чыгарат?..
Эски жардай каңкайып, ээн калышты алар да.

Чайкоочуга кор кылбай иштесе кана!
Ич ачышып, жүрөгүм сыздаган менен
жолуккан тааныштарыма жылмая салам берем.
Ушинтип, кечке чарк айланып,
Бирде үзүлүп, бирде чыйралып,
Илмейип-чилмейип, карчылдата-курчулдата
миң тогуз жүз отузунчу жылдарда
энем тарткан эски арабаны тартып келем.

*19.07.1990.*

## МАНАС МЕНЕН БАБУРДАН

Жарылып машиненин дөңгөлөгү,
Чоочун жер, тумсак түндүн бурчундабыз.
Чарк айланган алакандай балчыкты,
Баканын бактысына суктанабыз,
Муздаткычта отургансып,
Чыйрыгуу бар денеде ыңырттыктан.
Караан жок медер тутаар туш-тарапта,
Чочулайбыз чоочунсунткан жымжырттыктан.
Тан алдында кыдырга окшоп жол мизинен,
Жаш адам чыга калды октоло.
Сөзгө келбей каччудай ал бизден,
Суроо узатып, чулгадык ортого.
– Кайсы чөлкөм экендигин билалбай,
Караңгыда түшкөнсүдүк кудукка.
Жалгыздап жөө аптыга,
Жүрүшүң чогоол башкача.
Тиги жаткан дөңгөлөккө окшотуп,
Ыргыта көрбө туюкка?!
– Коркпоңуздар, апакелер, менден эч,
Кайтып келем чөлдөгү үлкөн калаадан.
Көрүү үчүн жан шооламды баргам кеч,
Өңгөн жерим чаптагы айыл Бабурдан!
Коркунуч жок аалым адам жеринде,
Күбө өтөт сөзүмө тунук асман!
Үшүгөнсүп үрпөйүп,
Турпатыңыздар чаалыккан,
Сапарыңыздар кайсы тараптан?

– Иш боюнча чакырык келгенинен,
Беттегенбиз Ташкентти.
Атабыз Манастын мекенинен,
Оң-чап турмуш желкелеп,
Аласала гөр-жер издеп,
Кожент менен Коконду арттык.
Шатысындай тозоктун,
Ангрен ашуусун аштык.
– Билем Манас кыргыз экенин,
Журту үчүн чексиз азап чеккенин.
– Тыңдагын,
Жокчулук акыл-эсти жеңип барат,
Жардылыктын тонуна оронгондор,
Карайлап бизге окшоп жолдо калат.
Кеч болсо да айталы эми саламды,
Бийик Сулайман тоосунан,
Байыркы ата Бабурга!
«Кыргызым, ай», – деп тааныр доошубуздан!
Үйрөн аалымдыкты, шердикти,
Бизден эмес, МАНАС менен БАБУРДАН!

*14.05.1992.*

## ТҮШӨӨРҮҢ ЧЫН ТОЗОККО

Сүйдүң беле боз улан,
Сүйүү деген ал «наадан».
Корго малат башыңды,
Турку жоктон сен сактан.

Кокус келсе шаштырып,
Ажал сымал качырып.
Эки козду бекем жуумп,
Шылдың айткын каткырып.

Үндөсө да күкүктөй,
Кайкалап тур ийнедей,
Мойнуңа колу оролоор,
Ачка болгон сүлүктөй.

Ишенүүгө болбойт го,
Сүйүү деген жомокко.
Ошентсе да боз улан,
Түшөөрүң чын тозокко.

*22.03.1992.*

## КАЙДА КАЛДЫ

Бышырганды ылайдан нан,
Унуттуңбу тең курбум?
Балалыгың балдарындан,
Көрүндүбү  тең курбум?

Бактыбызды согуш соруп,
Каткырбадык экөөбүз.
Тиричилик ташка жонуп,
Нечен сайдан өткөнбүз.

Жарса чөнөр таманды,
Даттанбадык жаш төгүп.
Ит кабат деп жаманды,
Өзүбүздү бош көрүп.

Жеңдик дешти, жеңдик дедик,
Чоңдор күлсө биз да күлүп.
Ашууларды ашып келдик,
Оорчулукту белге түйүп.

Бирок курбум кайда калды,
Ыйык туткан улуу адамдар?
Балалык да кайрылбады,
Окко учкан жоокер сымал!

*19.10.1992.*

# БУЛ ТИРЛИКТИН КАРЫБЫ

Өмүргө бир карасам кеч киргендей
Бүгүнкү, эртеңки да эскиргендей.
Карегимди туңгак жаап карайлатат,
Бутум сынып, көөдөнгө ок тийгендей.
Өлгүм келип, Күнгө да таарынамын,
Ийнеленип денеме шиpeлгендей!

Өмүргө бир карасам кылымды арбайт,
Бул дүйнөдөн көчүүгө оюм барбайт.
Олпоктой жылуу, жумшак туш-тарабым,
Периштелер ажалдын көзүн байлайт.
Оролушса орошон жылдар менен,
Адамзат бал соргондон эч бир танбайт.

Өмүргө бир карасам өпчүк-чапчык,
Ара жолдо жатамын өчүп-жанып.
Оңсонтсо да жашоого тырышамын,
Калтаң-култаң ордумдан тура калып!
Туулган менен оюна жеталбаган,
Бул тирликте адамзат эң бир карып!

*27.12.1992.*

# ТУШАП САЛАТ

Жашынсаң да миңбайлардын далысына,
Этегиңдин айрыгы чыгып калат.
Көз ирмемде киргизип калаасына,
Жокбай, Ачбай досторуң тушап салат.

*15.01.1993.*

## АЧКАБЫЗ

Кийбеймин мен кийимдерди,
Бечараларга мактаныш үчүн.
Болбосо байлардын катарында
аталыш үчүн.
Тек гана киемин
жабайын деп дененин,
Толумсуз жана кыйшыгын.
Тондуруп көңүлүмдү,
Укпас үчүн узун сөздүн «ысыгын».
Өзүмдү тилдеп күбүрөп,
Тирүүлүктүн бизди өлчөөчү
кепини деп.
Анткени чөйрө силкине карап,
Адамды эмес, кийимди көрөт.
Чындык чүнчүй түшөт бүжүрөп.
Наркына жараша чүпөрөктөрдүн,
Ишкер же ит минер деген «чинди» берет.
Жандүйнөнүн байлыгын,
Текейдей көрөт.
Дегиңкисин ар бир пенде,
Көшөкөрлүктүн этегинде уктайбыз.
Туяктан учкан жутсак да чаңды,
Атчандын артынан чуркайбыз.
Сайраган менен тилибиз ыймандуулукту,
Руханий жагынан уюшкандай ачкабыз!

*01.02.1993.*

## БИР АЯЛДЫН КҮЙҮТҮ

Ардактачу жубайым,
Кутум деп токчулукта.
Учурда жылан болдум,
Уусуң дейт жокчулукта.

Жалындап сүйлөчү эле,
Жашабайм өзүңсүз деп.

Шакаба чегет азыр,
Табышкер аял көп деп.

Каакымдын гүлү сымал,
Күбүлдүк желаргыга.
Ак сүйүү асыралбай,
Сатылды беш долларга.

*19.02.1993.*

## ЭМИ ЖАШАЙМ ДЕГЕНИМДЕ

Теңирге теңтушсунган кайран жаштык,
Кеч күздүн ызгаарында үшүп турат.
Жалооруй туш-тарабын жал-жал тиктеп,
Калчылдай мууну бошоп чүнчүп турат.

Үй-бүлө бейкуту үчүн жан үрөгөм,
Эпчиде, коломтомдо Айдай толуп.
Ышкысын жүрөгүмдүн колдоого албай,
Кездешчү кумар оттон алыс болуп.

Учурда иштен чыккан каамыт сымал,
Кагжырап карч-курч эте түзсүз тоздум.
Мынакей эми жашайм дегенимде,
Бекчейген карылыктын кулу болдум.

*20.02.1993.*

## АКТАГЫН

Өзүм жеке күтөмүн деп соолөттү,
Жанындагы жан жолдошту какпагын.
Кудай берсе эгер сага дөөлөттү,
Кулу болуп, ишеничин актагын!

*06.04.1993.*

## БИРОК ӨЗҮ...

Жамгыр күтүп, жабыркаган токойго,
Өрт коюуну максат кылат ант урган.
Бирок өзү колуна албай ширеңке,
Сени менен боло калат бир тууган.

*06.04.1993.*

## МАНСАПКОР

Тиерде мансапкорго бир керегиң,
Ал сени гөр түбүнөн илип алат.
Жеткен соң мүдөөсүнө мүдүрүлбөй,
Мандайынан чыксаң да көрбөй калат.

*06.04.1993.*

## ЖАТА БЕРБЕ

Өрт алыс деп магдырап жата бербе,
Жалын жетет сенин да этегиңе.
Чыркырап, безелене жансоогалап,
Заматта ороносуң кепиниңе!

*06.04.1993.*

## ӨКСҮТПӨ

«Ким сүйбөйт – деп, – мага окшогон баатырды?»
Өзүңдү өзүң сазга сүйрөп өкүрбө!
Таштуу жолду талбай баскан бакырбы,
«Байкуш ай» – деп төшкө түртүп өксүтпө!

*14.04.1993.*

## ТУУБИЙКЕ

Туубийке толгоо кыстап жолго чыккан,
Жашоочу кыштоодогу малканада.
Аргасыз көздөн далдоо тоого ыккан,
«Жан достору» изин суутуп таштаганда.

Ыргытчудай дөңгөлөктү асмандата,
Карышат муз карышкырдын тиштериндей.
Көк жорго туягынан тер агыза,
Калталандайт карт адамдын тизесиндей.

Кабатталган мөнгүлөр китирейет,
Жол удулу жүз үйрө мисирейет,
«Бийкежан» карегинен от ыргыта,
Кудайлап арабаны тегеренет.

«Теңири жазалагын мен эссизди,
Манжаларың батырып көөдөнүмө.
А бирок түндүк ээси наристеңди,
Туулар замат тоңдуруп сала көрбө?!

Жеригем мурда муну тумоо дегем,
Жабышты деп жаа огундай бир тозок.
Негедир жибип барат балкып денем,
Мендейлерди жаратпасаң куп болмок!»

Ушинтип байкуш «бийке» безилдеди,
Муз тиштеген дөңгөлөктөр кебелбеди.
Көк жорго окурана күчтөн тайып,
Бубактанган соорусу диртилдеди.

Добуш салып тескейге да, күңгөйгө,
Атасыз перзент келди бул дүйнөгө!
«Бийке» эне тонун чечип жылуу ороду,
Кубаныч, кайгы аралаш жашын төгө.

Ордунан калч-калч туруп зорго баса,
Жаткырды наристени арабага.
Көк жорго ычкынганда суулук чайнап,
Дөңгөлөк чимирилди өз огунда.

А бирок күн тутулуп, жер көчкөндөй,
«Бийкенин» каректери өчүп калды.
Аттиң ай, арабага колу жетпей,
Күп эте муз кучактап эстен танды.

*02.05.1993.*

## ЭССИЗ КЫЛЫП КОЙДУ ГО

«Ачкамын», – деп, акча сурайт улуу акын,
Мен да байкуш экенимди байкабай.
Капчыгымды кагаарымда кайышып,
Коз отума төнө калды чиркин ай,
Үйдө отурган чүрпөлөрүм майышып.
Ката түштүм ток ургандай бир саамга,
Жок дей албай, бар дей албай кан жутуп.
Эки ортодо эссиз кылып койду го,
Бул түзүлүш биз өндүүнү кор тутуп.

*21.06.1993.*

## ООРУКАНАДАГЫ МАЕК

– Оорукана ойдогуну айттырат,
Күчтүү оору тоорудубу, сырдашым?
– Ден соолугум жүз ашуудан ашырат!
– Анда неге чабалдарга туздаштын?
– Чүлүктөп жаман эримди,
Алайын дедим кегимди!
– Теңсинбей сени тебелеп,
Сөккөн го балит жемелеп?
– Жакында чыгып кырк жашка,
Алмаздан да, акактан,
Тап дедим белек башкача!
Табам деп алтын бүжүрөйт,
Кечирим сурап үлдүрөйт.
Жатып алдым бул жакка!

Жүзүңүз суз көрүнөт,
Сыягы, окшош «оорубуз?»
– Эч убакта окшошпосун оорубуз.
Ажал мени алкымымдан бек кысып,
Жетекке алган «эркелете» тайтайлап.
Каалашындай бүт тулкумда бийлейт ал,
Бирде ысыта, бирде үшүтө кучактап.
Төрт жагыма салып коюп капканын,
Көлөкөмдөй ээрчип жүрөт бучкактап.
– Чөктүңүзбү шаан-шөкөттүү байлыкка,
Бутту коюп, алтын тыштуу жаздыкка?
– Бул дүйнөдө жардымын деп айтпаймын,
Таш талаага буудай эгип калгамын.
Жараткандан жалгыз гана сураарым,
Оору корун тартпаса экен балдарым.
– Неге тобо кыласыз?
– Бүлөм үчүн өлсөм дагы тирүүмүн,
Гүл бураган бут тиелек аймактай.
Төрүндө жашайм жылдап, жылдап үйүмдүн,
Ордобузга жаңы илинген байрактай.
Чындык ачуу кесел жыртат өмүрдү,
Соодагердин чычкан тешкен кабындай.
Оорукана ойной турган жай эмес,
Керилип жатпай сейилдеп,
Тезирээк жөнө үйүңө!
Лөк экен эриң кебелбес,
Баш ийип көөдөк өзүңө,
Эми да сени жерибес!

*03.04.1994*

## ТУТУП КАЛ

Иш ордунда үйлөтүлгөн чаначтай,
Колтуктарын кере отурган кемпай бар.
Аны көрүп, көңүлүңдү сыздатпай,
Адам бойдон тунуктукту тутуп кал!

## УЧУП ТҮШӨМ

Гөр тирликке кишен салып кээ бирде,
Эдиреңдеп чыга түшөм чокуга!
Бул чөлкөмдүн ээси менмин дээримде,
Камгак сымал учуп түшөм коктуга!

## АҢТАРБАГЫН

Жакшылыктын толтуруп тур чөйчөгүн,
Оонай жатып, соро бербей четинен.
Аңтарбагын башкалардын чөнтөгүн,
Амалдана өөп туруп бетинен!

*11.04.1994.*

## КАПАМЫН

Алмазданган жаштыгыма ишенип,
Кечир Теңир, гүл бакчандан чыкпадым.
Өчпөөчүдөй карегимдин нурлары,
Эч максатсыз кирген суудай туйладым.
Туйладым да энчимдеги жаштыктын,
Кол үзгөнүн туйбадым.
Жашоо эмне алигиче билалбай,
Келгенге да, кеткенге да капамын!

*17.08.1996.*

## ПИР ДЕЙМИН

*(Кудабыз Саламат Сулаймановго)*

Жүзүң жетик бышып турган буудайдай,
Жүрөгүңдө өксүү барбы, билбеймин.
Журтуң үчүн жүк көтөргөн адамсың,
Турмушуңа жакшылыкты тилеймин.

Көктөөдөсүң бүчүрдөнүп чынардай,
Жандүйнөндө өксүү барбы, билбеймин.
Жүрсөк дагы айлап-жылдап катташпай,
Кудалыкта жүк көтөрчү пилдеймин.

Терендигиң өзүң туулган көлүңдөй,
Үй-бөлөңө баркың тоодой, билемин.
Өмүр сүргүн арча сымал көөнөрбөй,
Кудалыкта кол куушуруп, пир деймин!

*12.10.1996*

## СОПУСУНАМ

Сүйгөнүнө жетпеген кыз ыйласа,
Ушакчылар чуулдата кеп кылышса,
Кулак түрө мен дагы сопусунам
Кечээки эле «мастыгым» эстен чыга.

*15.10.1996*

## СЕЙИЛДИН АРМАНЫ

Жашымда экем элегей,
Сыйладым эрди келегей.
Орой, тежик мыңкылдап,
Тырмагын ханга теңебей.

Тагдырым менин ушу деп,
Энчимдей күндө муштум жеп.
Коргободум өзүмдү,
Бурулуп жолго жанга сеп.

Айтат: «Түркөй катынсың,
Катындын тилин ким алсын.
Кыярдың бетте нуруң жок,
Кочөдө жүргөн миң сансың!»

Бозордум түтөп кечилдей,
Оозума оттуу сөз кирбей.

Көчүп барам дүйнөдөн,
Сүйүүнүн жытын искебей.

Түшүнсө боло акыры,
Адамча ийлеп акылды.
Түттүм аа керзи өтүктөй,
Майрыйды эми апкыты.

*20.02.1997.*

## БУЛАККА

Гүлдөр өбөт, кайып өбөт өзүңдү,
Тамшандырат таттуулугуң тил тартып.
Түшүнсөм дейм авазыңды, сөзүңдү,
Көз тийгизбей кошо жашап, жол артып.

Эркиң күчтүү чексиздикке умтулуп,
Чаңкаганда сенче жазмак ким черди?
Сайрайт булбул шапатаңа тутулуп,
Өмүр улаар касиетти ким берди?

*20.02.1997.*

## ЖҮРӨК ЫЙЛАЙТ

Төрөлүпмүн муз тиштеген боз үйдө,
Ачылса эшик бороон урган төр беттеп.
Ошентсе да ден соолугум мыкты экен,
Айтышыптыр тумоо жуккус мончок деп.
Кийин атам салган экен там үйдү,
Балдарыма жылуу уя болсун деп.
Ошол үйдөн куурчак ойноп эсейдим,
Ал учурда кыбыла экен төрт жагым.
Үч бөлмө там үч ааламдай алпейим,
Бийик болчу шыптары да шаңкайып.
Терезелер жүзү сымал атамдын,
Таптаза эле мээрин төгө ажайып.

Жашоочу элек нарк, ыйманды туу тутуп,
Баарыбыз бир эгиздей.
Калың дубал солк эткис,
Бекемдиги сепилдей.
Үй турпатын жасалгалай жаңыртып,
Тынчу эмес жаны энемдин.
Бузулат кийин бул үй деп,
Түк ойлогон эмесмин!
Ташка урунган бүркүттөй,
Атам кетти күтүүсүз.
Сагынгансып түгөйүн,
Көп турбады энем да
Мыйзам ушул өзгөргүс!

Атамдын үйү ордуна
салынды азыр заңкайып,
Көп бөлмөлүү аппак там.
Керемет, кенен болсо да
чамгарагын чалкайтып,
Алтын чырак илсе да,
Окшобойт атам үйүнө!
Жакшылыгын инимдин,
колдосом да кубана,
Жүрөктү аста сыздатып,
Оройт ойлор торуна.
Коолдогонсуйт үй ичи,
Арсар карап, суз тартып.
Көңүлүм тойбой сыйына,
Жылуулук издейм топчудай.
Жемиш бак да атам тиккен,
Бүгүн мага чоочундай,
Менден көрө бул тапта,
Он сом артык аттиң ай!
Атам да жок, энем жок,
Жүралбасмын төрт күнгө,
Байлык да жок колумда,
Баркым кайсы төркүнгө?!

## АЙЛАНДЫРГЫН БЕЙИШКЕ

Өмүр күлүк чыккан Күндөн озо чаап,
Түш болгонун, кеч киргенин билбейсиң.
Жандалбастап, жанталаңдап олжо таап,
Гөр четине келгениңди сезбейсиң.

Бүт жашооңдо алданасың адамзат,
Байлык менен мастыгыңа мактанып.
Эмне калды арт жагыңда ошону айт,
Жүргөн жаман дүнүйөгө маталып.

Атажуртуң калса эгерде чыраксыз,
Бер көзүңдү шоола чачсын элиңе.
Билимиңдин биликтерин түрлөнтүп,
Айландыргын бул дүйнөнү бейишке.

*05.01.1998.*

## НАРИСТЕ БОЛО ТҮШТҮМ

Жаркытып жашоо берген,
Мээнеткеч, айкөл энем.
Мезгилиң келип жетип,
Көчкөнсүң бул дүйнөдөн.

Жүрөсүң түшкө кирип,
Турамын башымды ийип.
Наристе боло түшөм,
Сүт жыттуу көйнөк кийип.

*17.08.1998.*

## КҮНГӨ

Түбөлүктүү, ыйыктыгың сүйүүдөй,
Чырайыңа бырыш түшпөйт эч качан.
Күлмүңдөшүң бөбөктөрдүн көзүндөй,
Сапардабыз мен өрмөлөп, сен атчан.

Уяң, курчсуң кыя дагы тик карап,
Марттыгыңа башын иет бул аалам.
Илебиңе жуурулуша жансактап,
Сени көрбөй калбайын деп тырышам.

Өзүң менен Жер тамыры киндиктеш,
Тирүүлүктүн сый-урматы сеники.
Өмүр жүгү сапарыңа ийиндеш,
Кирпигиңдин бир кыпыны меники?

*20.08.1998.*

## ЧЫНДЫК

Бөксөртпөйм деп чөмүчүн ит турмуштун,
Каржаландап коом менен алпуруштум.
Акырында кадимки маңкурт болдум,
Бучкагына тең келбей кубулуштун!

Ачуу чындык чыңырта жүрөк тепчийт...

*27.03.1999.*

## ЖАШТАРГА

Жашсыңбы, жаштай өмүр сүр,
Атаңдай Манас бол өткүр.
Тап койбой жеке жашооңо,
Калкың менен тегиз жүр!

Чокудан чоку бийиктей,
«Гүл» турмуш ийрет ийиктей.
Эшилип калба кум болуп,
Таскак ур өрдө күлүктөй.

Акылга акыл кошуп түй,
Ата-энең өскөн жерди сүй.
Сүйүүнүн баркын кетирбей,
Сүйсөң тоону тоодой сүй.

*01.04.1999*

## ЧЫДООГО БОЛОТ КАНЧАГА

Учурум жоого айланып,
Ташбараңга алаарын туюндурат.
Эл көзүнчө эркелете ээк сылап,
Жең ичинен алкым кыса муундурат.
Шарактаган жиндери төбөмдө ойноп,
Кан акты деп көзүнөн күлүп турат.
Салактатып көк бөрүнүн улагындай,
Ээр кашынан былч эттире жерге урат.
А Кудайлап ат туягын өпкүлөй,
Жаным байкуш чырылдайт.
Кулагымдын түбүнөн,
Үзүлүп бирөө кырылдайт.
Керээзин угаар киши жок,
Тамшанып ажал ырылдайт!

Чыдоого болот канчага?..

*15.06.1999.*

## ЧӨККҮМ КЕЛИП

Багынып тереӊ ойлорго,
Жетеленип Байронго.
Элбиреп жээкте отурсам,
Карегим байлап тоолорго.
Аккуулар конду көлүнө,
Көктөн түшкөн мончоктой,
Жарашып ыйык төрүнө.
Атылды мылтык «кокустан»,
Калдастап канат күүлөштү,
Катты бири учпастан.
Татына мойну шылк этип,
Омуроодон акты кан.
Өмүрдүн учу бүлбүлдөй,
Кайт боло түштү көңүлүм.
Кирпикке чөлкөм илинбей,
Чөккүм келип, муздай түшкөн деңизге.

*21.07.1999.*

# ТЕҢИРДЕН БАШКА ЖАН БИЛБЕС

Элестетсем Италия тоолорун,
Чалкый түшөт көңүлүм.
Көрсөм деймин чокуларын, өңүрүн,
Гүлгө ороно чатыраган жондорун.
Боз уландар сугун арта караган,
Мадонналар күлкү чачкан жолдорун.
Үккүм келет тарыхын тастык кармаган,
Касиеттүү карысынын ойлорун.
Өткөнгө окшоп ал жерде,
Байыркы бир өмүрүм!

Жакуттанам жерге батпай айрымда,
Алмазданган мончогундай Париждин.
Келдимби дейм дүйнөгө адеп үн сала,
Ажайып ушул калаада,
Кесилгенби киндигим?
Тастыкталып аты-жөнүм, кимдигим.
Жүзүмдөн сылайт эркин жел,
Колундай Умай энемдин.
Көктөгөнбү көктөмдөй,
Байыркы бир өмүрүм!

Ой-санаамды ээлейт кээде Мексика,
Балалыгым ал жакта өткөн сыяктуу.
Жигиттери өткүр жана шер келип,
Журт сүйүүсү окшоп турат Манаска!
Көктөмдөрү көрпөлөнө жайкалып,
Жери да түспөл Таласка!
Көргөнбү дейм агыл-төгүл мээримин,
Байыркы бир өмүрүм!
Сырын ачса сыр дүйнө,
Тыбырчылап, туйлабай
Тынч алмак байкуш жүрөгүм!

Теңирден башка жан билбес!

*12.07.2000.*

## ИТТИГИ ҮЧҮН ИТИНИН

Курбум ай, кечээки ысык сүйүүң кана,
Эриңе сабылчу элең күйүп-жана?
«Колундан уу берсең да ичемин», – деп,
Чырмооктой чырмачу элең кучагыңа!
Эриндериң гүлдөн көйнөк кийгендей,
Жагымдуу эле жарашыктуу жылмайып.
Өтүнчүсүң кылдай ката кетирсең,
«Кечир жаным, кечирегөр менде айып?»
Жал-жал эте карегиң,
Кирпиктериң ным тарта,
Көрүнчүсүң ыймандуудай үлбүрөп.
Бүгүн ирееңиң түтөп кумсара,
Миң бир түркүн күнөө таап,
Каргыш айтып «жаныңа»,
Айландың түркөй ажаанга!
Алтымышынчы жылдары,
Итке окшоп биз баккан.
Кошуналар жек көрүшчү ал итти,
– Жоготчу, – деп – Абдыке,
Бул жорпуну ким тапкан?
– Билбептирмин көргөнүмдө тайпактап,
Көзү ачылелек күчүк болчу, – дечү атам.
Иттиги үчүн итинин айыптуудай кайпактап.
Эриңдин күнөөсү чиркин бир гана,
Кериле бассаң жайкактап,
Тунарып көзү байлана,
Сага үйлөнүп алганы!
Элеп-желеп козуткан, берилгендир денеңе,
Арбай-торой сүйлөгөн, ишенгендир сөзүңө!
Асылы деп аялдын, алданып «жаның» момун да,
«Тагдырына» баш ийип, ач карышкыр улуган,
Ай талаада калды да!

Казаның дайым жабылуу...

*20.05.2000.*

## ӨТСӨ ДА КҮТӨМ ӨМҮРҮМ

Кусалык куюн сымал,
Айылыма айдап барды.
Бешиктей жылуу-жумшак,
Куттуу айылым таанылбады.
Кагырап чакмак таштай,
Туш-тушка чачылгандай.
Ыйманды итке ыргыта,
Душмандай эски кектүү.
Үйөрдөй, чагылгандай,
Күркүлдөп өзүмчүлдүк,
Кыйгачтай бороондонот.
Чаңдаган көчөлөрдө,
Жарылган бөтөлкөгө,
Тилдирип чор таманын,
Курсагы ач балдар боздойт.
Кер мурут уландарды,
Боорум деп сөзгө тартсам,
– Ысыбай ичегилер,
Какайып турабыз, – дейт,
Нес боло туңжурадым.
– Созулба «эжекебай»,
Барбы, – деп самопалың?
Кирилдей ныкып сурайт.
Көңүлүм сыңды сыздап.
Аттиң ов!
– Келечек кызым, – дечү,
Ууз жыттуу эне кайда?
Санжыра, салтты айткан,
Нускалуу ата кайда?
Журтунун бели болгон,
Эр мүнөз уул кайда?
Бир данды миңге айлантткан,
Иштемчил теңтуш кайда?
Кырк үйдөн тыюу алган,
Кымча бел кыздар кайда?
Этегин бала баскан,
Ийилип салам айткан,
Ырыстуу келин кайда?

Чиркин ов!
Агалар айкөл эле,
Жеңелер жетик эле.
Изгини кум жуткандай,
Бардыгы «жаңыланган».
Оозумдан түтүн булап,
Жандүйнөм куйкаланды.
Өзүмө өзүм батпай,
Карегим тумандады.
О пирим, туулган айылым,
Мынча не пейилиң качты?
Таңга окшоп жаркырыңды,
Энедей балкырыңды,
Өтсө да күтөм өмүрүм!

*13.09.2000.*

## МЕКЕН – БАЛА

*(Таэнем Канышайга)*

Мен көзүңдү көргөн жокмун таэне,
Бирок билем ааламыңды, дүйнөңдү.
Санжыралап кеп кылышчу карылар,
Эскердик деп, көкүрөккө түйгөндү.

Эскертипсиң: «Башталат, – деп коогалаң,
Тербийбиз го Текес беттеп, жол тарап.
Бирок бизге сере болбойт эч бир жак,
Марыбайбыз бөтөн жерден кол карап.

Турпатыбыз жүргөн менен Текесте,
Жан тирлиги Атажуртта калат да.
Жерге түшүп, жерин сурайт ымыркай,
«Мынакей», – деп, калп айталат кайсы ата?

Башпааналап жүрө берүү чекилик,
Мекен – бала, калбасын түк унутта.
Чабал болсоң жүрөгүңдү отко сал,
Түтүн жетет, сен жетпесең журтуңа!»

Так ушинтип айткан экен таэнем,
Үркүн болоор жылдын тыптынч жайында.
Каргашалуу башталганда кан төгүү,
Аталыптыр: «Эне – туу», – деп, айлында.

Бүгүн сага сыймыктанам таэне,
Көтөрүпсүң элдин жүгүн зарылда.
Көчөтторүң тигип кеткен бекемдеп,
Калк ичинде ар-намыс бар баарында.

*17.10.2000.*

## КАРГАЙМ КЭЭДЕ ӨЗҮМДҮ

«Өссө», – дедим, жокту билбей балдарым,
Чөнтөгүмдө жарты тыйын жок туруп.
Чындык коштойт, жетем дегем гүл бакка,
Дубанадай сайда калдым ак уруп.

Туш-тарабым ээндик жана чытырман,
Кайдан табам караң калган байлыкты?
Төрт бүктөлө атып келем башмалдак,
Өз жонумдан өзүм тилип кайышты.

Ыйлаак жашоо ээлеп алды төрүмдү,
Соолумө окшоп, бирге туулган өзөктөш.
Алсыздыктан каргайм минтип өзүмдү,
Батып кеткен Күнгө окшоп,
Батып кетчи сен Токтош!

*21.11.2000.*

## КЫЯЛДАНТАТ ТАБИЙГАТ

Кыялдантат көп учурда табийгат:
«Болуп калам бай терекке жалбырак.
Дилдиреймин көрктөндүрүп теректи,
Эске түшүп сүлкүлдөгөн жаш курак.
Жердин жытын сагынганда сүзүлүп,
Түшөөрүм чын бутактан тырс үзүлүп.

Көк майсаңга кучак жайсам наздана,
Аракечтер жаба кусаар үздүгүп.
Жок, жок, жок болбоймун түк жалбырак!

Өнгүм келет чөптүн көркү гүл болуп,
Турпатымды ажарланта Күн толуп.
Чырайыма чыгаарымда толукшуп,
Жулуп алаар пайда издеген найесеп,
Душманына атылгансып октолуп.
Солуурум чын арам колдо чүлүктөй,
Бул ааламдан үбөлөнө жок болуп.
Жок, жок, жок гүл болбоймун эч качан!

Суйсаламын тоо боорунда арчамын,
Бакыт мага арча болуп калганым.
Аталардан чууруп келет сүйүнчү,
Бешиги үчүн керектелем баланын!
Жер шарында көбөйсө экен бөбөктөр,
Токсон эмес жүздөп санап жаштарын!
Бах-хх,
Арчамын, мен арчамын!

Термелсин бешик төрлөрдө!

*23.11.2000.*

## 1960-ЖЫЛДЫН ЖИГИТТЕРИ

Таза эле 60-жылдын жигиттери,
Мөлтүрөп Байтик ата булагындай.
Кордобостон кыздарды колдоп турчу,
Тагдыры бир, жолу бир ынагындай.
Өткөн сымал Шабдан баатыр марттыгы,
Эртеңим деп эл күтүшчү кастарлап.
Салт, санжыра сөздөн чубап айтышчу,
Мактанбастан байлыгына мартаңдап.
Көрбөптүрмүн көлөкөсүз пастарын,
Жайдак эмес жүктүү болчу бардыгы.
Тааный билчү досторун да кастарын,
Акылына акыл кошуп жаштыгы.

Даяр болчу керек десе мекени,
Дүйшөнкулдай намыс тутуп берүүгө!
Айтылчу эле мээнеткеч, эрктүү экени,
Барышпаган Атажуртун сатууга,
Алтымышынчы жылдын жигиттери!
Дили болчу, тили болчу элинин,
Элестетип Тилекматтай акени!

*26.112.000.*

## АКЫЙКАТТАН БИР ЧЫМЧЫМ

Бейкутмун кээде тынч деңизде кайыктай,
Муз тоолор да, жаяндар да алыстай.
Нак ушундай кереметтүү учурда,
Тирликтин чоюн муштуму,
Желкеге уруп турса да,
Көтөрүп коём майышпай.
Бирок буйругун сезем жазмыштын,
Бороон тилсе деңиз бетин чарыктай,
Салаасында сапырылган толкундун,
Кысылаарымды томуктай.
А эгерде көңтөрүлсөм дирилдеп,
Терендикке «сүзөөрүм» чын балыктай.
Кактанбайм Күнгө көз ирмем,
Төшөгүм балыр мамыктай...

*18.12.2000.*

## БҮЛҮНБӨСҮН КЕМЕБИЗ

Бийкеч сурайт: «Сүйүү кандай болот?» – деп,
Улуубу же туруксузбу билбеймин?
Бири айтат сойку деп,
Бири кейийт сокур деп.
Үчүнчү бирөө чыркырайт,
Өкүмсүнгөн кокуй деп,
Анан кантип сүйүү наркын ченеймин?

– Тыңда, – дедим – кудум сендей чагымда,
Эжекелер миң кыялда жашашчу.
Бири күлчү жаркылдап,
Бири өзүн басмырлап.
Катчу бирөө мустая,
Себиле жашы жамгырлап.
Ошентсе да жигиттерди жогортодон карашчу.

Азыр алар ак жибектей энелер,
Жаш болгону, болбогону белгисиз.
Бакытым дейт балдарын,
Сыйлап турат чалдарын.
Үй-бүлөм деп эгилип,
Кыюуга даяр жандарын.
Демек, сүйүү улуу тура ченемсиз,
Бүлүнбөсүн бакыт толгон кемебиз!

*26.12.2000.*

## БӨЛӨК БОЛУП КАЛАМБЫ

Колдон учкан куш сымал,
Бүгүн түн да уйкум качты койнумдан.
Сыдыра карайм караңгыда дубалды,
Топураган адамдардын элеси
Каршы-терши өтүшкөнсүйт жанымдан.
Муздак жана аянычтуу турпатта,
Кадала тиктеп каректи.
Бири-бирине жол бошотот заматта,
Мага чукул келүүгө
Бирөөсүнө ыйгарышып кезекти.
Ушул сапар өкүмсүрөй мандайлаш
Жылжып аккан каны жок,
Жылуу, жумшак нуру жок,
Мейман сымал кириндиг,
Сайылган канжар ортолой
Көгүлжүм карек тигилди.
Чочудум да жума салдым көзүмдү.

Дүбүртүндө дүйнөнүн,
Алсыздыгым билинди.
Кумга түшкөн ийнедей,
Жоготуп койдум өзүмдү.
Акылымды жыйнадым да бир топто,
Күбүрөдүм эчактан баккан суроомду.
– Аталар да энелер, эжекелер, агалар
Ааламдан бизге белгисиз
Келдиңерби жол кезип?
Карайсыңар өчү бардай алагар,
Түрпөтүңөр коогаландуу жанды эзип.
Не болсо да ыйман наркы менде бар.
Урматтаймын баарыңарды
Жакынымдай берилип.
Өтүнөөрүм бирөө гана дит багып,
Бузбасаңар түрүңөрдү өзгөртүп.
Адамдыктан жети баштуу дөөгө өтүп,
Андан дароо тикен болуп сары түп.
Алдыңарда күнөөм барбы айткыла?
Же мен чогоол байкабастык кылдымбы,
Болбогула өтүп кеткен бабалар?..
Жооп бербеди, кебелбеди элестер.
Кээде элестер запкы жеген кулдардай,
Жерди көздөй эңшерилет баштары.
Жүздөрү суз, коркунучтуу, муңайым,
Тынбай агат мөлтүрөгөн жаштары.
Мен да кийин бөлөк болуп каламбы,
Башкалардын түнкү тынчын аламбы?..

*27.12.2000.*

## САНАЛАМЫН

Таңдан турам кур калчудай энчиден,
Түйшүк күтөт төрдөн дагы эпчиден.
Жабышсам да бүгүнкүгө туткучтай,
Саналамын калгандар деп эскиден.

*30.12.2000.*

## СЕНИН, МЕНИН МАХАБАТЫМ

Өчпөсө Атажурттан балбал чырак,
Бакыват сөөлөт күтүп кары курак.
Ал – сенин жана менин махабатым!

Бекибей ар бир үйдүн эшиктери,
Үй ээси конок күтсө түшүп пейли,
Ал – сенин жана менин махабатым!

Гүл бакты аваздантып кыздар күлсө,
Ызааттап ал кыздарды жигит жүрсө,
Ал – сенин жана менин махабатым!

Данга ысып дыйкандардын алаканы,
Токчулук алдейлесе ар бир жанды,
Ал – сенин жана менин махабатым!

*15.01.2001.*

## ЫСЫККӨЛ

Көрүнбөйт берметтей куулары,
Сапарын карытып кеткенби?
Бешигим шайы эле мамык деп,
Алар да сагынып эстейби?

Жүрсөм да орошон шаарларда,
Угулат комузга үн толкуну.
Дербиштей ак уруп келатам,
Сүйүүсүз жандүйнө толчубу?

Көрүштүк дегдөөлөр аркалап,
Бүтпөсүн эч качан арзуулар.
Түбүндө кылымдар ачкычы,
Бетинде миң түркүн жазуу бар.

Кумдарын шекердей кочуштайм,
Өтсүн деп мендеги жылуулук.

Аталар ант берип, жоо жеңген,
Сакталып санжырга сулуулук.

Көлдө бар шерденткен улуулук!

*10.02.2001.*

## БОЛОЛУЧУ ТИЗГИНДЕШ

Коргоо зарыл аталарды ченемсиз,
Алмустактан тообуз болуп келишкен.
Бүгүн алар майдаланып баратат,
Өкүм тирлик кендирлерин кескенден.

Ооба, аталар жашык жана чөгүңкү,
Жакын тутуп ичкиликти өзүнө.
Тайсалдашат дубал сүзө кабаарып,
Сүйлөй албай тике карап көзүңө.

Жокжитикке уйпаланды аталар,
Унуткансып улуу рухтун бардыгын.
Эгер алар конушка туу болбосо,
Билгениң чын кең дүйнөнүн тарлыгын.

Бала жана Атажурттун алдында,
Бийик бойдон калса экен аталар.
Сыйгаланып ар биринен нарк кетсе,
Оңолбойт эч кескин кеткен каталар.

Айчыктанган түндүгүбүз аталар,
Милдетибиз керегесин бекемдеш.
Иши үчүн жолго чыкса эртеңдин,
Бололучу оор учурда тизгиндеш?!

Басынтпайлы аталарды мажес деп,
Нелер түшпөйт эр жигиттин башына?!
Окчундатсак жүрөктөрүн кайгы жеп,
Жармач, тайгак из калтыраар артына.

Түшөбүз биз ошондо, куйкаланып тозокко!

*24.02.2.001.*

## САГЫНЫЧ

Жүрөгүмө ээлик этип өткөн чак,
Сагыныч жүгү моюнума артылат.
Карегимди алкак кылып холст илип,
Туулган жердин сүрөттөрү тартылат.

Учамын деп Айды беттеп кол созуп,
Табышмактуу тайгаланчаак жаштык кез.
Бейиш деген жупуну айлым экенин,
Ачуу-таттуу жүрүштөрдө туйдум кеч.

Тектирчедей жапыс жана чатырсыз,
Кусалантты азыр мени жер тамдар.
Жамгыр жааса тушар жапкан баткакты,
Топурак май токпуз дешчү аталар.

Эссиз адам бийиксинип журтуна,
Ташты дагы салат экен кейишке.
Жыланаяк күрткү кечип жүрсөн да,
Сыймыктангын жашаймын деп бейиште.

Учурда мен бейишинден алысмын,
Унутулдум мордон чыккан түтүндөй.
Ах жүрөгүм, куушурула кысылат,
Мейман кетет, мейман келет күттүрбөй!

Кайрылса кана бир күнүм...

*24.02.2001.*

## БЕКЕР КЕП

Жылуулук Күндөн болбосо,
Күн деп атап не керек?
Жарыгы Айдын тийбесе,
Ай деп алкап не керек?
Эриң сени сүйбөсө,
Эр деп айтыш бекер кеп.

*29.03.2001.*

## ТОП ОЙНОЙТ

Кебезди тытсаң жүн болбойт,
Чөптү жаксаң чок болбойт.
Акылы тайкы келиндер,
Идиши менен топ ойнойт.

*29.03.2001.*

## ӨЗҮМӨ НАСААТ

Куштарлансаң эркин өмүр сүрүүгө,
Жолуң кессе турмуш деген ургуруң.
Күйпөлөктөп жабыкпачы сен Токтош,
Жабыгуудан эмне таптың кургурум?..
Качпай өрттөн жетеленсең ачууга,
Түшөөрүң чын алоолонгон жалынга.
Сактай билгин өзүңдү да досундай,
Канжар жатат жылмаюунун артында.
Эшик тытып кайырчылар келгенде,
Жутаар ашың ташка айланат заматта.
Тамырлашкан учур чактын бийлиги,
Баш көтөрсөң «сандыгына катат» да!
Чөнтөк сымал жүрөктөр шарт тилинди,
Анан кантип гүл эгесиң жайыкка?
Согуп, сокпой күрөө тамыр үлпүлдөйт,
Шумдук жомок белек этти бул заман.
Өткөөл мезгил өтүп кетип биз менен,
Жаштарыбыз чыкса экен капастан.
Ошондо келет эркиндик,
Учасың канат талбастан!

Сапарың болуп байсалдуу...

## ӨКҮНҮП ӨТӨТ

Көпөлөккө тагдырлаш,
Өмүр сүрөт адамзат.
Шайтанга болуп табакташ,
Өкүнүп өтөт адамзат.

*28.04.2001.*

## ТАРУУ АЙДАСА ТАЛААГА

Коломтосун сүйбөсө,
Шам болуп үйдө күйбөсө,
Эрдин эмне кереги?

Чаңкасаң суу бербесе,
Алың кандай дебесе,
Эрдин эмне кереги?

Өйдөгө чыгып баратсаң,
Жолуңа салса ал калкан,
Эрдин эмне кереги?

Кем тутса сени өзүнөн,
Жылуулук болбой сөзүнөн,
Эрдин эмне кереги?

Тарбия бербей балага,
Таруу айдаса талаага,
Эрдин эмне кереги?

*18.05.2001.*

## СҮЙДҮМ ЭЛЕ

Мен сени сүйдүм эле бир кездерде,
Окшотуп аалым жана кеменгерге.
Чиркин ай, жалын чачпай үлүндөдүң,
Сүрүлдү зор мухиттен биздин кеме!
Кырчылдайт калагымдын билектери,
Сезилип ажыроонун белгилери.

*21.05.2001.*

## БОЗ ЧЫМЧЫК

Безеленет боз чымчык,
Бут алдыма томолонуп.
Не жоготту бул балконго,
Үнү мукам ыза толуп?
Катып турам селейип мен,
Душман болгум келбей ага.
Каректери мөл-мөл тумсак,
Ээзет аны кандай санаа?
Күйүп-быша коно калат,
Балкон тоскон кыр жыгачка.
Дир-дир этет бүт тулкусу,
Кайгы жутат неге мынча?
Ал аңгыча аста сызып,
Жол боюнда теректен,
Учуп чыкты бир чымчык,
Тумшугу ашак келишкен.
Байкуш бозум чачылчудай,
Кашек ачпый солуктады.
Бариктеги шүүдүрүмдөй,
Коздон жашы жыла тамды.
Жеңил кайкып ой жеткиси,
Он жагына коно калды.
Сайрады анан жылуу-жумшак,
Алкым жүнү үлпүлдөй.
Жайкала түштү боз чымчык,
Кең талаанын гүлүндөй.
Акырында эки түгөй,
Катарлаша канат күүлөп,
Которүлдү көк асманга
Леп-леп эте ава жиреп.

Эмшейип балкон бош калды...

*29.05.2001.*

## ШАШЫЛБА

Бир өмүрдө үйлөнгөн соң бир ирет,
Жаңылбагын жарды тандап алуудан.
Жаштык кылып жосунсузга баш кошсоң,
Тозок жакка түртүп турат далыңдан.
Өчү бардай жандүйнөңө жаа тартат,
Жылдызданган карегиңден кан тамат.
Жаралат деп мендей аял кылымда,
Эрмек кылат эриккенде көчөнү.
Коломтого от тутанбай томсорот,
Күнү-түнү түк жыйылбай төшөгү.
Миң сомуңду бир сомчолук нарктабайт,
Үй-бүлөм деп башы менен таш жарган,
Байкуш сени байпакчалык барктабайт.
Балдар ыйлайт ачкалыктан тыбырап,
Жоголчу дейт темселебей кыбырап.
Сарамжалы болбогон соң аялдын,
Алтын, күмүш жатса дагы жыбырап,
Баса берет жардылык!
«Санжыргасы» сан төөлөргө жүк болуп,
Аты гана ал чунактын колукту.
Колдон учуп жигиттиктин бактысы,
Жаш чагыңдан тарта көрбө кордукту.
Алдастаба, үйлөнүүгө шашылба,
Токтоолуктан бакыт табат жүрөгүң.
Сезимиңди сергитчү,
Жайлоодой болсун түгөйүң!

*04.06.2001.*

## ЖОМОКТОП НЕСИН АЙТАЙЫН

Өттү, кетти менин байкуш өмүрүм,
Бир стакан семичкедей чагылып.
Кеч күздөгү үшүк чалган чымындай,
Босогодон үнүм басмырт жаңырып.
Шарактачу жаш кездеги күндөрүм,
Кылымдардын ачкычтарын тагынып!

Жомоктоп несин айтайын...

*05.06.2001.*

# ТУЛГАГА АЙЛАНГАН АДАМДЫН АРМАНЫ

Турмуш мени тулга жасап,
Асып койгон кырк кулактуу казанды.
Ал казанга басып мөөрүн,
Эшейген шайтан ээлеп алды.
Кайнатат күн-түн казанга,
Боркулдатып «нак балын».
Жылмыңдайт анан ал шайтан,
Астынан тосуп «душманын».
Меймандос болуп жыпылдайт,
Ээ пенде деп «мен сүйгөн!»
Өңүнө чыга жылтылдайт.
«Бал» сунуп аста ууртатып,
Берешен болуп култуңдайт.
Байкуш адам ышынып,
Түшүп берет торбосуна шайтандын.
Таткалалбай «бал» даамын,
Сапар тартат о дүйнөгө сызылып.
Кайнаттырбай «нака бал»,
Жоготсом дейм отту жеп.
А бирок түбү керең туурук деп,
Кулагынан жулкуп алып жерге чаап,
Казанды чагып алат кек.
Колумдан келбей эч нерсе,
Өрттөнүп турам чоктоно.
Кезек жетет мага да,
Куюндай тийип октоло,
Неге мынча ийрисиң деп ыргытып,
Жатып калам кабырыла кум жутуп.
Келекелей мыжыгып,
Желкемден апчып тургузуп,
Асат кайра ууга толгон казанды.
Котором онтой калчылдап,
Энемдей күтүп азамды!

Ылажым жок терс бурулуп басууга...

*05.10.2001.*

## БАР БЕЛЕ ДОСУҢ

Берешен да, зыкым дагы бул дүйнө,
Жетээриң чын экөөнө эмес бирөөнө.
Эгер тагдыр зыкымына итерсе,
Азабыңды тартышмакчы ким кошо?..
Сулу ботко жетип-жетпей эрдиңе,
Иренжирсиң өмүргө да, өлүмгө.
Ошол тапта бүт ааламды жерибей,
Дайым жүрчү көңүлдө,
Шер көкүрөк туздаш досуң бар беле,
Элестетип анын эрктүү майданын,
Жылынып ал, тоюнуп ал демине.
Аттиң ай,
Бар беле досуң, бар беле?!.

*29.10.2001.*

## ЧЕРТЕТ

Бул дүйнөгө келгеним чын болгон соң,
Каалагандай жашайм дейсиң турмушта.
Бирок арбын айлакер да, күчтүүлөр,
Зериккенде чертип ойнойт тумшукка.

*04.11.2001.*

## АК ТУЮМ

Элди сыйлайм, эл ичинде кимдер жок,
Өйдөсүнөт кечээки эле тең курбум.
Сынбаса экен анын дагы чырпыгы,
Уяласын жүрөктөрдү ак туюм.

*04.11.2001.*

## ГҮЛ ӨСТҮРДҮМ

Тар бөлмөгө гүл өстүрдүм жайкалта,
Батпай барат бурчтан-бурчка чатырап.
Салкын желдей саамалданган жытына,
Кирингенсийт акактана чар-тарап.

*04.11.1001.*

## АНДА-САНДА

Жолум узак кеч күздөгү боз талаа,
Бозорсо да ысык, сүйкүм көрүнөт.
Серпе салып уюлгуган туманды,
Анда-санда куржун оозу сөгүлөт.

*04.11.2001*

## ЖЕЛАРГЫДАН ӨТҮНҮЧ

Аймаласаң байкабай калсам эгер,
Таарынбагын көптүбү деп тоготпой.
Түмөн түйшүк сезимди мүлжүп кетээр,
Акылды акча сөрөй жемиштей жеп.
Өзүңө онтолоңдөп кыял жетээр,
Ээленип качып чыгып колтугумдан.
Өтүнүчүм демин суутпай кубатың сеп,
Жыттатып коңур күздөй алкымыңдан?!
Кыдырсын Жер алкагын көл-шал тердеп.

Менин көзүм аныкы!

## ЧЕЧИЛЕМИН

Түшүмдө да чыгалбаймын бийикке,
Тилкаланат бут коёрдо шатылар.
А оңумдо окшоп даяр кийитке,
Чечилемин пайдасына бирөөнүн.

## БЕЛГИСИЗ

Кечээки эле салттуу, айкөл жеңелер,
Бүгүн тумсак, чарт түйүлүп кабагы.
Кайда учту, эмне болду белгисиз,
Колундагы ырыс толгон табагы.

## ЖАНЫМ МЕНИН

Мүлк аттуудан терезеге жакынмын,
Бүчүсүндөй өтө аярдуу көйнөктүн.
Жаным менин ай-ааламды кыдырат,
Жылчыгынан учуп чыгып айнектин.

*04.11.2001.*

## АЙГА КАЙРЫЛУУ

Мелүүндүгүң Каркыранын желиндей,
Көөшүлгөнүң айтып бүткүс керемет.
Кенендигиң жер шарынын чегиндей,
Алкагыңдан алтын, күмүш эленет.

Күбө өттүң түрлүү-түркүн сүйүүгө,
Кубанычты, кайгыларды бөлүшүп.
Зар болушуп бийкечтерин көрүүгө,
Ыйлагандыр нечен шерлер чөк түшүп.

Бир сырдуусуң бийиктигиң билинбей,
Шоолаларың санак жеткис кылымдар.
Толукшуйсуң жылдыздардын пириндей,
Эришинде менин дагы сырым бар.

Таңсупада узатасың тынч түндү,
Бекетиңе буулуккандай байланып.
Аяганда базар жеген өмүрдү,
Калсамчы дейм ак шоолаңа айланып.

## АК ЖООЛУК

Үстөмөндөп тонналаган ызалар,
Батып келет жүрөгүмө бир кочуш.
Жеңесиң деп өзүмдү өзүм көтөрөм,
Түшпөсүн деп башымдагы ак жоолук.

## МАЙЛАСАҢ ДА

Жашоо эмне? Куурай талаа, гүлдүү бак,
Куурайчыга бакчадагы карабайт.
Шоолдоп өскөн тал-теректин бири да,
Майласаң да камчы сапка жарабайт.

*06.12.2001*

## БУРГАНАК

Күтүрөйт бут алдымда калың күрткү,
Кызылдай сапырылып муз бурганак.
Каткырат вальсты бийлеп үрөп күчтү,
Чилдеге чимириле тартып тузак.

Ыргыштайт буйтактатып түз жолумду,
Тулкунан аяз бүркүп, коорук басып.
Желкеме түрө коюп жоолугумду,
Бетиме кистиси жок сүрөт тартып.

Далбалактап этеги карды чийсе,
Өркөчтөнө    тирелет касабалар.
Эриндери чопулдап көккө тийсе,
Чокуларга сайылат аппак туулар.

*19.01.2002.*

## ТИКТЕП КӨРЧҮ

Өттү, кетти нечен таттуу күндөрүм,
Убагында тиш чукуурдай бааланбай.
Эми отурам Айды тиктеп айнектен,
Эширейип түн коодугун көралбай.

Тээ алыстан күү чыккансыйт жаңырык,
Кимдер бийге дилин кошту болду экен?
Таарынуулар, таанышуулар чарк уруп,
Кимге бакыт, кимге ыза конду экен?

Азыр мага учур кымбат көрүнөт,
А жаштардын сүйүү тебет көөдөнүн.
Мен Теңирден өмүр сурап кайырчы,
А жаштардын тиктеп көрчү көздөрүн?!

*11.02.2002.*

## КЫШКЫ ЖАМГЫР

Кара булут бөйрөктөнө бөлүнүп,
Туйлайт жамгыр үздүк-создук себелеп.
Жолдор чукул, жолдор алыс көрүнүп,
Баратабыз шайтан мойнун тебелеп.

Кышкы жамгыр аяктаган өмүрдөй,
Чыйрыктырат жүрөгүңө кыт куюп.
Байымы жок күйүп бүткөн көмүрдөй,
Тонун чечпейт чабалдыгын жер туюп.

Бул сапарлар жазмышындай жамгырдын,
Унутулган кандай төгүп өтсө да.
Жалгашса эгер жерге күрөө тамырың,
Өнөөрүң чын денең суугa чөксө да.

*12.02.2002*

## ЭРТЕ ЭСЕЙЭЭР

Кечээ эле шыбыргактап кар жааган,
Асман бети тунарыктай бүлбүлдөп.
Көрдүм бүгүн ууз чөптүн тумшугун,
Кыш чепкенин жыртып атат күкүмдөп.

Эрте туулуп, эрте эсейээр быйыл жаз.

*13.02.2002.*

## КҮМӨНДӨР

Эртең менен кирпигиңе байланып,
Карегиңе чаң түшүрбөйм дегендер,
Түш оогондо оолактатса жарды деп,
Чын ниеттен дос болгону күмөндөр.

*13.02.2002.*

## АЙЛУУ ТҮНДӨ

Жаштык жеңет жаш учурдун пастыгын,
Гүл ичинде гүлдөй жумшак кирпи да.
Айлуу түндө алтын болуп көрүнөт,
Балчыктагы сынып жаткан кирпич да.

*13.02.2002.*

## КОРГОЙТ СЕНИ

Неден кемчил экендигиң белгисиз,
Жүрөгүңдү тилип турса кусалык.
Эчак өткөн балалыкты эске сал,
Коргойт сени эзилүүдөн куткарып.

*13.02.2002.*

## ТЕБЕЛЕНДИМ

Тышка чыксам кайырчылар ак таңдай,
Үйгө кирсем кыш ышкырат бороондоп.
Мезгил менен камыр-жумур кеталбай,
Тебелендим өзүмө өзүм корголоп.

*13.02.2002.*

## НЕБЕРЕМ НУРЛАНГА

Жаралгансып үзүлүп карегимден,
Жүрөгүмө терметип бактым сени.
Бактылуу ӨМҮР тилейм ТЕҢИРИМДЕН,
Эс тартканда кез-кезде эсте мени?!

*14.02.2002.*

## ШООНА ЭШПЕЙ

Коштошоордо жардылыгым жөн кетпей,
Жолум торой шагыл чачты миң көнөк.
Эмгек сүйгөн эрктүүлүгүм шоона эшпей,
Тартат буттан тайтаңдатып аң-чөнөк.

*13.02.2002.*

## ЖАЛГАН ДЕБЕ

Замандаш, бул дүйнөнү жалган дебе,
Жалгандык жалгашпасын дилибизге.
Жүрөгүм тырс үзүлүп кете жаздайт,
Бул дүйнө жалган, жалган, жалган дешсе.

Суранам бул дүйнөнү жалган дебе,
Жалганбы биздин жашап атканыбыз?
Кубулма, куу жүз эмес жарыкчылык,
Тайыздык касиетин танганыбыз!

Байкоос ал кийин келчү урпактарды,
Көздөрү биз тарапты тиктеп турат.
Төгүн деп бул дүйнөнү айтышканда,
Сызылып карегинен жаштар тамат.

Эгерде жалган болсо жарыкчылык,
Өтөлгөн иштерибиз кайда калат?
Ың-жыңсыз топо болоор издерибиз,
Өрттөнүп кеткен сымал зор имарат!

Замандаш, бул дүйнөнү жалган дебе?!

***15.02.2002.***

## БИР КЕЛИНДИН КҮЙҮТҮ

Күңгөйдөн учкан куш элем,
Күйпөйдүм гөргө туш болуп.
Тушамыш салды бутума,
Чүрүштү гүлүм бүт соолуп.

Тескейден учкан куш элем,
Телпейдим гөргө туш болуп.
Чычкандан дагы кызганат,
Чеңгелине таш толуп.

Көкөлөп учкан куш элем,
Жүлүнгө жебе тартты ал.
Карегим туман, көөдөн саз,
Акылым чөгүп, болду шал!

***18.03.2002.***

## КАЛСАМ ЭКЕН

Күзгү шамал менден күчүн көрсөтүп,
Дегдеңдетип түртүп келет артымдан.
Шамал демин чыкыйга уруп бөксөртүп,
Чыкса деймин таянаар тоо алдымдан.

Учуп барам томолонуп камгактай,
Жетээр чегим, коноор жайым белгисиз.

Бай жер жоктур нака биздин аймактай,
Миллиардга бир чарчысын бергисиз.

Бабам менен Атажурттун түбү бир,
Орономун керек дешсе чокту да.
Шамал менен жер шарынын чеги бир,
Калсам экен өзүбүздүн коктуда.

*27.03.2002.*

## ЫЙЛАГЫЛА ЧЫНАРЛАР

Ыйлагыла чынарлар, ыйлагыла,
Көөдөндөргө кайгыны жыйбагыла!
Аптаптарга кургатпай сөөгүбүздү,
Бакчу эле деп бир кемпир сыздагыла!

Чалгы тийип катыган чырканактай,
Эки чыбык элеңер чыпалактай.
Көчөттөр деп таап келип таштандыдан,
Секелек кыз отургузган чыканактай.

Сүйүнгөн бүчүрүңөр ачылганда,
Сырын төкчү өйдө-ылдыйга басынганда.
Тулкуңарга боюн таштап бышактачу,
Башкаралбай сүйүүсүн чачылганда.

Турмушунда силердей көктөй албай,
Тилегине орошон жете да албай.
Муштумунда ичкичтин сынып жүрүп,
Кете берди жашоодон өч алгандай.

Ыйлагыла чынарлар, ыйлагыла,
Кайдыгердей мостоюп турбагыла!
Бейиштедир жибектей тамырыңар,
Энеңерди саамайынан сылагыла!

Ыйлагыла чынарлар, ыйлагыла...

*29.03.2002.*

## ООР САЛАМ

Кусаланам кечээки өткөн күнүмө,
Бүгүнкү күн көңүлсүздөй туюлуп.
Дүйнө тааныйм эки көздөй балкондон,
Санааларым шамал болуп удургуп.

Жүзү муңдуу арык кемпир келатат,
Ичи куру, жыртык баштык көтөргөн.
Тамандары алсыз таптайт таш жолду,
Кийимдери жука жана көөнөргөн.

Жаш кезинде ишке тойбой күжүлдөп,
Санналгандыр даңктуу чабан, пахтакер.
Эми минтип өгөйлөндү коомунда,
Болгон сымал күнөөсү зор кылмышкер.

Дөөлөттүү эле карыялар бир кезде,
Жандарынан учурашып өтчүбүз.
Алкашканда «өмүр коштоп аман бол»,
Бакыттарын жүздөрүнөн көрчүбүз.

Бүгүн карттар, – аттиң, – дешип бозоро,
Кылчак-кылчак таштандыны карашат.
Эгер заман жакшы жакка ообосо,
Узак жашоо тозоктугун айтышат.

Кемпир менен кошо кетип ой-санаам,
Кемпир менен кошо келди оор салам!..

*05.04.2002*

## ТЕРИКПЕГИН

Эгер сени какмаласа «жан досуң»,
Терикпегин текебердүү сөзүнө.
Көрөөрүң чын душманга ок болгонун,
Энеси да жоо көрүнөт көзүнө.

*10.05.2002.*

## КАРА КЫЗ

Маектешим ыманы ысык кара кыз,
Каралыгын жерип жүргөн сыяктуу.
Аны чанган аппак жүздүү жигиттер,
Болду бекен ушул кыздай уяттуу!..

*10.05.2002.*

## БОЗ ҮЙ ЖАНА БОРООН

Тытчу бороон боз үйдү ачыга улуп,
Киркиреп жабууларын аткый жулуп.
Энекем кебелбестен желбоо тартчу,
Ортолой коломтону тике туруп.

Энемди чамгарактан өткөрчүдөй,
Боз үйдү куюндатып көтөрчүдөй.
Чамына үзүктөрдү далбактатчу,
Кырчоону үзүп-үзүп жеп ийчүдөй.

Күркүрөп чабылганда окшоп селге,
Сынчудай качырачу уук, кереге.
Корккондон казык болуп калаар элем,
Кирчүдөй жылчык болсо кара жерге.

*13.05.2002.*

## ШЕК КЕЛТИРБЕ

Жаш досум, жашырбачы карегиңди,
Жаш турат илинип кирпигиңде.
Улуулук устаттыгым көмөктөшөөр,
Тартынба, тек сырыңды жеңилдене.

Жаңылып, ыйладыңбы бир кайсардан,
Үшкүрө өзүңдү өзүң тааныбайсың.
Үйрүлүп турсам дагы маңдайыңда,
Сүйүүмдү тыйынчалык баалабайсың.

Жаштык кез акыл-эстен өрмөк токуу,
Окшобойт ар бир көчөт бир бирине,
Сындырсаң бирөөлөрдү же сындырса,
Ойлонгун, шек келтирбе кимдигиңе.

*18.06.2002.*

## УУРДАП АЛДЫМ

Жалганым, сен мага таарынбагын,
Оор сөзүң кечээки кыйнап жатат.
Алигиче өзүмө келалбастан,
Жандүйнөм эзиле ыйлап атат.

Жалганым, сен мага таарынбагын,
Жасалма мамилең түртүп жатат.
Бардыгын кечирип койсом дагы,
Ыйманым үйрүлбөй уугуп атат.

Жалганым, сен мага таарынбагын,
Төрүндө тозоктун жашап жатам.
Калпыңды каткырып коштой албай,
Мустайып, муз болуп тоңуп атам.

Жалганым, сен мага таарынбагын,
Алдыңдан тосуп да чыгалбадым.
Сүйкүмсүз көлөкө болгум келбей,
Сүйүүмдү өзүңдөн уурдап алдым.

*18.06.2002.*

## ДҮРТ ЭТМЕКМИН

Өттү, кетти менчик туткан жаздарым,
Кайталанбайт жаратылыш жазындай.
Кайрылса эгер жазып-тайып жаштыгым,
Дүрт этмекмин көсөөлөнүп быкшыбай!

*05.07.2002.*

## БЫЙЫЛКЫ ЖАЙ

Ныксырап, ыкшоо быйыл жай,
Селсаяк данга чалынып.
Аккансыды жерден май,
Этек-жеңдер малынып.

*05.07.2002.*

## КУЛАК КАГЫШ

Жаз келди деп жаш селки,
Делебеңди козгобо.
Жүрөгүң тоңсо эрибес,
Көрүнүп чөйрөң мокочо.

* * *

Эңкейип жашың калганда,
Чегесиң эшек араба.
Карегиң, бирок кычышат,
Аргымак минип чапканга!

* * *

Даражаң бийик болсо да,
Карыларды сыйлай жүр.
Тайысаң кокус шатыдан,
Алар коргон сага бил.

* * *

Жашмын, жашмын дей бербе,
Босогодо карылык.
Мезгил закым, учат тез,
Күтпөйсүң аны зарыгып.

* * *

Барда байлык колуңда,
Көңүлүн тап душмандын.
Айкөл, көсөм экен деп,
Даңкка бөлөйт урпагың.

* * *

Тайгак кечүү, таш жолдо,
Гүл бакчаңды эңсейсиң.
Тозоктон буйрук болсо да,
Кумдан аркан эшпейсиң.

* * *

Кечүү издебей дайрадан,
Сүзүп өтөм дебегин.
Агымы жумшак болсо да,
Табылбай калат кебегиң.

* * *

Бурганак, бороон боздобой,
Бугу чыкпайт кыштын да.
Сүйүүсү көктөп турбаса,
Көңүлү өспөйт кыздын да.

* * *

Кергиштеп согот жазгы жел,
Келиндин кабак-кашындай.
Денеден өчсө жалының,
Каласың сайдын ташындай.

* * *

Жөө жүргөнчө эшек мин,
Басыгынын сыры бар.
Жоргого бергис дулдул деп,
Мактана айтчу жүгү бар.

* * *

Эгилип балам дегенде,
Эсинде болсун урпактар,
Энеңе карыз экениң.
Ардагым балам дегенде,
Ар дайым турсун санааңда,
Атаңа карыз экениң.

*30.12.2002.*

## КЫДЫР ТОЗСУН ЖОЛУҢДАН

*(Медициналык илимдин доктору, кордиолог К. АБДРАМАНОВГО)*

Айкөл, мартсың жашоо берип белекке,
Күмүштөнгөн кирсиз тандай төгүлүп!
Жарады деп бул уулубуз керекке,
Жомоктонтуп кылым менен эл айтат!

Аалам чексиз, илим чексиз акыйкат,
Чексиздикке келатасың сапарлаш.
Эмгегиңдин акыбети кайткандан,
Атың бийик Улукманга катарлаш!

Мына-мына эми үзүлчү жүрөктөр,
Күчкө толот кереметтүү колуңдан!
Башың сайып, өмүр улап келесиң,
Өзүңдү да Кыдыр тозсун жолуңдан!

## НАРКТУУНУН БАРКЫ КЕБЕЛБЕС

Күтүүдөн аяш жолдуусуң,
Сызыла сааттап отуруп.
Күйдүргүң уулуңбу же эриңби,
Атайсың кимди озунуп?

Эгерде күтсөң уулуңду,
Убакытка кайдыгер.
Өзүнө теңди табалбай,
Таң атса кайра шамдигер.

Күтсөң эгер эриңди,
Көзүңдү таңды жан безер.
Сооротот келип заматта,
Зайыпсың деп кеменгер.

Ыйыксың, барсың күткөндөн,
Күтүү – бейиш оксүү эмес.
Сактасын Теңир өчкөндөн,
Нарктуунун баркы кебелбес.

*10.07.2002*

## ТҮШТӨРҮМ

Жети атам, жети аалам түштөрүмдө,
Айтылгат кыз Сайкалдай чыйрал, чыңал!
Кайрадан ээн талаада болуп калам,
Байыркы эстеликтин бири сымал.

Жалбырттап өрттөр кирет түштөрүмө,
Журтума түшпөсүн деп кокус бир чок.
Чочуйм да коркунуч минип көөдөнүмө,
Тирмийип кирпик какпай таң атырам.

Күркүрөп деңиз ташыйт түштөрүмдө,
Дыйкандын каптайбы деп дан талаасын,
Мөлтүлдөп жашым толуп көздөрүмө,
Теңирден ырайым сурап таң атырам.

Мекеним бейиш багы түштөрүмдө,
Бейпилдик тамыр жайып, Алатоомо.
Илеби дүйнө жүзүн жылытат деп,
Оту өчпөс сыймыктанам коломтомо!

Келүүчү кылым кирет түштөрүмө...

*11.07.2002.*

## САКТАГЫН

Сактагын куму чыккан өзөндү да,
Нарк тутуп, көсөмдөрдүн айткандарын.
Бириктагын элинди да, өзүндү да,
Илээшпей таманына душмандардын!

*19.07.2002.*

## КАР

Качырайт кар салмактан,
Сөөктөрү сынып аткандай.
Беттеше түшөт кирпигим,
Өзүмдү өзүм баскандай.

*30.12.2002.*

## БОЛДУМ КУЛ

Отуз жашы келгенче,
Ооматын алган Алыкул.
Алтымыш белек бергенче,
Гөр оокатка болдум кул!

*30.12.2002.*

## КЕЧИРГИН

Телегейиң тегиз экен балаты,
Кайсы өрөөндөн сени кыйып алышты?
Балта мизи өзөгүңө тийгенде,
Кимдер аяп, соогалашты жаныңды?
Жыгылганда жерге кулап боортоктоп,
Акча аташып канча пенде талашты?
Ууруларбы... Улуктарбы?..
Тагдырыңа катырмакчы ким башты?!
Турпагыңда турганыңда көктөмдөп,
Кылымдарды тосот элең сеңселе.
Жетилмексиң тобурчагың тоо болуп,
Шактарыңда булбул сайрап безене.
Эми нени айта алам?!.
Көз жашыңбы ийнелериң сабалат,
Күнөөлүдөй ичтен кейийим сен үчүн!
А неберем бутактарың өпкүлөйт,
Ким тыя алат анын шаңдуу күлкүсүн?!
Түштүгүңө жорго миндиң кечиргин,
Жашоо татаал сен да тирлик үрпүсүң!
Жаңы жылдын толтура көр этегин!

*31.12.2002.*

## ТЕРЕЗЕНИ АЧЫК КОЙ

Жаппа кызым, терезени ачык кой,
Күндөн бизге өмүр келет чалкыган.
Жандуу, жансыз эңсеп турат жарыкты,
Жерди беттеп учкан сымал чагылган.

Жаппа кызым, терезени ачык кой,
Жердин жыты жүрөгүмдү толкутат.
Жашаганда ата-бабам кемибей,
Тээ дөңдөрдө сөз курашып отурмак.

Жаппа кызым, терезени ачык кой,
Булут баскан асман дагы ажайып.
Күрпүлдөгү тоо суусунун угулбайт,
Же калдыбы карт мөңгүлөр азайып?..

Жаппа кызым, терезени ачык кой,
Шамал кирсин көңүл кирин тазалап.
Зор тилекке күбө болуу бакыт го,
Кылымдардын босогосун сагалап...

Үлүндөгөн көлөкөнү каалабайм!

*30.12.2002.*

## ТЕРЕҢ КЕТСЕ

Терең кетсе бак-дарактын тамыры,
Өзөгүнө ок тийсе да чайпалбайт.
Өз коомунда өгөйлөнсө жаш адам,
Найсептин нарксыздыгын кайталайт.

## АЙТАЛБАЙТ

Карышкырды хан сарайда баксаң да,
Эмгегинди эч убакта кайтарбайт.
Бекер жүрбөй тердик көктөөр шоона эшсең,
Беймаза деп сени эч ким айталбайт.

## КАЛКЫ МЕНЕН

Чокусунда кабатталып муз жатса,
Зоолор сүрдүү обо мелжип көрүнөт.
Калкы менен падышалар улук да,
Элсиз алар кургак кудук өңдөнөт.

## ТААНЫП КАЛ

Күнөөлөбөй коомго кошуп Теңирди,
Өкчөп башты тынч жаткырбай ишке сал.
Чар-тарапка серпип колду менсинбей,
Бул жашоодо өзүң кимсиң таанып кал!

*06.02.2002.*

## ТАР БОЛМОКЧУ

Агып жаткан мөлтүр суусу соолуса,
Өстөн ичин курт, кумурска уялайт.
Жигиттерди кырчаңгылык тооруса,
Анын жолун шайтан дагы улабайт.

Тар болмокчу кең дүйнө!..

*06.02.2002.*

## БАРК КҮТСӨМ ДЕЙМ

Кыш селкиси Айдан чачпак байланып,
Кубулжутат жылдыздарын, берметин.
Бак-дарактар ак букетке айланып,
Бой тирешет көрсөткөнсүп келбетин.

Чилде мырза жерге жабат ак тонун,
Салынамын мен да шашып ак жоолук.
Ачып таштап тереземдин болгонун,
Чычалаба, чыйрак деймин бүт толук!

Балалыгым уч-кыйрынан тапчудай,
Издөө салам ак кемеге отуруп.
Жылбышат кар майга эзилген талкандай,
Көөлөнөт ов, жер аягын толтуруп.

Барк күтсөм дейм дыйкандардын баркындай!

*02.07.2002.*

## ОЙЛОР

Электр жок, үйдүн ичи чоочундай,
Таарынгансып ыңырттана мелтейет.
Ойлор келип тунжуроонун доошундай,
Дүйнө кез деп эркке койбой жетелейт.

Чөкконүндө ойлор бүтпөс казына,
Ой чегелеп жылдыздарга достоштум.
Чулгагандай байлык жана мартаба,
Каатчылыктын тукумуна чек койдум.

Белек бердим дубанага, жардыга,
Жер бетинде бир кайырчы калбады.
Керектүүлөр Күн нурундай жабыла,
Ибилис да чылык жолго барбады.

Жакындатып көз ирмемде ыраакты,
Ойлор ыкчам дүйнө рухун чогултат.
Күйгүзүүгө колум барбайт чыракты,
Сокур жарык жакшылыкты чочутат.

Электр жок, үйдүн ичи чоочундай...

*02.08.2002.*

## БЕЛГИСИЗДИК

Жандүйнөмдү ээлеп алып мунарык,
Ксчээкидей жарыктана албадым.
Топо эленип чөйрөм дагы тунарык,
Буктурмалуу жол баскандан талбадым.

Туйлайт бороон баш-аяксыз чамынып,
Башчыга окшоп журт алдаган терсаяк.
Боолгологон багытынан адашып,
Кайыккандыр жону жука селсаяк.

Маңдайлашкан кабат үйлөр бозорот,
Океанга чөгүп аткан кемедей.
Айнектери жарык чачпай томсорот,
Тагдырына таарынгансып ченебей.

Сойлойт бороон жер шарынын тилиндей,
Неге суусап, нени татат белгисиз.
Кирпигине эртеңкинин илинбей,
Тарс үзүлгөн электрдин зымындай,
О дүйнөгө учуп кетээр бекенбиз...

*13.03.2003.*

## УЛУКМАН АКЕМ ҮЙРӨТКӨН

Денемди кысып муздата,
Ороп алды састымоо.
Жыландай сойлоп койнума,
Кирип алды састымоо.

Мурдумдун учун кызарта,
Сүрүп салды састымоо.
Карегимди жыртайта,
Үйлөп турат састымоо.

Колумдагы нанымды,
Жулуп алды састымоо.
Жай алдырбай жанымды,
Эзип турат састымоо.

Ай састымоо, жардыгым,
Гөргө сени мен тыгам.
Сен жүргөн жердин бардыгын,
Мамыры сээп жууп чыгам.

УЛУКМАН акем үйрөткөн!

*03.03.2003*

## ЖАЗДЫН ҮЧҮНЧҮ КҮНҮ

Кар калыңдап жаап салды,
Тоготпой жаздын үч күнүн.
Айланчыктап бир талды,
Үч көгүчкөн созду үнүн.

Канаттары бириндеп,
Көтөрүлбөйт авага.
Каректери ириңдеп,
Ачкалыктан жабыга.

Чочушту коркуп алдастап,
Нан таштасам бир үзүм.
Бурулдум бачым алыстап,
Жеп атышты үлүшүн.

Үч көгүчкөн – үч дүйнө,
Бirимдик, достук, тынчтык да.
Чакырмакмын кирсе үйгө,
Кармабайм деп суук чыкса.

*03.03.2003*

## КАРЫЛЫК

Ууртуңдан жулуп күлкүңдү,
Какмалайт экен карылык.
Тамга оюп бетиңе,
Мазактайт экен карылык.

Көзүңдүн нурун саргайтып,
Кутурат экен карылык.
Буттарыңды майтайтып,
Бурайт экен карылык.

Көчөгө чыксаң үйүңдөн,
Адаштырат карылык.
Жөргөлөгөн көк мээ деп,
Желкеге урат карылык.

Өзүң менен өзүңдү,
Кармаштырат карылык.
Өмүрүңдү ажалга,
Жалгаштырат карылык.

*03.03.2003*

## КӨҢҮЛҮМ БҮГҮН

Терметип бул ааламдын керемети,
Мен бүгүн ачык асман болуп турам.
Чөлкөмгө таң нурундай сүйүүм чачып,
Өзүмө өзүм батпай толкуп турам.

Мен бүгүн суунун пири болуп турам,
Чаңкаса душманыма суусун сунам.
Балкыта сугарам да тумсак жерди,
Баатырдын карегиндей чалкып тунам.

Мен бүгүн кырман толо кызыл болдум,
Кедейдин кампасынан аша толдум.
Топонум торколонгон жибек болуп,
Кыздардын денесине барып кондум.

*24.03.2003*

## ЧОЙКОНДОШТУ КАРГАЛАР

Ичтим бүгүн шарапты
колумдан ыргып,
Таш   чыным талкаланганча.
Карегим кыркка бөлүнүп,
Кырк жакка чачыраганча,
күркүрөгөнчө күчүгүм арыстанча.
Гүлдөй жыттап шарапты
ээн булунда отуруп,
Ичтим бүгүн ким экеним унутуп.
Тили жоктон селейип,
Жутпагын деп айта албай
ыйлап турду теректер.

А мен болсо
дембе-дем чыны толтуруп,
Каткырдым да жооп ыргыттым
теректерге кыжына.
– Оо, байкуш кайбарлар
силер нени билесинер?
Өссөңөр да асман беттеп
бой керип,
Айткыла кимге теңсиңер?!
Ичтим бүгүн шарапты
жеңдей арык чөп баскан,
Дарыя болуп көрүндү.
Андан кантип өтөм деп,
Көзүмдүн жашы төгүлдү.
Шишелер жатты тоо болуп
каркылдаша каргалар
тээ жогортон чойкондоп,
Жийиркенгендей караштты.
Кызандаган таманымды,
Жолбун иттер жалашты!
Ичтим бүгүн шарапты
Буту-колум шалактап,
Чаңга оонады чачтарым.
Түпкүрүнө жетпесе да акылым
улуу Омар Хаямдын
бир насаатын аткардым!

Талдай албай улуу сөздүн тамырын,
Ичүүдөбүз абийирдин бардыгын!

*26.03.2003.*

## БАКЫТ ИЗДЕП КЕТКЕН БООРУМА

Узак жол оор бекен, жеңил бекен,
Таттыңбы шорунан да, балынан да?
Быштыңбы ботколонбой болот болуп,
Көөрүктүн жанарланган жалынында?

Чоочун жер мээрим бекен, мелүүн бекен,
Өгөйлөнбөй баттыңбы буйдалбастан?
Тер чачып, кайра муздай тоңо көрбө,
Өзүңө энчи бөлүп алалбасаң.

Бай өлкө зыкым бекен, жоомарт бекен,
Астыңа даяр ашты койбогондур?
Койнуңа жакуттарын сала коюп,
Кайрадан жула качып ойногондур?

Гөр тирлик бардык жерде бирдей болсо,
Кыдырып кеткениңе өкүндүңбү?
Ташка тийип, айнектей жанчылганда,
Эчкире эстедиңби өз үйүңдү?!

Көтөрүп турабыз биз түндүгүңдү?

*03.04.2003.*

## ТАПКЫҢ КЕЛСЕ

Бул дүйнөдөн тапкың келсе чындыкты,
Майдаланба гөр тирликке жанды эзип.
Чачтан ичке түйүндөшкөн жолдор бар,
Сапарга чык дубанадай жер кезип.

Кылчактаба оңго дагы, солго да,
Кирпигиңден асып койчу шаалар бар.
Кыраакы бол азгырылбай жиндерге,
Гүлгө оронгон бут сындырчу төрлөр бар.

Чөнтөктөрү жыртык адам бактылуу,
Ууру-кески каракчыны ойлобойт.
Эгер ага майлуу көмөч табылса,
Жалгыз өзү ич чермейте тойлобойт.

Кете бергин багытыңдан баш тартпай,
Аалам ээси жалгыз гана сен болуп.
Денең көөшүп, Теңир өпчү кез келет,
Башыңа Күн, аягыңа Ай толуп...

*09.04.2003.*

## БУЛУТТАР

Булуттар
кара көйнөк илишип ак этине,
Таң эртеңден чогулушту,
Тоо чокусун мекендеген мөңгүдөй.
Боркогун жап Күн бетине,
Бир кирпигин көрсөтпөй.
Эңсеп турду жер жүзү Күндүн нурун,
Божурап аттык булуттун чоюндай тыгыздыгын,
Тиштиккен, түнөргөн сурун.
Бүтүм кылдык акыры
көпкө чейин жазбастыр деп бул тейпин.
Бирок жаратылыш таспеттеп өз өкүмүн,
Даңазалап чапчаң кейпин,
Шамал жүрдү жайкактап.
Дарактардын бутактарын серпе чертип,
Аң-чөнөктөн өйдө желпип.
Шамалды шакшакка ура бороон чыкты,
Булуттарды майдай кертип.
Шыпыргыга илинген чаңдай,
Бырыксыды, быркырады Күн өтпөгөн булуттар.
Хандары төбөгө урган кулдарга окшоп,
Жансоогалай табына.
Уурулар айдаган малга окшоп,
Баш бербей аңкилдек ата.
Жеңилген баатырга окшоп,
Ийнине башын ката.
Анан дагы
дүрбөлөңдөп, дарбалаңдап безишти,
Элестетип бирде жааны
бирде жез тумшуктуу жезитти.
Көз ирмемде асман бети,
Өзгөрүлдү кайрадан.
Кубулжуду теңдеши жок сулуулук,
Обо мелжип касиеттүү улуулук.
Көк дасмалга чачылгансып куруттар,
Уюп атты тиш-тиш болуп булуттар.
Кер мурут жигит болуп,
Кымча бел кыздай болуп,
Сайма сайып отурган уздай болуп,

Эне болуп ак элечек жүзү ысык,
Суна калып чамгарактай гүлдесте,
Багындырды космосту да ажайып,
Болбосун деп Жер бетинде эч кырсык!

## МЕЗГИЛ КЕЛЭЭР

Таңдан турам таң авасын жутмакка,
Наристедей жаңы гана төрөлгөн.
Мезгил келээр жер астына учмакка,
Алыс, алыс жана тынчтай көрүнгөн.

## ТААРЫНЫЧ ЖОК

Тапыратып чатырды,
Жамгыр ойнойт төбөмдө.
Сылайм утур чачымды,
Секелек кез көңүлдө.

Терезеге телинип,
Ыйлактаса тамчылар.
Чыкчубуз тышка секирип,
Тийгенсип бутка камчылар.

Калыңдап чачым өссүн деп,
Тосчубуз башты жамгырга.
Тыйттай саамай селкилдеп,
Жаагыбызга жабыша.

Чач да өстү, суюлду,
Жашадык окшоп куюнга.
Нөшөрлөр баштан куюлду,
Айландык кексе карыга.

Тарттык жаасын жаштыктын,
Таарыныч жок өмүргө.
Чыгалбай эми пастыктым,
Жамгыр түгүл өткүнгө!

*14.04.2003.*

## МЕРГЕНЧИ

Чымчык атып ойноду бала чакта,
Уктаганча жуурканына Күн оронуп.
«Бешатары» илинип турчу бакта,
Ойгонгончо Асантай он толгонуп.

Кер мурутун сылаган жигит болду,
Бийкечти эмес, аңчылык ууну сүйдү.
Жатагына илбирстин капкан койду,
Тон кием деп терисин ойго түйдү.

Досторуна сый кылды суусар, кулан,
Алардан да болбоду көзү тойгон.
«Мергенчи огуң түз» – деп сүрөп улам,
Унутулду ысымы ата койгон.

Бир күнү көп күттүргөн оомат келди,
Капканында суналып илбирс жатты.
Мергенчи далбалактап бардай кеги,
Кериле кундак менен башка тартты.

Арткы буту тиштелип зор капканга,
Ал жаныбар чаалыгып жаткан экен.
Дене сыздап, көзүнөн кан акканда,
Мергенчини чычкандай баскан экен.

Адам кызыл, илбирс кызыл, кызыл чөйрө,
Тоо солкулдап болмушка жашып ийди.
Мергенчиден жаны учуп өйдө, өйдө,
Карегинде жер улам кичирейди...

*17.04.2003.*

## ТУТКУНУМУН

Туткунумун минордук ноталардын,
Кайгыланам адашкан кумурска үчүн.
Уюктарын суу басты байкуштардын,
Сынагансып тагдыры эркин, күчүн.

Туткунумун минордук ноталардын,
Жаңылган кыз эзилип ыйлап атат.
Каргыш айтып ишенчээк жаштыгына,
Чөйрөсүнөн жазганып башын катат.

Туткунумун минордук ноталардын,
Бак ичинен солуган кайың көрдүм.
Калган изи согулган балталардын,
Иши экен шире иччү жармач гөрдүн.

Туткунумун минордук ноталардын,
Жаанчыл болуп үрөндөр себиле элек.
Кабагы суз күн карап дыйкандардын,
Кеч айдалган эгиндер эмне бермек?..

Туткунумун минордук ноталардын...

*21.04.2003.*

## АТТИҢ ДЕЙТ

Күн чыкканда күлгүндөнөм мен дагы,
Шиберге окшоп кыроолордон кийинки.
Таарынгансып өчөт түндүн жамалы,
Эркти берип тандан кечке чейинки.

Күн үйүмө желелерин жапканда,
Магдыраймын бешиктеги баладай.
Этегиме шайы, макмал чачканда,
Кубанамын кумарлануум таркабай.

Күн шашканда босогодон өтө чаап,
Боолголоймун жол кыскарып калганын.
Элтейемин эшигимди бекем жаап,
Санаам айтат көргүн башка салганын.

Аттиң деймин... Аттиң дейт...

*21.04.2003.*

## КИМДИ КИМ

Жакырчылык үй ээлерин,
Чыгарууда үйлөрүнөн үжүрөгө.
Кечээ эле кем-карчы жок,
Ыраазы болуп, заманга да өзүнө,
Жаркып турчу таанышымдын кабагы.
Бүгүн толуп, көөдөнү үшкүрүккө,
Айсыз түндөй түнөрөт.
Аз жыл мурда май кайнаган казаны,
Көмкөрүлүп тешик түбү көрүнөт.
Жүктөшүүдө машинеге,
Эски-уску көр-жерин.
Иргеп атты ээлик эткен «кожоюн»,
«Идишиндей эски экен» – деп мебелиң.
Кайпалактайт үй ээси,
Кечирим сурап ийиле.
«Калтырбайм деп көңүлүнө толбосо.
Мыкты эле» – деп күңк эте,
Өзүн өзү соорото.
«Жаңыла, – дейт «кожоюн»,
Американын Ай жүздүү
долларын бергем бул үчүн!
Үйүңө кирбейм болбосо!»
Элеңдейт, чочуйт үй ээси,
«Алып келем – деп азыр эле жаңысын!»
Аптыга сүйлөп ашыга!
Талабындай келиштире
«кожоюнга» жасап берип үй ичин,
Кирди өзү шоросу аккан
тоокканадай кепеге.
«Чукул эле калды» – деп
келчү жылда алучу,
Тыйынга байлап үмүтүн.
Өчпөсө экен ошондо
байкуштардын чырагы.
«Сапатсыз, – деп буюмдарын»,
«Кожоюндун» айтылса жаңы буйругу.

Кармалбайт го шайтан сымал,
Жокчулуктун куйругу.
Колотто да, кырда да
багып жатат кимди ким?..

*23.04.2003.*

## ЖАРДЫЛЫК

Көзүн кысып кылтыңдап,
Бийлеп турат жардылык.
Туш-тушуңдан чыкчыңдап,
Тейлеп турат жардылык.

Сүйлөтпөстөн алкымдан,
Алып турат жардылык.
Кыткылыктап алдыңдан,
Күтүп турат жардылык.

Жогор жакты карасаң,
Жонго чабат жардылык.
Ылдый түшүп баратсаң,
Корго малат жардылык.

Күлдүрбөстөн чыкыйга,
Сайып турат жардылык.
Душманыңа кыт куйма,
Басып берет жардылык.

Үй-бүлөңдүн астында,
Жалтак кылат жардылык.
Шакели жок акырга,
Байлап турат жардылык.

Суу жутсаң да аш кылбай,
Кустура берет жардылык.
Жалынсаң да баш бербей,
Кутура берет жардылык.

*24.04.2003.*

## ӨЗҮҢ МЕНЕН ӨЗҮҢДҮ

Өмүр деген кант эмес чайга салаар,
Же болбосо гүл эмес үзүп алаар.
Ыкшоолонсон уйкудан көзүңдү ачпай,
Өчүрдүм деп чырагын күлүп тураар.

Өмүр деген нан эмес тойгончо жээр,
Же болбосо суу эмес канганча ичээр.
Баркын билип, паркына чыгарбасаң,
Бир ийинге ың-жыңсыз тыгып кетээр.

Өмүр деген ок эмес душманды атаар,
Же болбосо балта эмес доңгөч жараар.
Алчиктига мойнуна миңгизген соң,
Күтүүсүздөн коргонго кийрип салаар.

Жалгак эмес өмүрүң тырс-тырс чагаар,
Алтын эмес акча таап сатып алаар.
Көңүл алып, көкүлдөн сылап атып,
Өзүң менен өзүңдү жыга чабаар.

*27.04.2003.*

## ТАЗАРГЫН

Бул дүйнөнүн тартып өткүн азабын,
Күн жаадыкта ката бербей үргүлөп.
Арым ойдон паристедей тазаргын,
Таш кармасаң гүлгө айлансын үлбүрөп.

Эгер бышсаң күн астында сен чокко,
Чыйраласың олбостүктү жаратып.
Ибилис да сүйрой албайт тозокко,
Периштеден меники деп талашып.

Жер үстүндө эскеришет өзүңдү,
Шер эле деп балкасынан май тамган.
Унутушпайт жаңы муундар көзүңдү,
Туулганбыз деп пайгамбардай бабадан.

*06.05.2003.*

## БАЛАЛЫК

Тизелеп жиреп күрткүнү,
Балалыктын оттуусу ай!
Карга толгон өтүгү,
Чыйрыгып койбойт капырай!

Канттай бурдап карды жеп,
Кулундай туйлап оолугат.
Ойлобойт суук тиет деп,
Аяз андан корунат.

Тумагын чечип ыргытып,
Сүрөткө түшөт күрткүгө.
Көзүнөн күлкү кылгыртып,
Мактана карайт өткөнгө.

## АЛСАМ ДЕЙСИҢ

Акыл толбой өзөгүндө өзү жүз,
Кашкөйлүктө өтүп кетчү адам бар.
Көрүнүшү болгон менен чың да түз,
Керектөөгө жарабачу жерлер бар.

Сагындырып кээде жамгыр күсөтсө,
Айрымдарда көз ачырбай жүдөтөт.
Жарың бирде жанымсың деп сүйүнтсө,
Бирде чарпып, өксүү менен күн өтөт.

Ысыктарда кыш учурун самайсың,
Үшүгөндө жай алыстай сезилет.
Ашың көптө даамдуулата тандайсың,
Бат семирсең каргыш жечү кез келет.

Тоого чыксаң жердегилер кыбырайт,
Сүйүнөсүң күчтүүмүн деп бийикте.
Мээңди тордоп менчик ойлор жыбырайт,
Алсам дейсиң жер шарын бүт белекке.

*15.05.2003.*

## ТЕҢ ЧЫГУУ ЖОК

Жаады жамгыр буулуккандай жулкунуп,
Чоботторду көлгө айлантам деди го.
Ал ангыча шамал чыкты удургуп,
Сазайын берем булуттардын деди го.

Сөөлдөй түшүп, күчүркөндү кайра жаан,
Күндүн нурун өчү бардай тыткылап.
Тоо тарантан жаркылдады чагылган,
Шаарды коздой келаткансып чымылдап.

Тизгин тартты шамал кырдан ашпастан,
Жамгыр менен кошо жерге сиңгендей.
Көп узабай обон созду капыстан,
Жашоо зарыл экендигин билгендей.

Орой албай тулкусуна шамалды,
Дапкылапа чачылышты булуттар.
Жарк көрүндү Күндүн ысык жамалы,
Тең чыгуу жок, өйдө-төмөн утуштар.

*27.05.2003.*

## БЕКТЕР КЕТИП, БЕЛ КАЛААР

*(Коомдук ишмер Д. Хамзаевге)*

Турпатында ишкердик бар чаалыккыс,
Калк ичинде эл достугун бекемдеп.
Кеңдигиң далаасындай казактын,
Тереңдигиң Ысыккөлдөй мелмилдеп.

Үч жылдызың маңдайында шам чырак,
Сөзгө мартсың түшүнүшүп кеп тыңдаар.
Урматталсын сексен, токсон жаш курак,
Бектер кетип, Бермет менен бел калаар.

Улуу Теңир пендесине берсе бак,
Чарбагына Күн уялап, куш коноор.
Ак жарылып, пейлин төксүн келер чак,
Копшунабыз оор, жеңилде бир болоор.

## САРЫ ТҮС КӨЙНӨК

Кымырылбай колдо барды бөлө жешкен,
Бар эле байыркыдай жалгыз досум.
Мен үчүн менден ашык түйшүк чеккен,
Ал эле ажарланткан алтын чолпум.

Мекендин баркын билбейт бардык адам,
Ал кайда качмак эле деп ойлошот.
Мен дагы дос баркына жеталбагам,
Тереңдикке тайыздык не жоолошот?

Жан досум, жалгыз досум кечирип кой,
Сагынычтан сары түс көйнөк кийдим.
Жетелейт тээ алыска чимирик ой,
Бүгүн саа тизе бүгүп, башымды ийдим!

Бар эле байыркыдай жалгыз досум...

*09.06.2003.*

## ТЫТЫНУУ БАР

Мундашым, экөөбүзгө чоочун арман,
Өкчөйүп арабаны тартып келдик.
Кокустан дөңголөгү ыргыса октон,
Эч кимге зыяны жок өлсөк дедик.

Мундашым, экөөбүздү туйбайт санаа,
Санааны сапырганга убакыт тар.
Маңдайга буйрулган соң таштак талаа,
Ал жерде тыныгуу эмес тытынуу бар.

Мундашым, экөөбүздө не таарыныч,
Эсептеп бөлүшөөргө эч байлык жок.
Ортодо жалгыз гана бир сагыныч,
Курсактар ачкан менен көңүлдөр ток.

Мундашым, сен экөөбүз нени көрдүк,
Чыгалбадык жер таанып дүйнө кезип.

Коргойм деп коломтону жан үрөдүк,
Бороонго моюн бербей тикен кесип.

Жашоодо тыныгуу эмес, тытынуу бар.

*09.06.2003.*

## ГОРИЗОНТУМ ЧЕКЕМДЕ

Тажадымбы ботколонгон жашоодон,
Ар бир күнүм тыянаксыз сезилет.
Чыксам эптеп чагылгандуу аштоодон,
Чалып буттан чопо жолдор эзилет.

От тутанттым оймоктонгон ойдуңга,
Байырлар деп коломтомо аз жылдар.
Шеригимдей көсөө жакын колума,
Белек кылып таштагансып кылымдар.

Аалам куту – Жер салмагы ойдуңда,
Горизонтум кылыч сымал чекемде.
Көзүм байкуш жакындыктан жумула,
Чымчык дагы устат мени тепкенге.

Ойдуңумда октор жырткан таш жатат,
Не бардыгын билбейм анын астында.
Жылда аарылар ташка келип бал катат,
Бал жыттанат менин аппак чачым да.

*28.06.2003.*

## КӨЗҮН КЫСААР

Мекен – уям эң жогорку кабатта,
Өткөн-кеткен мойнун созо карашат.
Ойлойт алар бийик жашоо бакыт да,
А тамчылар менден орун талашат.

Коңшуналар бирин бири күнөөлөйт,
Суу акты деп ашканадан, ваннадан.

Агызганы кечирим сурап бүжүрөйт,
Тетик начар эскирди деп кайрадан.

Төккөн сайын жазгы, күзгү жамгырлар,
А мен үнсүз бөлмөлөрдү кыдырам.
Кулак көзөп тырсылдашат тамчылар,
Шыпты тиктеп ызалана кылгырам.

Кайрылуу жок жооптууларга ишенип,
Андан көрө таптешиктеп каңдамай.
Тешиктерден кечээки өмүр искелип,
Көзүн кысат өтүп кеткен союздай.

*16.07.2003.*

## КОЛДОСО ЭКЕН

Күн бүркөлсө тытат санаа мени да,
Чөлкөмдөрдө кансыз согуш жүргөнсүп.
Аалам менен толук тура адам да,
Күн астында бир данекти түйгөнсүп.

Жамгыр быйыл черин жазды окшоду,
Кирпик какпай каалашынча төгүлүп.
Дыйкандарды чочулоолор коштоду,
Талаалары көлчүк болуп көрүнүп.

Буудай башын көтөрө албай ийгенде,
Куйбаса экен мөндүр коштой шатырап.
Жөргөмүнө муз буурчактар тийгенде,
Чачылаар дан көнчөгүнөн ажырап...

Колдосо экен улуу Теңир куштарын?!

*16.07.2003.*

## О ТАГДЫР

Кудайдан сага ырайым тилесем да,
Мен үчүн бир төгүлүп жазылбадың.
Баш ийип таягына багынсам да,
О тагдыр, кыл чайнатып басмырладың.

Алдыңа тизе бүгүп өксүсөм да,
Байкуш деп көкүлүмдөн сылабадың.
Кирдеген таманыңды жаласам да,
О тагдыр, жаткыра тээп шылдыңдадың.

Тузуңду үч бүктөлө көтөрсөм да,
Жүлүнүң үзүлөт деп аябадың.
Жолуңа карегимди төшөсөм да,
О тагдыр, тикениңе уйпаладың.

Боор толгойт деп акыры сыйлап келем,
Этегиңди өпкүлөп ыйлап келем!

*30.09.2003.*

## КҮН ЧУБАКТАП

Бакыттан тартып алып колдорумду,
Тагдырым татаалдантып «ойнодумбу?»
Капканга сала коюп мезгилдерим,
Кайыштай камчы өрчү толгондумбу?

Түн ыйлайт жылдыздардан жардам сурап,
Ай кээде түнөрөт деп артын карап.
Жылдардын сересине чыгалбастан,
Кетээрмин тепкичтерден ылдый кулап.

Саргарам санаалардан курак курап,
Учурум карылыктын жибин чубап.
Четтеймин эртеңкиге батыналбай,
Мышыктай там түбүндө күн чубактап.

## БЕЙИШТИН ТӨРҮ

Сүйүүгө толуп жүрөгүм,
Сөөлжан да сулуу көрүнөт.
Бейиштин төрү өз үйүм,
Босогомдо Ай каалгып,
Түндүктөн таң сөгүлөт.

*29.12.2003.*

## АЙТКАНДА НЕ

Аппак талаа, калаа да,
Чөмүлүп баары жаш карга.
Таноодон чыккан ысык дем,
Сайлана тоңуп жакага.

Ачка ит чымчык тороду,
Шордуунун жолу болбоду.
Беттеди анан күйпөйүп,
Машине жүрчү чоң жолду.

Ириңдейт батыл көздөрү,
Сөксөөлдөй катып чөлдөгү.
Өпкөсүн жалмап алган го,
Муз тоңгон арык түнөгү.

Кайдыгер карайт өткөндү,
Үмүтү эчак өчкөнбү?
Ит турмуш итти жеген соң,
Айтканда не өзгөнү...

*30.12.2003.*

## КЫЗДЫН ШЫБЫРЛАРЫ

### I

Билбестен кимдигиңди сүйдүм сени,
Чогоол не жүүттүгүң бардыр мүмкүн.
Көргөндө көп ичинен сен да мени,
Бутага алганыңа келет күлкүм.

Күн бата күүгүмдөнгөн жолду карайм,
Караанын келаткансыйт шаша басып.
Өзүмдү токтотууга зорго жарайм,
Жеңил баа болбоюн деп сырымды ачып.

Экөөбүз жалгыз калган ээндиктерде,
Тулкуңа чабылуудан чочуп турам.
Сүйүүдө кокустук бар ээликкенде,
Эч жанды кирпигине илбей турган.

Жигиттин болсо эгерде эрки күчтүү,
Тагдырын өз колунда жасап алат.
Бакыт го эмгектенген эрди күтүү,
Жетилсе болот болуп темир канат.

Чапчаңдык кемчилик деп түк ойлобойм,
Эртеңки келечектен чочулаарсың.
Өзүңдү жарга такап жалгыз койбойм,
Аталар салтын сактап коюлаарсың.

Көзүңдөй тунук болсо жүрөгүң да,
Даярмын сени менен чөл кезүүгө.
Басынтсаң аялсың деп ашууларда,
Жол бербейм жалгыз гана кемсинтүүгө.

## II

Жалбара искеп жүрүп көкүлүмдөн,
«Бакытты» башкаларга арнадыңбы?
Сүйүүмдү «суурул алып» жүрөгүмдөн,
Бат эле арууluktан тажадыңбы?

Түнкүсүн Күн чыгат деп күткөнүңдө,
Чочугам сени «таап» алганыма.
Байсынып бечарага күлгөнүңдө,
Кубангам сенден суул калганыма.

Доолабайм сага берген сааттарымды,
Жараксыз барактардай тытылды дейм.
Билемин мени суула салаарыңды,
Жыпылдап жыт искеген «алгырсың» бейм.

Мамилең досуңа да митаам, супсак,
Дөөлөттүү болгуң келет аны алдап.
Жандүйнөң жарык өткүс топо тумсак,
Байкачы, жигитсиңби дыкат талдап?!

Болсоң жигит болоюн сага чырак!

## III

«Жеттиң бойго курбайсыңбы турмуш», – деп,
«Жакындарым» кытыгылай «суранат».
Өздөрүнө майдай жагып кычык кеп,
Ооздорунан таш сыяктуу куланат.

Турмуш куруу куурчак ойноо эмес го,
Тагдырларын так текедей ойнотуп.
Мен да узаткам куурчагымды күйөөгө,
Ааламдардан мейман күтүп тойлотуп.

Маңдайыңа бак консун дейт улуулар,
Шөкөттөрү миң башкача миң таңдын.
Не бир чыгаан акылдуу да сулуулар,
Тырмагында кансырашат «арыстандын».

Ыйлаганча баркты билбес макоодон,
Өтүп кетем гүл тейинче жашоодон!

## IV

Таттуу уйку улуу түнү алдейлеп,
Алып чыкты чокусуна зоолордун.
Мурдатадан ушул жерге келбей деп,
Күткөнсүдүм бир жакшылык болоорун.

Серпсе канат тоо учтары термелип,
Маңдайыма конуп калды карт бүркүт.
Көзү кайнай, саноор жүнү сеңселип,
Кеп баштады ташты жара үшкүрүп.

«Бир кылымда болгомун, – дейт падыша,
Тарткам түркүн сүйүү да, согуш тозогун.
Кордук экен күчтүүнү күчсүз алдаса,
Угуп койгун мен шордуунун жомогун.

Чагымда жигит сүрүмдөн жоо чочуган,
Ашык болдум душманымдын кызына.
Кыз да айтты таза, таттуу сүйөөрүн,
Кондуруп алдым ыйык тутуп туурума.

Айлар сызып өтөлекте арадан,
Түштү түндө ордо ичине капсалаң.
Жаттым эле колуктумдун койнунда,
Кылыч такап жылмаңдады кайнатам.

Куралдарым колума түк урунбай,
Ошентсе да багынбадым тизелеп.
Сүйгөн жарым сүйлөп турду уялбай,
Башынды «алтын» алыш үчүн тийгем деп.

Кутман элим кан төкпө деп мен үчүн,
Атырылдым бүркүт болуп асманга.
Тартып келем аңкоолуктун зар-күчүн,
Баш көтөрүп карай албай ак таңга!»

Тамган жерден карегинин жаштары,
Өсүп атты кайың менен карагай.
Сүйүп калдым падышаны баштагы,
Катарлаша учсам кана аттиң ай!

Жеткен барбы түшүндөгү сүйүүгө?..

*29–30.03.2004.*

## КУРТ ТҮШПӨСҮН ЖЕРИМЕ

Сатылбадым кездемеге, кесмеге,
Акылымды сузгуларга батырып.
Курт түшпөсүн гүл бураган жериме,
Армандарды сөөктөргө катырып.

Сатылбадым долларга да, жакутка,
Жер байлыгы меники эмей кимдики?
Түйшүк жакын оболтодон жакырга,
Жашоом нака карапайым элдики.

Кээде мени чоочунсунтат чоочундар,
Тоо-ташынан азыктанган кургур деп.
Баласындай тоосун сүйөт тоолуктар,
Уйпаланбай урпактарга жетсин деп.

*27.05.2004..*

## СҮЙҮҮГӨ

Үмүттөр кээде өзүндөн үзүлөөрдө,
Ободон кел бери деп буластайсың.
Жеттим деп этегиңе чөк түшөөрдө,
Кум чачып каректерге чубактайсың.

Аңсатып тирүүлүктү не таттуусуң,
Ай нурун балкылдата балга жууруп.
Дүйнөдө жалгыз гана сен барктуусуң,
Жүзүңдөн муз бүркүлүп, шербет чууруп.

Өмүрдүн үрөндөрүн сенден алгам,
Тилектер өтмө катар айкалыша.
Тазартып ар бир жанды кереметиң,
Тамырлар кылым төөнөп алмустакта.

*14.06.2004.*

## САКТАП ТУРАТ

Үч күн катар төктү жамгыр кашайып,
Өстөндөрдөн суулар ташып күркүрөп.
Эзилип тоо бараткансыйт пасайып,
Серппей кашын улгайгансып үргүлөп.

Бүйлөлөрү жемирейген арыктар,
Өчкөнсүдү бул дүйнөдөн жоголуп.

Теришчү эле бөтөлкөнү карыптар,
Казына атап, бөөт-чөөтүнө токтолуп.

Тумчуккандай оор дем алып үшкүрө,
Шаардын ичи жаанга тоюп чарчады.
Сагынгансып түшчү чаңды жүзүнө
Куйкалаган Күн нуруна чаңкады.

Төгүлүүдө, төгүлүүдө карт жамгыр,
Эски жолдун топурагын эшилте.
Бошотпостон көөдөнүнөн бир тамыр,
Сактап турат көчөттөрүн Жер эне!

*16.07.2004.*

## ЫЙЫГЫМ

Мен сени сезип жашайм кара талаа,
Анткени тамырларым жүрөгүндө.
Бооруна тарталбады шаттуу калаа,
Сай турат ойноп өскөн көөдөнүмдө.

Мен сени сезип жашайм таштак талаа,
Себеби оозантаарда сени көргөм.
Өзүңдөн узаар замат басат санаа,
Булутту кечкен менен сага чөгөм.

Мен сени сезип жашайм жашыл талаа,
Демек, сен ырыс чачкан ыйыгымсың.
Турпагың майга бышкан упчу салаа,
Бабамдын басып өткөн чыйырысың.

Мен сени сезип жашайм дархан талаа...

*19.08.2004.*

## ЖОЛ УДУЛУ

Асман бети жүзүн үйрө буулугат,
Балдары ээнбаш, башы ооруган атадай.
Жамгыр тилеп, бак-дарактар туттугат,
Алыстагы кызын күткөн ападай.

Шаар авасы жетпегенсип газонго,
Гүл байкуштар салбарыңкы жабыркайт.
Толсо кана үй ичи да озонго,
Кан басымы жогорулар сабыркайт.

Аптап менен чогуу өскөндөй коюндаш,
Чаң буртулдап ажарына чыккансыйт.
Жол удулу байыркыга моюндаш,
Ысык агым биз тарапка ыккансыйт.

*23.06.2005.*

## ЭМНЕ ТИЙДИ ӨЗҮНӨ

Бул дүйнөдөн көчүп атат адамдар,
Шашылгансып чыгабыз деп бейишке.
Токтой калат жарыштагы кадамдар,
Жүрөктөрү чөгө түшүп кейишке.

Кетти дешет арабыздан бир айкөл,
Чыйрак дагы сергек эле жашоого.
Каткаксычу ашууларда болуп чөл,
Тапкандарын бүйрө катып аштоого.
Калды бүгүн бир адамдын аштоосу,
Толо дешти чатыраган байлыкка.
Куран болуп ал байкушту коштоочу,
Алып жөнөштү ак топурак жайыкка...

Байлыгынан эмне тийди өзүнө?..

*23.06.2005.*

## АПТАП

Өзөгүнө Күн түшүп дарактардын,
Шалкайышат кеберсип эриндери.
Үбөлөнүп кырлары арыктардын,
Жетпегенсийт жашоого ченемдери.

Талаасындай согуштун саргарышып,
Чөптөр катты белинен кырс-кырс сына.

Коркуп турат гүлдөр да кумсарышып,
Оору адамдай жүздөрү уйпалана.

Тили катып булбулдар алсырашат,
Боз бурганак, мунарык шаардын чаңы.
Коңуздарда басалбай калтырашат,
Мына, мына уччудай асыл жаны!

Тейлеп турат жер үстүн аптап шаңы.

*08.07.2005.*

## ТҮГӨЙЛӨР

Жаба чычып терезеге, каалгага,
Чабалекейлер керегелеш болду дос.
Уяларын түптөп кашек үстүнө,
Суранганасыйт мейман күтпөй бизди тос.

Каалга жакта эки түгөй эмгекчил,
Турак жайын бүтүрүштү асемдеп.
Таап келишип тыбыттанган чөптөрдү,
Жасап койду ичин дагы аземдеп.

Терезе жакта бири жалкоо өзгөчө,
Учуп-конуп оюн салат чыйрыттап.
Экинчиси ылай ташып күн кечке,
Ыйлагандай үн чыгарат чыркылдап.

Ыйлап жүрүп чыгарды эки балапан,
Чала бүткөн уясында түйтөйүп.
Жарты уя тең бөлүндү көп өтпөй,
Сароздору асфальт жолго балч тийип.
Апчып алып көөдөнү жок атаны,
Байкуш эне октой учуп баратты.
Жалкоо ата коно калып асфальтка,
Курт калдыгын жанталаша жеп атты.

Кабатта элек бешинчи.

*27.07.2005.*

## БАКТЫЛУУМУН

Кыргыз тили кыргыз үчүн улуу чеп,
Коргоп келген сан кылымдап бабамды!
Эс тарткандан ата-энем,
Кыргызсың сен, кыргызда деп шактуу кеп,
Тааныткан жети атамды!
Насаат айткан,
Манас менен Кошойдон,
Эр Табылды, Сейтектен,
Жөнөйүлдөн, Төштүктөн,
Кожожаш, Курманбектен,
Туйгунуң деп жүрөккө,
Өткөнбүз деп нечен ашуу сан жолдон!
Кишимжан менен Канышай,
Акмөөр, Акылкарачач,
Аксаткын, Үкөй, Күнөтай,
Чыккан деп даңкы тил менен!
Ырысменде, Саякбай,
Арстанбек, Молдокылыч, Балыкооз,
Сүйлөшүптүр жан эргитип,
Не бир кооз!
Ошондуктан улуу адамдар даанышман,
Жери сымал,
Өлбөс болуп калышкан!
Сыймыктанам тооп кылып,
Үч убак,
Жерим кыргыз, жаным кыргыз,
Болгону үчүн тилим кыргыз!
Жашап келген кылымдап,
Тегим кыргыз!
Дили таза досторго көпүрөмүн,
Дайрадан долу өткөрүп,
Бактылуумун жүргөнүм үчүн,
Ок өтпөгөн,
Кыргыз тилин көтөрүп!

*17.10.2005.*

# ЫСЫККӨЛ ТОПТОМДОРУ





## ӨЛБӨСТҮКТҮН СИМВОЛУ

Ысыккөл – бүкүр чалдын муңу!
Ысыккөл – жылдыздын үзүмү!

«Ысыккөл» – деп күбүрөй берчүмүн түндүн бир оокумуна чейин төшөгүмдө жатып, караңгылыктан жылдыздарга кошулуп кеткенсиген чамгаракты тиктей.

Тээ алмустактан көлдүн азыркы орду чычкан жорголой албаган токой экен. Күндөрдүн бир күнүндө, таламандын тал түшүндө Күн тутулат. Эл корккондуктан отурган, турган жерлеринде селеет. Ыйлаган бала басылып, аккан суу токтойт. Бир оокумда асман тараптан күмүштөнгөн шоола пайда болуп, жерди көздөй созула жакындайт. Андан бөлүнгөн үлбүрөк нур көз жоосун ала токойго себеленет. Себеленип бүтөрү менен жарк эте Күн чыгат. Эл токойду эмес, Күн менен Айдын куюлушунан бүткөндөй кубулжуган кереметти көрөт.

– Ай жерге жайылыптыр, – дейт бирөө, – Теңирим бизге окшогон букараларына кенч болсун деп асмандан атайын жиберди!

– Мындай кенчтин кереги жок, – дейт экинчи бирөө, – каражемсөө душмандар тартып алабыз деп бизди тукум курут кылат!

Эл кабатырлана толкуй түшөт.

– Карагылачы?! – Кайчы пикирлерди баланын кубанычтуу тунук үнү басат. – Айга Аккуу конду! Аккуу!

Көпчүлүк Аккуудан көзүн албай дымырап калат. Ушул тапта бир ыптасы шал дубана томолонуп-жумаланып, кубулжуган кереметке жетет да, Теңирге тобо келтире манжаларын ага тийгизет. Жымыраган жылуу-

лук дубананын сенек ыптасын жибитип, жан берет. Дубана кубанганынан эстен танат. Бул укмушка күбө болгон эл дубананы тегеректей жакындаганда ал эсине келип: «Мен кайра төрөлдүм!» – деп куландан соо тура калат.

– Касиетинден айланайын Ысыккөл! – дейт анан сакалынан ылдый жашы чубуруп, – Ак пейил, аруу адамга өмүр бол! Теңирим сени тегин жаратпаптыр!

– Касиетинден айланайын Ысыккөл! – Кылкылдап турган эл көлгө таазим эткенде күмүш ыргактуу ак элечек, көгүлжүм көйнөк кийген Умай эне чолпусун шырп эттире көлдүн ортосунан чыга калып, кайра берметтене чачылып кеткенсийт. Ошондон бери Күн менен Айдын куюлушунан жаралган Ысыккөл далай дартка даба болуп, өмүр жалгап, адам баласына кызмат өтөп, тирүүлүктүн символу аталып келатыр. Карылардын айтуусуна караганда илгеркилер көлгө түшүү үчүн жети күн мурда тазаланып, даярдык көрчү экен.

– Чаң жуккан бутуң менен көлдү кечпе, Умай эне таарынып, этек-жеңин жыйып алса көлдүн касиети кайтып, бөксөрө түшөт, – деп эскертип турчу ата-энелерибиз. Демек, Ысыккөлгө кир колду тийгизүүнүн өзү күнөө. Анткени ал сенин дагы, менин дагы өмүрүм!

*15.12.1987.*

## БҮКҮР ЧАЛДЫН МУҢУ

Илгерии-и-и, илгери Суран аттуу жакырдын Жөлөн деген жалгыз уулу тың чыгып, ханзаадага шерик болуптур. Бир күнү ханзаада жаңы үйрөтүлгөн аргымагын сынамакка эки зоону как жарган Какырсайдын ортосуна түшүп, өрдөй чаап жөнөйт. Кызуулана жүрүш салган күлүгү чай кайнамдан соң окурана тык токтойт. Ханзаада зирпилдей камчыланып, тизгин кага теминет. Күлүк ойдолой кетенчиктейт. Ошондо гана ханзаада алды жагын карайт. Сайды бөгөй боорун күнгө кактап, жоондугу бууранын санындай зор жылан жаткан

экен. Ханзаада корккондунан үн чыгаралбай калчылдап, атынын башын артка бурат.

Ташыркаган кунаны күлүккө куйрук улаш жүралбай жүдөп келаткан Жөлөн ханзааданын кайрылганын көрүп, күтүп калат.

– Сен качырыңдын тезегин терип жүргөнүңдө мен ажыдаарды жыга чаап, сайга керип койдум. Барып көр! – деп буйрат ханзаада тизгинин тартпастан жиниге чаап баратып.

– Барайын ханзаадам! – Башын ийе урмат көрсөткөн Жөлөн ажыдаарды көргөнгө куштарланып, бучкагынан тер аккан кунанын токтогон жерине калтырат да, камчысын кармай сай жээктеп жөө жөнөйт. Бала деген бала да боор териси кыл аркандай кабаттала эшилип, сунала жаткан коңорчоктой желмогузга жеткенде үройү уча кетенчиктейт. Бирок: «Эй, бок жүрөк, өлгөн жыландан корктуңбу?!» – деп ханзааданын келекелээрин ойлоп, ажыдаарга чукулдай келип, колун тийгизет. Чочуган ажыдаар башын шак көтөрүп, балага ороло түшөт да ошол эле замат кайра силкип жиберет. Анан адам баласынан ата-бабаларынын алмустактан берки өчүн алгандай теңгечелерин күнгө жаркылдата аккан суудай сайга толо сойлоп кетет.

Ханзаада үстөккө-босток камчыланып, үйүнө жеткенде а дээрге алы келбей ат алуучулардын алаканына кулап түшөт. Эсин жыйган соң көргөнүн атасына айтат. Атасы: «Балам жети баштуу ажыдаар менен кармашып, аны жайлаптыр. Болбосо ажыдаар түндөсү келип баарыбызды сормок» – деп тогуздап мал союп, түлөө өткөрүп, баласын «баатыр» ататып, жар салдырат. Жалчы Суран Какырсайга барат да уулунун сөөгүн таап, көкүрөгүнө кыса чөк түшүп отуруп ыйлай берет, ыйлай берет. Жалчы Сурандын уулун издеп кеткенин уккан хан: «Какырсайга бириңер да барбагыла! Ажыдаардын изин баскан пенденин тукуму кырылат, элди кырсык чалат!» – деген жарлыкты айтат.

Арадан канча жылдар өткөнүн ким билет, айтор, күндөрдүн бир күнүндө жолдон адашкан жолоочу Какырсай тараптан өтүп баратып, адамдын муңдуу үнүн угат. Көптөн бери талаадан талаа кезип, адамдын ка-

раанын сагынган жолоочу үн кубалап барса белине чейин сазга баткан, кууралган камыш кейиптенген бүкүр адам шагыраган сөөктөрдү кучактап, боздоп отурат дейт. Кандай болсо да адам жолуктурганына кубанган жолоочу салам айтат. Чал эч көңүл бөлбөйт. Жолоочу түркүн-түрмөк кеп улайт. Чал эч көңүл бөлбөйт. Чачы менен сакал-мурутун чым тиштеген чал отурган жеринен өнүп чыккан сыяктуу эле. Күнү-түнү жанында туруп, сүйлөшө албай акыры айласы кеткен жолоочу: «Көргүчө ашыгып, үнүн улап келип, таштап кеткеним жарабас. Бечараны отурган жеринен көтөрүп, өңөрүп алайын, эл-журтуна кошулса моло болуп боздобой үзүлгөнү уланаар. Эсине келээр» – деп ойлойт. Ушул оюнан улам чалдын эки колтугуна колдорун сойлото өйдө көтөргөнүндө чалдын белине чырмалышкан чөптүн тамырлары чириген чынжырдай барчылдап үзүлөт. Жанардай атылган белгисиз күч экөөнү тең асманга бүркөт. Жолоочу өлүк сымал канча күн жатканын өзү да билбейт. Адеп көзүн ачканда кылкылдаган суу гана көрүнөт. Түш көрүп атамбы десе өңү. Ордунан тура калып караса Какырсай көөлгүй жыбырланган көк ирим сууга толуп келаткансыйт. Бүкүр чал мурдакысындай эле куураган сөөктөрдү кучактап, суунун ортосунда калкып туруптур. Кудай жалгап, аты жанында экен. Жолоочу чалды чөгүп кетеби деп коркуп, канжыгасындагы арканды чечип алып: «Кармаңыз?» – деп кыйкыра бир учун ыргытат. Күңгүрөнгөн чал көңүл бөлбөйт. Айласы кеткен жолоочу: «Эптеп жетип, көтөрүп чыгайын», – деп сууну кече бергенде акактанган жарыктык алкагын кеңейтип, толкуй түшөт да бүкүр чал жолоочудан дагы эки аркан бою алыстайт. Ошентип, бүкүр чал толкун серпилген сайын алыстап отуруп, акыры көөлгүгөн суунун үстүндө каректей нокотко айланат. Жолоочу бул долулана жер чулгап, кербездене тереңдеп бараткан тилсиз жоодон аман калганына тооп кыла бүкүр чалдан кудай алдында кечирим сурап, жолун улайт.

Мелмилдеп төрт тарабына агылган суу элдүү аймактарга жеткенде гана туруктуу конушун ээлегендей ток-

толот. Ошентип, Ысыккөл пайда болот. Ушундан соң айрым жылдары көл түбүнөн чыккан мундуу үн теребелди каптап, аппак чачтары денесине оролгон бүкүр чалдын тулкусу көл ортосунан каалгый көрүнчү экен.

Азыр да көлдүктөр кайсы бир жылдары көл түбүнөн жүрөк сыздаткан мундуу үн чыкканын элтейе айтышат.

***09.09.1989.***

## МЕНИН МЕККЕМ

Көл мелтейет.

Мен мелтейем.

Көл мелтейгенде байыртадан жыйналган табышмактуу сырын сыдыргыга салып, кайрадан иргейт. Өткөн бабалардын боюна сиңирген көөнөргүс касиеттерин энедей балкып, жүзүнө чалкыта чыгарат. Аталардан мурас калган жүрөктүүлүктү, тереңдикти, бийиктикти, сулуулукту жаңыр чачкан шыбыры менен жалгаштырып, урпактарынан урпактарына тартуулайт. Көл көбүнчө Жер жылаңачтанган кеч күздө, бурганактаган кышта, муз жарылган эрте жазда өзү менен өзү болуп мелтейет, караниеттер калтырган акыр-чикирден тазаланат. Бул учурларда кез-кез гана улуп-уңшуган кара бороон болбосо тынчын эч ким албайт. Жээгине батпай талаша мактап, жабалактаган эс алуучулар да ушул мезгилдерге качандыр бир кездердеги чала тааныштарындай эстеринен чыгарып коёт.

Менин мелтейишим тырмагын өпкөгө батырган окүмдар тиричиликтин илдетинен улам көлгө жылдап каттай албай, күнөөмдү мойнума ала сагынычымды таркаталбай думукканымда. Бук этип үн чыгарсам көзүмдөн жаш шорголоп, өзүмдү коёрго жер таппай каламбы деп чочуганымда, көл бетинде кылымдардын кылкылдаган көчү жүрдү. Ичим титиреп, жүрөгүм үздүксоздук сокконсуду. Мурда жашоого керектөөм калгандай тынбай каттачумун. Шапатасы энемдин жумшак алаканындай бетимди үлпүлдөтө сылап, боюмду балкы-

тып, коюн-кончумдан куюлуша магдыратчу. Жаңыдан төрөлгөндөй тазарчумун.

«Бул бабаларыбыз карк болгон көл. Алар батыш менен чыгыштан, түндүк менен түштүктөн ат арытып келишип, тооп кылышчу экен. Кийинкилер үчүн табышмакка айланып, биз да өтөбүз. Сенин Меккең – көл! Дилиңди бузба» – дечү атам.

Ушул жайда бир зайып көлдүн дене жашарткан касиетин мага көпкө саймедиреди. Үндөбөй уктум. Анткени сөздөрү адеп көңүлүмдү жымыратты. Гөр тирликке көздү жуумп, сезонду текке кетирбей көл жээктеп, эс алуу зарыл экендигин баса белгиледи. Көлгө чукул тынч айылдан келишкен үй сатып алышкандыгын эскертти. Ал жээктин авасы өзгөчө таза экенин, ошентсе да кардарлардан алынуучу акыны бардык эс алуу жайларынан төмөн койгондорун түшүндүрдү. Курорт аталган үжүрөлөргө тыгылбай алардын көп бөлмөсүнүн бирөөнү ээлесем оюмдагыдай чардаарымды, эрмекке «жолдош» таап берээрин каңкуулады. Баятан зайыптын көңүлүн оорутпайын деп үндөбөй кулак төшөп отурганым үчүн өзүмдү аяп, сууй түштүм. Дегиңкисин көл сатып, ава сатып, адам сатып баюуну максат эткендер арбыды. Заманга жараша деп айтылчу бул оросколдик аң-сезим жылуулугун борошодой уруп, жүрөк муздатууда. Айтор, акыл ачаланат. «Эх, эгер бул кенч меники болсо», – деп тымызын сук арткандар канча. Сук арткандардын илеби жылмайгансыганы менен зили комсоо. Кирпиктери кыйды кыбындайт. Көлдөй толкуп, көлдөй көөшүп өткөн бабаларыбызга күнүмдүккө тап койгон кайдыгерлигибиз жагаар бекен?..

«Ата даңкы менен кыз өтөт» дегендей жарык дүйнөгө келгенден көл кереметине чулгана чоңойдум. Атам мал баккандыктан жылдын бардык мезгилинде көл жээгин туруктачубуз. Өкмөт ал убакта малды ыймандуу таза адамдарга бактырчу. Чалкайган көлдүн жээгинде жапайы жаңгак дарагындай жалгыз түтүн жашоочубуз. Мага көлдүн толкуну жакчу. Түнкүсүн толкун боз үйдү жаба салып, түндүктөн ылдый сапырылып аткандай туюлчу. Жууркан-төшөктөрүбүз, мүлдө үй ичи көл жыттанчу.

Толкундан кийин жээкти карапалардын, чыны, чайнектердин сыныктары, формасы адам сөлөкөтүнө, айбанаттарга же буюмдарга окшогон жылмакай сөөктөр, таштар, бак-дарактардын тамырлары, үлүлдөр жапчу. Аларды койногумдун этегине терип, үйдүн жанына чогултчумун да оюндун кызыгына батчумун. Чопо менен фарфордун сыныктарындагы ачык түстөгү гүлдөр сүрөткердин колунан эми эле жаралгандай ажайып болчу. Табылгаларымдын мыктысын түнкүсүн жаздыгымдын астына коёр элем. Энем айткандай таш жазданып жатчумун. Ошентип балалык курактан сыр жашырбаган сырдашым, сулуулукту, тазалыкты түшүндүргөн идеалым көл болчу. Кол аркылуу табийгаттын артыкчылыгын, кереметин эртелеп баамдадым. Байлыкты, бакытты жаратылыштан гана алаарыбызды түшүндүм. Бирок ата-бабаларыбыз «Манасты» жараткан тилди жаратылуу билбегендиктен тил өнөрүн өздөштүрүүдөн чукак болуп, алмаз чөйчөктөгү акактанган көл сөөлөтүн сөз менен ачып берүүгө кудуретим жетпей келет. Ооба, уюткулуу, нака сөзгө жардымын. Жардылыгымдан өрдү ташка токуп отурам.

...Аттин ай, энемдин да, атамдын да каректери көл түстүү эле. Кайып болгон ал каректер азыр мага көл бетинен көрүнгөнсүйт. Бүгүлө калып, эрдимди тийгизем. Колдун абалкысындай сакталышын тилейм. Анан калса бабалардын үнү да көл түбүнөн жаңыргансыйт. «Атаң өтсө өтсүн, атаңды көргөн өтпөсүн» деген ушул бейм. Демек, бабалардын изи калган жер МЕККЕ! Менин МЕККЕМ – КӨЛҮМ!

## ТИЛЕГИМ

Адам телегейим тегиз деп Теңирге ийиндештей жашаса да айланып жүрүп, төркүнүнө түшөт. Төркүнүң – туулган жериң. Туулган жериңдин өзүң жокто кууралган бир түп талы үчүн өзүңдү күнөөлүү тутасың, жүлүнүң сыздайт. Сыздаганы жакшы. Себеби адам экениңди, Ата-журтуңдун кулуну экениңди жандүйнөңдөн туясың. Кайда барбайын менин жүрөгүмдөн да Ысыккөлүм,

көлгө танапташ төрт көчө айылым, айыл ичиндеги атам салган үч бөлмө там кетпейт.

Тээ илгери эмес 1950-жылдары эле Жууку капчыгайынын как жарып, мөңгүдөн түшкөн акактай суу акчу. Жуукунун суусу дечүбүз. Суунун тунуктугунан өстөндүн түбүндөгү шагыл түгүл, кум саналчу. Ысыккөлгө куйчу. Саратан жайда Жуукунун суусунан бир ууртаган адам чай түгүл кымызды эңсечү эмес. «Көлдүн касиетин терендеткен ушул суулар» – дечү атам. «Жаманды айтпаса жакшынын баркы билинбейт» дегендей атам катуу ооруп, түбөлүктүү сапарына узаарында Жуукунун суусун күсөдү. Чарт жарылып, керберсиген эриндерин зорго эпке келтирип: «Ата-аа, Жуукунун суусунан бир ууртасам...» – деп энтиге сүйлөп, кареги күйдү. Муздаткычтын тоңдурмасына атайын атам үчүн салынган шыргалаң суу таңдайына татыбады. «Даамсыз. Жылымык!» – деп атты. Чиркин, ошондо жер сыйпалай карайлап, Жуукунун суусуна жеталбадык. Алыстыгынан эмес, жоктугунан өксүдүк. Чалкайган өзөн ташка какап, кургап калыптыр. «Тышка алып чыккылачы, аба жутайын?» – деди атам. Райымбек абам жамынып жаткан шейшебине орой тышка көтөрүп чыкты. Атам мөңгү баскан тоолорду сугула тиктеп, аптыга дем алып атты. Ошол турпатында бизге киндик кан тамган жердин ыйыктыгын бар ынтаасы менен туюндургансыды. Ошентти. Ошентип: «Жуукунун суусунун шириндиги ай, муздактыгы ай!..» – деп эңсөөсү жанбаган боюнча кете берди атам. Ошондон бери, өзөн кургабаса экен, көл бөксөрбөсө экен, жер тозбосо экен деп тилейм.

*2000.*

## КӨЛ ЖАНА КАР

Жер менен кошо жаралгансып, кабатталган касабанын кучагында көл чыйрыгууну билбей термелип жаткандыр. Термелип жатып, чөйчөгүнө эленген карды боткодой жейт. Кар көлдү ныксырата тойгузуп туруп, тондуруп салчудай дембе-дем эленет. Көл ансайын

соолоттонө кубулжуйт. Кар жаагандан чарчагандай басылат. Себеби көлдүн муюбастыгын сезет. Өзүнүн да баркын кетиргиси келбейт. Көл кардын ийилчээк сыйымдуулугун баалай мемирейт. Мемирөө менен кайтадан кардын салмактуу сампарын самайт. Самоосу тынчын алып, акжалданган толкунун жээкке ыргыта үшкүрүнөт. Ушул учурду күтүп тургансып, кар кайра эленет. Көл мемиреп ырахатка батат. Кар көлдүн жүзүн аймалап, жаай берет.

*15.12.2001.*

## КАРАГАТ ТЕРГЕН КЫЗ

Канча жашта экеним эсимде жок, айтор, мектепке баралек болчумун. Бир күнү эртең менен уйкудан жаңы ойгонгонубузда үзүк-туурдукту делпилдете улуп-уңшуган бороон башталды. Атам шаша кийинип, тышка жүгүрдү. Энем төшөгүнөн учуп туруп, түндүктүн киндиги сымал алкагынын эки жагына күрмөлгөн желбоолордун керегеге кыстарылган экинчи учун ала коюп, алаканына оройт тартып, коломтого чукул отура калды. Бороондун күчүнөн түндүк чайпала, кереге-ууктар какырап атты. Алгыр аталган иттерибиз каңшылай ыйлактап, үйдүн түбүнө тыгылды. Атам тыштан кере кулач четин казыкты алып кирип, ирегеде жаткан балта менен коломтонун башына кагып, энем тартып отурган желбоолорду ага байлады.

– Мал кантти? – деди энем кийинип атып.

– Мал жарыктык табакка салгандай ийрилип турат, – деди атам кайра тышка чыгып баратып, – мындай бороонду он үч жашымда көрдүм эле.

– Коркпой жат, отун алып келейин, – энем да чыгып кетти.

Жалгыздык заматта үрөйүмдү учурду. Эшикке чыккым келди. Эми турайын дегенимде үй кайрадан чайпала карчылдап, бороон кериле чыңалган желбоону кынына менен сууруп ыргытып, үйдү көтөрүп уччудай кирдиеттенди. Айкара тартылган түндүк жабуу бирде

чамгаракты чулгай, бирде бороонго кошоматтангансып, үзүк-туурдуктарды чапкылай далбактап атты.

«Эне!» – үнүм алкымымда кысылып, төшөгүмө жабыштым.

– Жашынып калдыңбы? –энемдин үнү чыкканда муун-жүүнүм бошой жууркандын жакасынан башымды чыгардым. Энем тыштан алып кирген бир колтук отунун коломтого жакын койду. – Ушулар колума араң тийди, – деди, – бороон чөркөдөн өйдө томолотуп кетиптир. Азыр от жагып, куймак куюп берем. – Коломтодогу корду ачты. Жайнай түшкөн чокко босогодогу ичегиден таштады. От бат эле тутанып, үйдүн ичи берекеге толо түштү. Төшөктөн кубана туруп, кийине баштадым. Үй кайрадан карчылдай солкулдады. Жалбырттай түшкөн жалын түндүктөн соккон бороондун капшабынан жалп өчтү. Үй ичин быкшыган кара түтүн жойлоду. Иттер жанын коёрго жер таппай жүрөк үшүн ала кыңшылады. Атам чалынып-урунуп, үйдүн бастырма аркандарын бекемдей тартып, казыктарды тээп көрүп, кайра кагып атты. Коркконумдан төшөгүмө кайра кирдим. Ат мамыда байлануу турган атамдын акбозу тыбырчылай ачуу кишенеди.

– Копшолгон жокпу? – Бети-колу бороондон түктөйгөн атам тыштан кире сала желбоо байланган казыкка жетти.

– Жер кумдак эмеспи, копшолчудай, – энем карышкан колдорун казыктан тартты.

– Муну мага коюп, оокатыңды жасай бер, – деди атам, – желбоо бышык, түндүк салмактуу, бастырма аркандар ойдогудай, туруштук берет.

– Бороондун кайтчудай түрү барбы? – Энем тынчсыздана сурады.

– Баш-аягы билинбей туңгуюктап жатат. Жогор жактан Санташ, төмөн жактан Улан чыгыптыр. Экөөнүн кармашынан бизди касиеттүү көл сактайт.

– Санташ менен Улан кайда жашайт? – Экөө азыр эле бул жерге жетип, үйүбүздү конторуп ыргытчудай сестейдим.

– Экөө качанкы бир жылдары эки башка чөлкөмдө жашаган, эли сап туткан эр жүрөк жигиттерден болуптур. Анда Ысыккөлдүн дайыны жок экен. Кудайдын

улуу күндөрүнүн биринде экөө чыгыш менен батыштан оюн куруп, куш салып чыгышып, нак ушул көл жаткан мейкиндикте жолугушат. Жолугушаары менен жийделүү жолдон перизаада кызды көрүшөт. Кыз көнөчөгү толтура карагат терип, жогорку боз чаптагы айылына кетип бараткан экен. Жигиттер кызды бири-биринен кызганып, бири-бирине найза сунат. Кыз: «Көл болоюн!» – деп көнөчөгүндөгү карагатын башынан ылдый төгүп жиберет. Көз ирмемде көөлгүгөн көл пайда болот. Санташ менен Улан чабындыдай көлдүн башаягына серпилет. Улан канчалык чамынса да Санташка, Санташ канчалык чамынса да Уланга жетпейт. Ачуусуна жендирген алптар акыры боройлогон бороонго айланып, көл бетинде кармашат. Көл толкуну менен экөөнү кайра чыгыш менен батышка сүрөт. Ошентип Санташ менен Уландын кармашы башталгандан бери нечендеген кылымдар өтүптүр.

– Борон басандап, толкун катуулады, – деди энем отту кайра тутантууга аракеттенип атып.

– Улан менен Санташты көл жарыктык ушул өкүм толкундары менен жолдоруна салат. Толкундун катуулаганы жакшылыктын жышааны, – деди атам.

Чамгарагыбыз чайпалбай уук-керегелердин карчылдагы тып басылды. Бирок толкун күчөгөндөн күчөп, дүйнө жүзүн калтоочудай күүлдөп-шаалдады.

– Кармаштары бүттү! – Атам ордунан шарт туруп, тышка чыкты. Артынан мен да жөнөдүм. Күркүрөгөн толкундар дембе-дем серпилип, Санташты чыгышка, Уланды батышка сүрүп жибергенсиди. Койлор бышкырына, чүчкүрүнө баштарын көтөрүп атты. Иттер үйдүн түбүнөн туруп, жойполондоп жаныбызга келди. Бирок толкун уламдан-улам катуулап, буркан-шаркан түштү. Баарыбызды жапшыра чапчудай үрөйүм учту.

– Чочуба, – акбозун токуп аткан атам салмактуу сүйлөдү, – Санташ менен Уландын тардыгына көл дале ачууланып атат. Мен койлорду аңызга чыгарайын эми коркунуч жок.

– Чай даяр, ичип алгыла, – энем үйдөн үн салды.

– Койлор үшүгөнүнөн калчылдай баштаптыр, чоп жыттап, денелери жазылсын, – деди атам, – азыр эле келем.

Энем да тышка чыгып, аңызды беттете кой айдашты. Жанында баратып, сеңирдей толкундарды карай:

– Улан менен Санташ кайра качан келет? – дедим атамдын жообун кызыга күтүп.

– Алар эрте жазда, кеч күздө, кээде жайдын толук учурунда деле чимирилип чыга калат. Бирок жанбүдөгө түшкөн мындай будуң-чаңы чанда болот.

Көз алдыма карагат терип жүргөн сулуу кыз элестеди. Кыздын чачы, кийими, көнөчөгү, ал тургай терген карагаты да аппак көрүндү. «Эгер ал кыздын ордунда мен болгонумда Улан менен Санташтын мизин биротоло кайтармакмын. Бахх-х-х, көл болгон кандай жакшы» – деген балалык кыялга баттым.

Азыр да ошондогу кыялым көңүлүмдү көтөрүп жиберет. Көл болуп калам. Өмүрдүн көл экенине ынанам!

*20.12.2001.*

## КЕЗДЕШҮҮ

– Саламатсыңбы көлүм? Салпаландап сагынып келгеним менен сени көргөндө оозумдан сөзүм түшүп, дал болуп калам. Жээгинде дал болуп отуруп, дал болуп кетем. Санаам далайларды сапырып, далайлар санаамды сапырат. Бала чагымда айылдыктар айткандай «акыл кембагалы» Сыйда аттуу киши: «Көлдүн жээгиндеги кумдардын так эсеби алынганда кыямат кайым болот», – деп кобурачу. «Оозуңа таш! – дечү Сулайка чоң энем, – кыямат кайым болбойт! Айтканың боюңдан ашпасын!» Бирок «акыл кембагалынын» сөзү бир топко эсимден кетпей сестенчүмүн. Ким эле жердин үстүастына көмкөрүлүп калганын каалясын. Жээгинде шаар куруп, ойноп отурганымда: «Кумунду эч кимге санатпа. Сен күчтүүсүң. Кереметсиң. Сага эч кимдин алы жетпейт» – деп кобурачумун. Күнү-түнү тынбай тор салган балыкчылардан кызганчумун. Азыр да сага чымын кондургум келбейт. Мүмкүн алаканыңдын отунда чоңойгондуктан мага өзгөчөдүрсүң. Толкунунда томолон-

гон учурларымды ар дайым жыргап эстейм. Себеби толкунуна чабылуудан сөз менен айтып бералгыс ырахат алчумун. Жайкысын айтпаганда да мезгил күздү таянганда кулачымды жая чалмаландай жүгүрүп, толкунунду тосчумун. Үйөрлөнгөн муздак толкун эрдемсинген мени түрмөгүнө орой чимирилткен соң жээкке топ эттире таштап койчу. Жүн жуурkандай былкылдаган кумга бата түшчүмүн. Кайра какай-чакай тура калып, экинчи, үчүнчү толкундарды беттечүмүн. Эгер атам же энем келип, шөмтүрөгөндө жетелеп кетпесе чыдамым канчага жетээрин ким билет эле. Айтор, күзгү оюндарымдын биринде да суук тийип, ооруган эмесмин.

Ал учурда айылдагы тестиерлердин бардыгы ат откозуп, ат сугарышчу. Ошондуктан алар менин көзүмө күнүгө чоңоюп аткандай көрүнчү. Суктанчумун. Суктангандыктан атка өзүм минип, өзүм түшалбасам да атамдан: «Атыңды откоройюнчу» – деп суранчумун. Атам кээде макул болуп: «Ээрге бүкчүйбөй бышык отур. Бышык отурбасаң ат чочуса учуп түшөсүң» – деп катуу эскертип, көтөрүп атка миңгизчү да чылбыр-тизгинди колума берчү. Дагы бир жолу ат откозуу бактысына ээ болдум. Жорго чалыш чабдарды жүгөрү аянтынын четиндеги макмалдай чөптөргө тойгузган соң сугармакка, көлүм, сага келдим. Суусуну канган соң тизгинин кайырбастан тыпылдата теминдим. Жайдын толук мезгили эле. Чабдар темингенимди күтүп тургансып, суу омуроосуна жеткенче жыла басты да анан кулагын тикчийте каалгый сүздү. Кемеде отургансып жыргадым. Кыйкырып мактанайын десем көз жеткен жерден адамдардын карааны көрүнбөдү. Чабдар сүзүп баратты. Жылдызданган жүзүңдү сугула тиктеп, тереңдикти этибарга албадым. Сен ого бетер ажардана жымырадың. Чабдар сүзүп баратты. Жыланаяк буттарымды жылуу, жумшак сыйпаладың. Өзүмө батпай өзүмдү өзүң менен кошо жаралгандай сездим. Чабдар сүзүп баратты. Тизгин тартууну ойлободум. Анткени оюмда эч кандай кооптонуу жок болчу. Бир маалда чабдар кошкура чочуду. Ээрден ыргыдым. Сууга сүзгөндү билчү эмесмин. Адеп бетинде бетаарчыдай каалгый калып, анан этек-жеңимден бирөө тарткандай төмөндөп бараттым. Балыктар колума, бутума, денеме урунуп атты. Бышырап тегере-

гимде жүргөнү менен бирин кармай албадым. Алардын айнек шариктей жылмакайлыгын жана куюндай тез жүрөөрүн мурда билчү эмесмин. Кырсыкка учурадым деген ой башыма келбеди. Себеби кимдир бирөөлөрдүн көлгө чөгүп, жок болгонун укпагам. Балыктардын арасынан бир күдүрөкөйү колума урунду. Шак кармадым. Туйлабады. Көлдүн чачы деп ойлодум. Эки колум тең бир өрүм чачка жабышты. Сүзүп бараттым... Калганы эсимде жок. Көзүмдү ачсам кум жыттап, жээкте жатыпмын. Саал козголо башымды көтөрдүм. Чабдар байлап койгондой жанымда туруптур. Колумдагы бир өрүм чач чабдардын жүгөнүнүн чылбыры экен. Чылбырдын уч жагы оң колумдун манжаларын бүрүштүрө ороп, алаканыма кысылыптыр. Байкуш чабдар аптап сөөгүнө жеткендей үлдүрөйт. Жээкке кантип чыкканымды элестете албай сенделе туруп, сени карадым. Кубулжуй көөлгүп, жымыңдай тиктедиң. Көңүлүм көтөрүлө түшүп, чабдарды айылды көздөй жетеледим. Чаңы буртулдаган жолдо илээлеп баратып да сени кылчак-кылчак карадым. Чабдарды качырбай чылбырды колума карматканың үчүн кубандым. «Чабдар качып кетсе уялбай үйгө кантип барат элем» – деп ойлодум. Сага ченебей ыраазы болдум.

Ошентип, алаканыңда торолдум. Эртең менен кучакташа көрүшүп, кечинде кучакташа коштошчубуз. Атам: «Кызым, балык болуп кетпе» – деп эркелетчү.

Акыркы жылдары сени менен өтө сейрек кездешсем да баягыдай эле алаканыңда отургансыйм. Үйүмдүн ичи көл жыттанып, толкунуң көзүмдүн чарасына толот. Кайрылып кездешчү күн качан болоорун болжой албайм...

*09.10.2003.*

## МАЗМУНУ


Жандүйнө кайрыктары ..................... 3

**АҢГЕМЕ-ЭССЕЛЕР, ЫРЛАР**

Тирүүлүк ..................... 5
Балалык ..................... 6
Санак жеткис адамдардын жүрөгү ..................... 7
«Мендин» үч түрү ..................... 7
Теңирдин казынасы ..................... 8
Азгырыкчылардын мыйзамы ..................... 8
Унутпа ..................... 8
Түнкү бороон ..................... 9
Аба ырайы жана адам ..................... 10
Майда оокат ..................... 10
Эриш-аркак бир инсан ..................... 11
Эки өмүрдүн бирин танда ..................... 12
Тагдырыма таарынбайм ..................... 13
Тышкы окшоштуктар ..................... 14
Акча адамды соробу же... ..................... 15
Пе сактайт ..................... 16
Бар белең... ..................... 17
Эмне көрдүм, эмнеге жеттим ..................... 17
Ким күнөөлүү? ..................... 21
Мен сүйгөн жамгыр ..................... 22
Чарчоо ..................... 24
Боз туман ..................... 25
Ит кечпеген турмуш ..................... 27
Кысымчылар ..................... 28
Кантсе да күлкү жакшы ..................... 28
Жаңы жылдын биринчи күнү ..................... 29
Үшүгөн жүрөктөр жана камгак ..................... 31
Өзгөчө коркунуч ..................... 32
Чычкан доору ..................... 34
Бир чал, эки кемпир ..................... 35
Кытай базар ..................... 38
Келе жаттым бүжүрөп ..................... 39
Кытай дүкөн ..................... 41
Кандалган казандар ..................... 41
«Өлгөн Адам алтын аяктан суу ичет» ..................... 42
Какшаган заман ..................... 42
Мен өзгөрдүмбү же башкаларбы? ..................... 43
Аруу тилек ..................... 44
Кара шамал ..................... 46
Желбеген нандар ..................... 47

**Көрөңгө сөздөр**

Атанын кайраты уулуна дем ........ 49
Молдонун курсагы ачпаса, селдесин оронбойт ........ 50
Кемпайга акыл айтсаң, кобурады дейт ........ 51
Чыныгы баатыр – өмүр колунда турган адам ........ 60
Аракечтин теңири – ичимдик ........ 61
Кары Адам – улуу чеп ........ 61
Аял – жер шарынын жүлүнү ........ 62
Сүйүү – өмүрдүн толуктоочу ........ 64
Кыз тарбиялаш кылымдык жумуш ........ 65
Ач көздүк – айыкпас дарт ........ 65

**Баамдар**

Көбөйсө экен ........ 67
Кызганычтын үч түрү ........ 67
Жаш жөнүндө ........ 68
Жашоо алфавиттери ........ 68
Аттиң ........ 69
Аял – мунарык ........ 70
Куракка карабайт ........ 70
Жаңы мүнөз ........ 71
Жерип турса ........ 72
Кыздар, силер теңирдин гүлүсүнөр ........ 72
Сатканына кубанып ........ 73
Белгисиздиктер ........ 75
Ким корот... ........ 75
Кайчы тилектер ........ 75
Таап кал ........ 76
Башка бакыт жок ........ 76
Жалгыз дары ........ 76
Карегин каканактайт ........ 76
Мүрөктүн суусу ........ 77
Чөгүп калыш заматта ........ 77
Эртелеп камдан ........ 77
Сүйкүмдүү жолдор ........ 77
Таарынбадым ........ 78
Үч жамандык ........ 78
Канткенде жакшы аял болосуң? ........ 78
Күн сенин энчинде ........ 80

**Минордук ноталар**

Эски араба ........ 83
Манас менен Бабурдан ........ 85
Түшөөрүң чын тозокко ........ 86
Кайда калды ........ 87
Бул тирликтин карыбы ........ 88

Тушап салат ........................................................ 88
Ачкабыз ........................................................ 89
Бир аялдын күйүтү ........................................................ 89
Эми жашайм дегенимде ........................................................ 90
Актагын ........................................................ 90
Бирок өзү... ........................................................ 91
Мансапкор ........................................................ 91
Жата бербе ........................................................ 91
Өксүтпө ........................................................ 91
Туубийке ........................................................ 92
Эссиз кылып койду го ........................................................ 93
Ооруканадагы маек ........................................................ 93
Тутуп ал ........................................................ 94
Учуп түшөм ........................................................ 95
Антарбагын ........................................................ 95
Капамын ........................................................ 95
Пир деймин ........................................................ 95
Сопусунам ........................................................ 96
Сейилдин арманы ........................................................ 96
Булакка ........................................................ 97
Жүрөк ыйлайт ........................................................ 97
Айландыргын бейишке ........................................................ 99
Наристе боло түштүм ........................................................ 99
Күнгө ........................................................ 99
Чындык ........................................................ 100
Жаштарга ........................................................ 100
Чыдоого болот канчага ........................................................ 101
Чоккүм келип ........................................................ 101
Теңирден башка жан билбес ........................................................ 102
Иттиги үчүн итинин ........................................................ 103
Өтсө да күтөм өмүрүм ........................................................ 104
Мекен – бала ........................................................ 105
Каргайм кээде өзүмдү ........................................................ 106
Кыялданат табийгат ........................................................ 106
1960-жылдын жигиттери ........................................................ 107
Акыйкаттан бир чымчым ........................................................ 108
Бүлүнбөсүн кемебиз ........................................................ 108
Бөлөк болуп каламбы ........................................................ 109
Сагаламын ........................................................ 110
Сенин, менин махабатым ........................................................ 111
Ысыккөл ........................................................ 111
Бололучу тизгиндеш ........................................................ 112
Сагыныч ........................................................ 113
Бекер кеп ........................................................ 113
Тоо ойнойт ........................................................ 114
Өзүмө насаат ........................................................ 114
Өкүнүп өтөт ........................................................ 115

Таруу айдаса талаага ........................................ 115
Сүйдүм эле ........................................ 115
Боз чымчык ........................................ 116
Шашылбай ........................................ 117
Жомоктоп несин айтайын ........................................ 117
Тулгага айланган адамдын арманы ........................................ 118
Бар беле досун ........................................ 119
Чертет ........................................ 119
Ак туюм ........................................ 119
Гүл өстүрдүм ........................................ 120
Анда-санда ........................................ 120
Желаргыдан өтүнүч ........................................ 120
Чечилемин ........................................ 120
Белгисиз ........................................ 121
Жаным менин ........................................ 121
Айга кайрылуу ........................................ 121
Ак жоолук ........................................ 122
Майласаң да ........................................ 122
Бурганак ........................................ 122
Тиктеп көрчү ........................................ 123
Кышкы жамгыр ........................................ 123
Эрте эсейээр ........................................ 124
Күмөндөр ........................................ 124
Айлуу түндө ........................................ 124
Коргойт сени ........................................ 124
Тебелендим ........................................ 125
Неберем Нурланга ........................................ 125
Шоона эшпей ........................................ 125
Жалган дебе ........................................ 125
Бир келиндин күйүтү ........................................ 126
Калсам экен ........................................ 126
Ыйлагыла чынарлар ........................................ 127
Оор салам ........................................ 128
Терикпегин ........................................ 128
Кара кыз ........................................ 129
Боз үй жана бороон ........................................ 129
Шек келтирбе ........................................ 129
Уурдап алдым ........................................ 130
Дүрт этмекмин ........................................ 130
Быйылкы жай ........................................ 131
Кулак кагыш ........................................ 131
Кыдыр тозсун жолуңдан ........................................ 132
Нарктуунун баркы кебелбес ........................................ 132
Түштөрүм ........................................ 133

Сактагын ........ 134
Кар ........ 134
Болдум кул ........ 134
Кечиргин ........ 135
Терезени ачык кой ........ 136
Терсң кетсе ........ 136
Айталбайт ........ 136
Калкы менен ........ 137
Таанып кал ........ 137
Тар болмокчу ........ 137
Барк кутсөм дейм ........ 137
Ойлор ........ 138
Белгисиздик ........ 138
Улукман акем үйрөткөн ........ 139
Жаздын үчүнчү күнү ........ 140
Карылык ........ 140
Конүлүм бүгүн ........ 141
Чойкондошту каргалар ........ 141
Бакыт издеп кеткен боорума ........ 142
Тапкың келсе ........ 143
Булуттар ........ 144
Мезгил келээр ........ 145
Таарыныч жок ........ 145
Мергенчи ........ 146
Туткунмун ........ 146
Аттиң дейт ........ 147
Кимди ким ........ 148
Жардылык ........ 149
Өзүң менен өзүңдү ........ 150
Тазаргын ........ 150
Балалык ........ 151
Алсам дейсиң ........ 151
Тең чыгуу жок ........ 152
Бектер кетип, бел калаар ........ 152
Сары түс көйнөк ........ 153
Тытынуу бар ........ 153
Горизонтум чекемде ........ 154
Козүн кысаар ........ 154
Колдосо экен ........ 155
О тагдыр ........ 156
Күн чубактап ........ 156
Бейиштин төрү ........ 157
Айтканда не ........ 157
Кыздын шыбырлары ........ 157

Курт түшпөсүн жериме ........ 161
Сүйүүгө ........ 161
Сактап турат ........ 162
Ыйыгым ........ 162
Жол удулу ........ 163
Эмне тийди өзүнө ........ 163
Аптап ........ 164
Түгөйлөр ........ 164
Бактылуумун ........ 165

**ЫСЫККӨЛ ТОПТОМДОРУ**
Өлбөстүктүн символу ........ 169
Бүкүр чалдын муңу ........ 170
Менин Меккем ........ 173
Тилегим ........ 175
Көл жана кар ........ 176
Карагат терген кыз ........ 177
Кездешүү ........ 180

*Көркөм-адабий басылма*

**Абдиева Токтош**

**МИНОРДУК НОТАЛАР**

*Ой толгоолор, аңгеме-эсселер, ырлар*

*(Кыргыз тилинде)*

Редактору *Жакин Теңирбергенова*
Сүрөт редактору *Мырзабек Кадыров*
Тех. редактору *Жумагүл Сооронкулова*
Компьютердик калыпка салган *Гүлзат Иманкулова*

Терүүгө 05.06.2006-ж. берилди. Басууга 26.06.2006-ж. кол коюлду. Офсет кагазы. Кагаздын форматы 84x108 $^1/_{16}$. Мектеп ариби. 11,5 физ. басма табак. 18,5 учеттук басма табак. Нускасы 500. Заказ № 183. Келишим баада.

«Бийиктик» басмасы
Киев көчөсү, 77. тел.: 66-75-58.

Токтош Абдиева

МИНОРДУК НОТАЛАР